Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги
Кыргызстан - Россия Славян Университети
Кыргыз тили кафедрасы

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ҮЙРӨНӨЛҮ

**(I деңгээл)**

**Бишкек – 2011**

**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги**

**Кыргызстан – Россия Славян университети**

**Кыргыз тили кафедрасы**

**Усекова А.А.**

# Кыргыз тилин үйрөнөлү

**(кыргыз тилин үйрөнүүчүлөр үчүн түзүлгөн окуу китеби)**

**I - деңгээл**

**Бишкек - 2011**

**УДК**
**ББК**
**У**

**Рецензенттери:** **филология илимдеринин доктору,**
**профессор К. Т. Токтоналиев,**
**педагогика илимдеринин доктору,**
**профессор К.А. Биялиев,**
**педагогика илимдеринин кандидаты,**
**доцент З.С.Сарылбекова.**

**Кыргызстан-Россия Славян Университетинин Окумуштуулар Кеңеши тарабынан басмага сунушталган.**

**Усекова А.А.**
**Кыргыз тилин үйрөнөлү (кыргыз тилин үйрөнүүчүлөр үчүн окуу китеби). I - деңгээл. – Бишкек: КРСУ, 2011. - … б.**

**Бул окуу китеби эки бөлүктөн турат. Окуу китеби окуу компетенциясын жана тилдик компетенцияны эске алуу менен түзүлгөн.**

**1-бөлүгүндө жөндөмөлөр системасы, этиштин учур жана келер чагы сыяктуу грамматикалык темалар берилген. Ал эми 2-бөлүгүндө этиштин өткөн чагынын формалары, этиштин айрым аналитикалык формалары, этиштин ыңгайлары сыяктуу грамматикалык материал камтылып, аларды көнүгүүлөр, диалогдор, тексттер толуктап турат.**

**Окуу китеби кыргыз тилин үйрөнүүчүлөргө, жогорку окуу жайларынын студенттерине, кыргыз тилин окуткан окутуучуларга арналат.**

**КРСУ, 2011**

# Киришүү

Кыргыз тилин башка улуттун өкүлдөрүнө мамлекеттик тил катары окутуу маселеси азыркы мезгилдин талабы. Мына ушундан улам кыргыз тили мугалимдеринин, окутуучуларынын жана тилчи-окумуштуулардын алдында көп маселелелер турат. Аны чечүүдө методикалык иштелмелердин, окуу китептеринин ролу чоң. Кыргыз тилин үйрөнүүдө бир нече деңгээлден өтүү зарыл. Эң биринчи деңгээл - бул тилдин эң жөнөкөй формасын колдоно билүү.

Окуу китебинин түзүлүш структурасы төрт баскычка бөлүнүп, дидактикалык принциптин негизинде жеңилден оорго, жөнөкөйдөн татаалга карай ар бир сабактын активдүү лексикалары, функционалдуу грамматикалары берилген.

Алар тема боюнча сүйлөшүү кырдаалы менен байланышкан коммуникативдик максаттагы кеп үлгүлөрү, тексттер жана көнүгүүлөр аркылуу кыргыз тилин өздөштүрүүгө натыйжалуу шарт түзөт.

Тилге үйрөнүү лексика-грамматикага, ошондой эле окуу, жазуу жана сүйлөө ишмердүүлүгүнө негизделип, тил үйрөнүүчүлөрдүн сөз байлыгын жана байланыштуу кебин өстүрөт.

«Келиңиз үйрөнөлү» баскычындагы грамматикалык каражжаттар дидактикалык көнүгүүлөр системасында бышыкталып, практика жүзүндө сабаттуу жазууга жана сүйлөшүүгө жетишет.

«Келиңиз сүйлөшөлү» баскычындагы тематикалык-кырдаалдык сүйлөшүүлөрдү өздөштүрүүдө тилди пикир алышуунун каражаты катарында колдоно алууга жетишет.

Бул окуу куралы төрт бөлүктү камтыды:

1. Лексика, грамматика
2. Окуу (чтение)
3. жазуу (письмо)
4. Сүйлөө (говорение)

Бул окуу куралы кыргыз тилин үйрөнүүчүлөр үчүн жардамчы курал болоруна ишенемин, деп автор Усекова А.А.

# Мазмуну


| **Сабактын номуру**<br><br>**Номер урока** | **Сабактын темасы**<br><br>**Тема урока** | **Бети**<br><br>**Страница** |
|---|---|---|
| 1 | Бул ким? Бул эмне? | 6 |
| 2 | Суроолуу -бы мүчөсү | 13 |
| 3 | Таандык мүчөлөр | 18 |
| 4 | Көптүк сан | 24 |
| 5 | Жатыш жөндөмөсү | 29 |
| 6 | Баяндоочтук мүчө | 34 |
| 7 | Жалпы таандык мүчөлөр | 40 |
| 8 | Илик жөндөмөсү | 45 |
| 9 | «Экен» деген бөлүкчөнүн колдонулушу | 50 |
| 10 | Барыш жөндөмөсү | 55 |
| 11 | Этиштин учур чагы | 60 |
| 12 | Жөнөкөй учур чагы | 60 |
| 13 | Сан атооч | 66 |
| 14 | Нагыз учур чак | 72 |
| 15 | Табыш жөндөмөсү | 79 |

| | | |
|---|---|---|
| 16 | Табыш жөндөмөсү | 79 |
| 17 | Сын атооч | 88 |
| 18 | Чыгыш жөндөмөсү | 93 |
| 19 | Жактама ат атоочтордун жөндөлүшү | 99 |
| 20 | Этиштин келер чагы<br>Айкын келер чак | 103 |
| 21 | Арсар келер чак | 111 |
| 22 | Татаал келер чак | 117 |
| 23 | Айкын өткөн чак | 123 |
| 24 | Үчүнчү жактын таандык мүчөсү уланган сөздөрдүн жөндөлүшү | 129 |

# 1-сабак

## ТЕМА: Бул ким? Бул эмне?

## (кто это? что это?)

***Бул ким? – Бул Адыл**

***Бул ким? – Бул мугалим**

***Булар кимдер? –Булар окуучулар**

***Бул эмне? – Бул китеп**

***Бул эмне? – Бул мышык**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**Имена существительные (зат атооч) в кыргызском языке отвечают на вопросы ким? эмне? Вопрос ким? задается к человеку, а вопрос эмне? - ко всем остальным одушевленным и неодушевленным существительным.**

**Одушевленные существительные, выступающие в роли подлежащего, согласуются со сказуемым в числе: Студент окуйт (Студент учится) - Студенттер окушат (Студенты учатся).**

**При неодушевленных существительных согласование в числе отсутствует: Китеп үстөлдө жатат (Книга лежит на столе) - Китептер үстөлдө жатат (Книги лежат на столе).**

**Имя существительное обладает категориями принадлежности, числа, падежа и сказуемости.**



***Келиңиз жаттайлы***

**Бул – это, тигил - тот, тетигил - вон тот, мугалим – учитель, кичирайон – микрорайон, кайда – где, бул жерде – здесь, тигил жерде – там, жашайт – живет, дарыгер – доктор, дагы – тоже.**

Бул Адыл. Ал мугалим. Бул «Жал» кичирайону. Адыл бул жерде жашайт. Тигил жерде Алтынай. Ал дарыгер. Ал дагы бул кичирайондо жашайт.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Бул ким?
2. Адыл ким?
3. Ал кайда жашайт?
4. Алтынай ким?
5. Ал кайда жашайт?

## *Келиңиз жаттайлы*

**Оорукана – больница, мектеп – школа, үй – дом, батир – квартира, кабат – этаж, номур – номер, короо – двор, кайсы – какой, который.**

Бул «Жал» кичирайону. Бул жерде Адыл жана Алтынай жашайт. Бул оорукана. Бул жерде Алтынай иштейт. Бул номур он экинчи мектеп. Бул жерде Адыл иштейт. Бул номур бешинчи үй. Бул жерде Адыл менен Алтынай жашайт. Бул үчүнчү батир. Бул жерде Сапар байке жашайт. Бул экинчи кабат. Бул кабатта Адыл жана Алтынай жашайт.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Бул эмне?
2. Бул жерде ким жашайт?
3. Бул кайсы мектеп?
4. Бул мектепте ким иштейт?
5. Адыл жана Алтынай кайсы үйдө жашайт?
6. Сапар байке кайсы батирде жашайт?



## *Келиңиз сүйлөшөлү*

- Бул ким?
- Бул Адыл.
- Ал кайда?

- Ал бул жерде.
- А бул ким?
- Бул Алтынай.
- Ал кайда?
- Ал тигил жакта.
- Бул эмне?
- Бул мектеп.
- Бул кайсы мектеп?
- Бул он экинчи мектеп.
- Бул жерде ким иштейт?
- Бул жерде Адыл иштейт.
- Ал кайда жашайт?
- Ал «Жал» кичирайонунда жашайт.

- Саламатсызбы, чоң кыз.
- Саламатсызбы.
- Сиздин атыңыз ким?
- Арууке.
- Менин атым Максат. Таанышканыма кубанычтамын. Сиз студентсизби?
- Ооба, Улуттук университетте окуйм. Сизчи?
- Мен да студентмин.

- Саламатсызбы, таанышып албайлыбы?
- Саламатсызбы, менин атым Самара.
- Менин атым Гүлзат, таанышканыма кубанычтамын.
- Мен дагы. Сиз иштейсизби же окуйсузбу?
- Мен иштейм. Кесибим дарыгер. Сизчи?
- Мен  катчы болуп иштейм. Сиз Бишкектиксизби?
- Ооба, мен Бишкекте жашайм.

- Саламатсызбы
- Салам, Назарбек.
- Салам Данияр, кандайсың?
- Ырахмат, жакшы, өзүң кандайсың? Ден-соолугуң, окууң кандай?
- Жаман эмес.

- Ассалам алейкум, Темир байке.
- Алейкум ассалам, Жолдош.
- Кандай турасыз, Темиркан байке, ден-соолугуңуз жакшыбы?
- Ырахмат, баары жакшы, өзүңдүн иштериң кандай?
- Жакшы, ырахмат.

- Саламатсыңарбы, балдар.
- Саламатсызбы,  Элмира Муратовна.
- Кандайсыңар, балдар, окууларыңар жакшыбы?
- Эң жакшы, сиздин ден-соолугуңуз, иштериңиз кандай?
- Жаман эмес.



***Көнүгүүлөр***

**1-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү белгиленген сөздөргө ким? эмне? суроолорун бергиле.**

1. Бул *китеп* – Бул  эмне?
2. Тигил *окуучу* – Тигил …?
3. Ал *Марат* – Ал …?
4. Бул *досум* – Бул …?
5. Тигил *сүрөт* – Тигил …?
6. Тээтигил *үй* – Тээтигил …?
7. Бул *сөздүк* – Бул …?
8. Тигил *апам* – Тигил …?
9. Бул *көчө* – Бул …?
10. Ал *мүдүр* – Ал …?

**2-көнүгүү. Төмөнкү суроолорго туура жооп бергиле.**

| | |
|---|---|
| 1. Бул ким? | 1. Тигил үй. |
| 2. Тигил эмне? | 2. Тээтигил Назира. |
| 3. Тээтигил эмне? | 3. Бул китепбаштык. |
| 4. Тигил ким? | 4. Бул окутуучу. |
| 5. Бул эмне? | 5. Тигил атам. |
| 6. Тээтигил ким? | 6. Тигил көчө. |
| 7. Бул эмне? | 7. Бул мектеп. |
| 8. Тигил эмне? | 8. Тээтигил дүкөн. |

**3-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү белгиленген сөздөргө ким? эмне? деген суроолорду туура бергиле.**


1. **Менин атам** инженер – **Ким** инженер?
2. **Асыл** мектепте иштейт.
3. **Китеп** үстөлдө жатат.
4. **Сен** студентсиң.
5. **Дептер** жаңы.
6. **Анын досу** Бишкекте жашайт.
7. **Терезе** ачык.
8. **Самара** бул жерде иштейт.
9. **Биз** Кыргызстанда жашайбыз.
10. **Сиз** окутуучусуз.

**4-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү которгула.**

1. Это кто? ____________________________________________
2. Это Анара ___________________________________________
3. Тот кто?____________________________________________
4. Тот Семен ___________________________________________
5. Это что?____________________________________________
6. Это ручка? __________________________________________
7. Вон то что? _________________________________________
8. Вон та машина _______________________________________

**5-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү бүтүргүлө.**

1. Бул 
2. Тигил 
3. Тетигил 
4. Бул 

5. Тигил 

6. Тетигил 

**6-көнүгүү. Берилген сөздөрдөн сүйлөмдөрдү түзгүлө.**

1. Китеп, тигил, эмес, жаңы.
2. Турат, бул, үй, чоң, Бишкекте.
3. Тигил, менин, кыз, досум.
4. Тоолор, тетиги, бийик, экен, абдан.
5. Бул, Жал, жашайт, кичирайонунда, адам.

**7-көнүгүү. Берилген суроолордун туура жоопторун тапкыла.**

| | |
|---|---|
| 1. Бул ким? Ал кайда жашайт. | 1. Булар кыздар. Алар короодо турат. |
| 2. Бул эмне? Ал кызыктуубу? | 2. Тетигил мектеп. Ал чоң. |
| 3. Тигил ким? Ал иштейби? | 3. Бул китеп. Ал кызыктуу. |
| 4. Тетигил эмне? Ал чоңбу? | 4. Тиги калемсап. Ал 20 сом турат. |
| 5. Булар кимдер? Алар кайда турат? | 5. Тигил Азамат. Ал студент. |
| 6. Тиги эмне? Ал канча сом турат? | 6. Бул менин досум. Ал Бишкекте жашайт. |

**8-көнүгүү. Берилген сүйлөмдөрдү которгула.**

1. Что это? – Это стул.
2. Вон тот кто? – Он наш сосед.
3. А это кто? – А это Самара. Она моя подруга.
4. А это что? – А это портфель. Он новый.
5. Кто это? – Это Дамир, он учится в №5 школе.

# 2-сабак

## ТЕМА: Суроолуу «бы» мүчөсү

## (вопросительный аффикс –бы)

*** Бул китеппи?**

*** Ооба, бул китеп.**

*** Жок, бул китеп эмес, бул дептер.**

*** Бул Адылбы?**

*** Ал мугалимби же куруучубу?**

*** Ал мектепте иштейби?**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**В кыргызском языке общий вопрос строится при помощи вопросительных аффиксов –бы, -би, -бу, -бү (если основа оканчивается на гласную или звонкую согласную); -пы, -пи, -пу, -пү (если основа на глухую согласную), которые присоединяются к последнему слову в предложении. Например: Бул Бишкекпи? – Это Бишкек? Тигил Элмирабы? – Та Эльмира?**



***Келиңиз жаттайлы***

**Дептер – тетрадь, көп – много, бөлмө - комната, дубал – стена, саат – часы, терезе – окно, эшик – дверь, тигил – тот, көчө - улица, тэтигил – вон тот, чоң – большой, кичинекей – маленький.**

Бул бешинчи үй. Бул жерде көп батир бар. Тигил төртүнчү батир. Ал жерде Адыл менен Алтынай жашайт. Батир чоң. Тэтигил Сапар байке. Ал үчүнчү батирде жашайт. Ал айдоочу. Ал чоң компанияда иштейт.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Бул бешинчи үйбү?
2. Бул жерде көп батир барбы?
3. Тигил төртүнчү батирби же алтынчы батирби?
4. Батир кичинекейби?
5. Сапар байке төртүнчү батирде жашайбы?
6. Сапар байке куруучубу же айдоочубу?
7. Ал мектепте иштейби?

Бул Адыл менен Алтынай. Алар «Жал» кичирайонунда жашайт. Адыл мугалим, а Алтынай дарыгер. Адыл 35 жашта. Ал он экинчи мектепте иштейт. Алтынай 32 жашта. Ал ооруканада иштейт. Бул төртүнчү батир. Бул батир чоң жана кооз. Батирде төрт бөлмө бар. Бөлмөдө эшик, терезе бар. Дубалда саат бар.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Булар кимдер?
2. Адылбек менен Алтынай «Тунгуч» кичирайонунда жашайбы?
3. Адыл окутуучубу?
4. Ал мектепте иштейби?
5. Алтынай 30 жаштабы?
6. Ал ооруканада иштейби?
7. Адыл менен Алтынай бешинчи батирде жашайбы?
8. Бул канчанчы батир?
9. Батирде эки бөлмө барбы?
10. Дубалда саат барбы же жокпу?



***Келиңиз сүйлөшөлү***

-Бул ким?

- Бул Адыл.

- А бул ким?

- Бул Алтынай.

- Адыл кайда жашайт.

- Ал «Жал» кичирайонунда жашайт.

- Ал иштейби?

- Ооба, ал мугалим, мектепте иштейт.

- Алтынай кайда иштейт?

- Ал ооруканада иштейт.



***Көнүгүүлөр***

**1-көнүгүү. Берилген сүйлөмдөргө суроо бергиле.**

1. Бул чоң короо. ________________________________?
2. Тигил сенин үйүң. ________________________________?
3. Ал биздин апабыз. ________________________________?
4. Тээтигил атамдын машинеси. ________________________________?
5. Тигил менин бөлмөм. ________________________________?
6. Бул кызыктуу китеп. ________________________________?
7. Бул Бишкек шаары. ________________________________?
8. Тигил Манас көчөсү. ________________________________?
9. Ал дарыгер. ________________________________?
10. Бул уюлдук телефон. ________________________________?

**2-көнүгүү. Төмөнкү суроолорго оң жана терс жоопторду бергиле.**

***Үлгү**: Бул жагообу? –* *Ооба, бул жагоо.*

*Жок, бул жагоо эмес.*

1. Бул саатпы? - Ооба, _______

Жок, ______________

2. Бул Дастанбы? - Ооба, _______

Жок, ______________

3. Тигил катпы? - Ооба, _______

Жок, ______________

4. Тээтигил биздин мугалимби? - Ооба, _______

Жок, ______________

5. Бул биздин корообу? Ооба, _______

Жок, ______________

6. Тигил сейилбакпы? Ооба, _______

Жок, ______________

7. Тээтигил Айдайбы? Ооба, _______

Жок, ______________

8. Бул үстөлбү? Ооба, _______

Жок, ______________

**3-көнүгүү. Суроолорго туура жооп бергиле.**



- Бул кол саатпы? Ооба, …. Жок, ….



- Бул көйнөкпү? Ооба, …. Жок, ….



- Бул чемоданбы? Ооба, …. Жок, ….



- Бул кантпы? Ооба, …. Жок, ….



- Бул шымбы? Ооба, …. Жок, ….



\- Бул китеппи? Ооба, …. Жок, ….



\- Бул катпы? Ооба, …. Жок, ….



\- Бул майбы? Ооба, …. Жок, ….

**4-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү которгула.**

1. Это дом? – Нет, это не дом, это магазин.
2. Это тетрадь? Да, это тетрадь.
3. Те горы? – Да, те наши горы.
4. Вон тот Азамат? – Нет, тот Алыбек.
5. Это большой портфель? – Да, это очень большой портфель.

**5-көнүгүү. Берилген суроолорго жооп бергиле.**

1. Китеп пайдалуубу?
2. Кыргызстан чоң мамлекетпи?
3. Сүт ачуубу?
4. Бал таттуубу?
5. Ысык-Көл тереңби?
6. Пил кичинекейби?
7. Тамеки зыянбы?
8. Дос керекпи?
9. Таш жумшакпы?
10. С. Чокморов сүрөтчүбү?

# 3-сабак

## ТЕМА: Таандык мүчөлөр

## (окончания принадлежности)

- **Бул менин байкем.**
- **Ал мугалим болуп иштейт.**
- **Анын аты Адыл.**
- **Адыл менен Алтынай «Жал» кичирайонунда жашайт.**
- **Алардын эки баласы бар.**
- **Биздин кошунабыз Сапар байке.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**Категорией принадлежности называется грамматическая категория, присущая всем именам существительным и обозначает принадлежность одного предмета другому предмету или лицу. Варианты аффикса присоединяются согласно закону сингармонизма. В предложении аффиксы принадлежности могут употребляться и без притяжательных местоимений. Например: Апам – баардгер (Моя мама пенсионерка).**

**Жактама ат атоочтор**

| | |
|---|---|
| **Мен – Биз** | **Менин – Биздин** |
| **Сен – Силер** | **Сенин – Силердин** |
| **Сиз – Сиздер** | **Сиздин – Сиздердин** |
| **Ал – Алар** | **Анын – Алардын** |

**Таандык мүчөлөр**

| Жактама ат тоочтор | Зат атоочтор | Таандык мүчөлөрдүн варианттары |
|---|---|---|
| Менин<br>Сенин<br>Сиздин | Ата***м (отец)***, ат***ым (имя)***<br>ата***ң***, ат***ың***<br>ата***ңыз***, ат***ыңыз*** | -м, -ым, -им, -ум, -үм;<br>-ң, -ың, -иң, -уң, -үң;<br>-ңыз, -ңиз, -ңуз, -ңүз; -ыңыз, -иңиз, -уңуз, -үңүз; |

| | | |
|---|---|---|
| Анын | ата***сы***, ат***ы*** | -сы, -си, -су, -сү; -ы, -и, -у, -ү; |
| Биздин | ата***быз***, ат***ыбыз*** | -быз, -биз, -буз, -бүз, -ыбыз; -ибиз, -убуз, -үбүз; |
| Силердин | ата***ңар***, ат***ыңар*** | -ңар, -ңер, -ңор, -ңөр; -ыңар, -иңер, -уңар, -үңөр |
| Сиздердин | ата***ңыздар***, ат***ыңыздар*** | -ңыздар, -ңиздер, -ңуздар, -ңүздөр; -ыңыздар, -иңиздер, -уңуздар, үңүздөр; |
| Алардын | ата***сы***, ат***ы*** | -сы, -си, -су, -сү; -ы, -и, -у, -ү; |

**** китеп + им = китебим, топ +ум = тобум (п – б)***

**** бак + ы = багы, көйнөк + үң = көйнөгүң (к – г)***



## *Келиңиз жаттайлы*

**Менин атым – мое имя, окуйм – учусь, менин үй-бүлөм – моя семья, сенин үйүң – твой дом, дарек – адрес, канча жашта? – сколько лет?, анын аты – его (ее) имя, алардын кызы – их дочь, алардын уулу – их сын, менин атам – мой отец, менин апам – моя мама, бааргер – пенсионер, анын иниси – его (ее) младший брат, бир туугандар – родные, сиздин балдарыңыз – ваши дети.**

Менин атым Айсулуу. Мен Бишкекте жашайм. Мен университетте окуйм. Менин үй-бүлөм да Бишкекте жашайт. Менин атам – Адилет Кадырович. Ал банкта эсепчи болуп иштейт. Менин апам – Каныкей Асановна. Ал университетте окутуучу болуп иштейт. Менин байкем бар. Анын аты Адыл. Ал 35 жашта. Анын аялы бар. Анын аты Алтынай. Алардын эки баласы бар. Алардын кызы 12 жашта. Анын аты Айдай. Айдай мектепте окуйт. Анын иниси Бакыт 5 жашта. Ал бала бакчага барат. Менин байкем үй-бүлөсү менен «Жал» кичирайонунда жашайт.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Айсулуу ким?
2. Ал кайда жашайт?
3. Айсулуу мектепте окуйбу?
4. Анын үй-бүлөсү кайда жашайт?
5. Анын атасы иштейби?
6. Анын апасы мугалимби?

7. Анын байкеси кайда жашайт.

8. Адылдын аялы барбы?

9. Адылдын канча баласы бар?

10. Адылдын канча кызы жана канча уулу бар?

Бул Айсулуу. Ал 20 жашта. Айсулуу кыргыз. Ал студент. Ал Кыргыз улуттук университетте окуйт. Ал болочок экономист. Ал ата-энеси менен Бишкекте «Асанбай» кичирайонунда жашайт. Айсулуунун атасы банкта, ал эми апасы университетте иштейт. Анын бир байкеси бар. Анын аты Адыл. Адыл үйлөнгөн. Ал үй-бүлөсү менен «Жал» кичирайонунда жашайт. Анын бир кызы жана бир уулу бар. Айсулуу аларды жакшы көрөт.



***Келиңиз сүйлөшөлү***

- Саламатсызбы, сиздин атыңыз ким?
- Саламатчылык, менин атым Айсулуу.
- Менин атым Атай.
- Абдан кубанычтамын.
- Мен дагы.
- Айсулуу, сиз окуйсузбу?
- Ооба, мен университетте окуйм.
- Мен да студентмин, сиз кайда жашайсыз?
- Мен «Асанбайда» жашайм. А сизчи?
- Мен «Жал» кичирайонунда жашайм.
- Ал жерде менин байкем жашайт.
- Сиздин канча бир тууганыңыз бар?
- Менин бир байкем бар.
- Анын аты ким?
- Анын аты Адыл. Ал 35 жашта.
- Ал ким болуп иштейт?
- Ал мектепте мугалим болуп иштейт.



## *Көнүгүүлөр*

**1-көнүгүү. Аталган сүйлөмдөр тексттин мазмуну боюнча дал келеби?**

**Үлгү: Айсулуу мектепте окуйт – Туура эмес (ал университетте окуйт).**

| | | |
|---|---|---|
| 1. Айсулуу 18 жашта. | Туура | Туура эмес |
| 2. Айсулуу болочок дарыгер. | Туура | Туура эмес |
| 3. Анын үй-бүлөсү «Асанбай» кичирайонунда жашайт. | Туура | Туура эмес |
| 4. Айсулуу казак. | Туура | Туура эмес |
| 5. Айсулуу студент. | Туура | Туура эмес |
| 6. Анын ата-энеси бааргерлер. | Туура | Туура эмес |
| 7. Анын эки байкеси бар. | Туура | Туура эмес |
| 8. Анын байкеси куруучу. | Туура | Туура эмес |

**2-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна таандык мүчөсүн улагыла.**

1. Менин үйбүлө… Бишкекте турат.
2. Бул сенин калемсап…
3. Биздин өлкө… тоолуу.
4. Анын эже… окутуучу.
5. Сиздин ата-эне… бааргер.
6. Силердин шаар… абдан кооз экен.
7. Алардын байке… студент.
8. Сиздердин кошуна… айдоочубу?
9. Менин китеп… кызыктуу.
10. Сиздин дептер… барбы?

**3-көнүгүү. Бош орундарга керектүү ат атоочторду койгула.**

***Үлгү*:** Бул ________ бөлмөсү.

Бул анын бөлмөсү.

1. Ал ______________ мугалимибиз.
2. Бул жерде ___________ үйү жайгашкан.
3. Саламатсызбы, ____________ атыңыз ким?
4. Бул _____________ бөлмөңүз.
5. Үстөлдүн үстүндө ____________ дептерим жатат.
6. ____________ дарегиңер кандай?
7. Тигил __________ саатыңызбы?

8. Тигил ________________ дептери.

9. Бул __________________ шаарыбыз.

10. «Жал» кичирайонунда _____________ үй-бүлөм жашайт.

**4-көнүгүү. Берилген сөздөрдөн сөз айкаштарын жасагыла.**

| | |
|---|---|
| 1. Биздин | 1. досуңуз |
| 2. Сиздин | 2. уулум |
| 3. Менин | 3. батириңиздер |
| 4. Силердин | 4. балдары |
| 5. Анын | 5. шаарыбыз |
| 6. Сиздердин | 6. кызың |
| 7. Сенин | 7. атасы |
| 8. Алардын | 8. кошунаңар |

**5-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна таандык мүчөлөрдү улап жазгыла.**

1. Менин үй-бүлө… Бишкекте жашайт.
2. Биздин үй… «Асанбай» кичирайонунда.
3. Сиздин дарек… кандай?
4. Сиздин ат… ким?
5. Сенин ден-соолук… кандай?
6. Сенин бир туугандар… барбы?
7. Алардын батир… экинчи кабатта.
8. Биздин шаар… абдан кооз.

**6-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү которгула.**

1. Это мой старший брат.
2. Где учится твой брат?
3. Как его зовут?
4. Ваш город большой?
5. Да, наш город большой и красивый.
6. Их дом в центре.
7. Ваш сосед где работает?
8. Мой друг хорошо говорит по-кыргызски.

**7-көнүгүү. Берилген сөздөрдөн сүйлөмдөрдү түзгүлө.**

1. Атаң – эмне – жатат – сенин – кылып?
2. Биздин – алыс – үйүбүз – турат – шаардан.
3. Иштейт – эжеси – дүкөндө - анын.
4. Жумушуңуз – канчада – башталат – адатта – сиздин – саат?
5. Борбордо – силердин – турабы – ишканаңар?
6. Алардын – Караколдо – туугандары – жашайт.
7. Убактыңыздар – болобу – бош – сиздердин – жумада – бул?
8. Көп – жашайт – жылдан – Бишкекте – үй-бүлөм – менин – бери.

**8-көнүгүү. Берилген сөздөрдү жак боюнча өзгөрткүлө.**

- Менин атам, китебим, кошунам
- Сенин ________________________________
- Сиздин ________________________________
- Анын ________________________________
- Биздин ________________________________
- Силердин ________________________________
- Сиздердин ________________________________
- Алардын ________________________________

**4-көнүгүү. Эки сүйлөмдү бириктирип жазгыла.**

| | |
|---|---|
| 1. Менин досторум | 1. бош убактың болобу? |
| 2. Сенин эртең | 2. туура эмес. |
| 3. Сиздин калемсабыңыз | 3. саат канчада башталат? |
| 4. Анын ата-энеси | 4. университетте окушат. |
| 5. Биздин шаарыбыз | 5. абдан кооз экен. |
| 6. Силердин жообуңар | 6. Бишкек деп аталат. |
| 7. Сиздердин сабагыңыздар | 7. мектепте иштейт. |
| 8. Алардын машинеси | 8. жазбай жатабы? |

# 4-сабак

## ТЕМА: Көптүк сан

## (множественное число)

- **Бул китеп – Бул китептер.**
- **Бул дептер – Бул дептерлер.**
- **Бул кыз – Бул кыздар.**
- **Бул тоо – Бул тоолор.**
- **Бул бала – Бул балдар.**
- **Бул эки китеп.**
- **Менин китептерим.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**Множественное число в кыргызском языке образуется при помощи аффиксов -лар, -лер, -лор, -лөр (если основа на гласную или на й, р); -дар, -дер, -дор, -дөр (если основа на звонкую согласную); -тар, -тер, -тор, -төр (если основа на глухую согласную). Например: үй – үйлөр, адам – адамдар, мектеп – мектептер.**

**Исключение составляет слово бала – балдар (а не балалар).**

**Следует отметить, что существительное при употреблении с числительным не имеет аффикс множественности: алты дептер, жүз адам, миң үй;**

**Если к слову необходимо присоединить аффикс множественности и принадлежности, то сначала присоединяется аффикс множественного числа, затем аффикс принадлежности: Биздин китеп + тер + ибиз; менин дос + тор + ум;**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Апа + лар** | **тоо + лор** | **терезе + лер** | **үй + лөр** |
| **Ыр + лар** | **кол + дор** | **калем + дер** | **күн + дөр** |
| **Окучу + лар** | **короо + лор** | **китеп + тер** | **сүрөт + төр** |
| (а, ы, у) | ( о ) | ( е, и, э ) | ( ө, ү ) |



### *Келиңиз жаттайлы*

**Үйлөнгөн – женат, күйөөгө чыккан – замужем, туугандар – родственники, байке – старший брат, эже – старшая сестра, ини – младший брат, карындаш – младшая сестра (для мужчин), сиңди – младшая сестра (для женщин), жезде, күйөө бала - зять, жеңе, келин – сноха, небере – внук, внучка.**

Бул Сапар байке. Ал «Жал» кичирайонунда жашайт. Сапар байке 50 жашта. Ал айдоочу болуп иштейт. Анын аялы Замира эже. Ал 45 жашта. Замира эже бала бакчада мүдүр болуп иштейт. Алардын балдары бар. Алардын уулу Асылбек. Ал 26 жашта. Асылбек үйлөнгөн. Анын аялы Анара, ал 25 жашта. Алардын эки уулу бар. Асылбектин карындашы Асия 24 жашта. Асия күйөөгө чыккан. Анын күйөөсү юрист болуп иштейт. Алардын бир кызы бар.

**Суроолорго жооп бергиле**.

1. Сапар байке менен Замира эже кайда жашайт?
2. Сапар байке ким болуп иштейт?
3. Анын аялы Замира эже кайда иштейт?
4. Алардын канча баласы бар?
5. Алардын уулу ким?
6. Ал үйлөнгөнбү?
7. Анын канча баласы бар?
8. Алардын кызы Асия канча жашта?
9. Асия күйөөгө чыкканбы?
10. Сапар байкенин канча небереси бар?



### *Келиңиз сүйлөшөлү*

- Алло, угуп жатам.
- Саламатсызбы, Сапар байке, бул мен Адыл.
- Саламатсыңбы Адыл.
- Ден-соолугуңуз кандай, Сапар байке?
- Ыракмат, жакшы, силер кандай турасыңыр?

- Биз да жакшы турабыз.

- Сапар байке, Асылбек үйдөбү?

- Асылбек үйдө жок, ал жумушта.

- Макул, анда кечинде телефон чалам, саламатта болуңуз.

- Саламатта бол, Адыл, Алтынайга салам айт.

Бул Асия. Ал Сапар байке менен Замира эженин кызы. Ал борбордо турат. Ал күйөөгө чыккан. Анын күйөөсү Азамат бир чоң мекемеде юрист болуп иштейт. Ал 30 жашта. Алардын бир кызы бар. Анын аты Мээрим. Ал 4 жашта. Мээрим бала бакчага барат. Асиянын бир байкеси бар. Анын аты Асылбек. Асиянын жеңеси Анара 25 жашта. Ал китепканада иштейт. Алар «Жал» кичирайонунда турат.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Асия «Жал» кичирайонунда жашайбы?
2. Ал күйөөгө чыкканбы?
3. Анын күйөөсү дарыгерби?
4. Алардын үч баласы барбы?
5. Асиянын байкеси Адылбы?
6. Анын жеңеси мектепте мугалим болуп иштейби?
7. Анын байкеси борбордо турабы?
8. Асия бул Сапар байкенин кызыбы?



***Келиңиз сүйлөшөлү***

-Алло, апа, кандайсыз, бул мен Асия.

- Кандайсың, кызым?

- Апа, ден-соолугуңуз кандай?

- Жакшы, ыракмат, өзүңөр кандай турасыңар, Мээрим кандай?

- Жакшы, апа, Мээрим жакшы жүрөт. Атам кандай?

- Жакшы, кызым, ал азыр жумушта.

- Апа, биз бүгүн келебиз.

- Жакшы болот, биз күтөбүз.





***Көнүгүүлөр***

**1-көнүгүү. Төмөнкү сөздөргө көптүк сандын мүчөлөрүн улагыла.**

1. дептер …
2. жаңылык …
3. адам …
4. өкмөт …
5. аял …
6. ай …
7. сөздүк …
8. кыз …
9. көчө …
10. кат …
11. базар …
12. шаар …
13. ишкана …
14. көл …
15. жигит …
16. керебет…

**2-көнүгүү. Сүрөттөгү буюмдарды көптүк санда колдонуп, сүйлөм түзгүлө.**

| | | |
|---|---|---|
|  |  |  |
|  |  |  |

**3-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которгула.**

1. В комнате двадцать человек.
2. В книге много картинок.
3. В моей семье пять человек.
4. В городе семь театров.
5. Дети играют во дворе.

**4-көнүгүү. Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.**

1. Бөлмөдө эмнелер бар?
2. Шаарда канча сейилбак бар?
3. Кыргызстанда канча шаар бар?
4. Сиздин үйүңүздө канча батир бар?
5. Биздин республикабызда канча облус бар?
6. Сиздин окуу жайыңызда канча факультет бар?
7. Айылда эмнелер бар?
8. Бишкекте канча административдик район бар?
9. Кыргызстанда канча көл бар?
10. Биздин шаарыбызда канча адам жашайт?

**5-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү белгиленген сөздөрдү көптүк санда колдонгула.**

1. Бөлмөдө (үстөл, отургуч) бар.
2. Көчөдө (машине) тынбай жүрөт.
3. Кышында (бала) кар топ ойношот.
4. Текчеде (китеп) турат.
5. Короодо (алма-өрүк) өсөт.
6. Бул (тоо) бийик.
7. Китепбаштыкта (дептер) жатат.
8. Тигил (үй) жаңы салынган.

# 5-сабак

## ТЕМА: Жатыш жөндөмөсү

## (местный падеж)

- **Адыл Бишкекте жашайт.**
- **Ал «Жал» кичирайонунда турат.**
- **Сапар байке азыр жумушта.**
- **Шаарда дүкөндөр, театрлар, мектептер көп.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**Жатыш жөндөмө (местный падеж) обозначает место и время совершения действия, и отвечает на вопросы кимде? (у кого?), эмнеде? (у чего? на чем?), кайда? (где?).**
**Местный падеж образуется при помощи аффиксов:**
**-да, -де, -до, -дө (после гласных и звонких согласных) – тоо + до, үй + дө;**
**-та, -те, -то, -тө (после глухихи согласных) - мектеп + те, бак + та;**
**-нда, -нде, -ндө (после аффиксов принадлежности 3 лица) – Бишкек шаары + нда, Киев көчөсүндө, Ала-Тоо аянтында, анын бөлмөсүндө;**



***Келиңиз жаттайлы***

**Дарскана – аудитория, көл – озеро, сейилбак – парк, дүкөн – магазин, иш сапар – командировка, аянт – площадь, китепбаштык – портфель, эшикте – на улице, жумушта – на работе, сейилдеп жүрөт – гуляет.**

Бул «Жал» кичирайону. Ал Бишкекте жайгашкан. Бул кичирайондо Адыл жашайт. Ал төртүнчү батирде үй-бүлөсү менен турат. Анын кошунасы Сапар байке. Ал үчүнчү батирде жашайт. Адыл азыр жумушта. Ал мектепте иштейт. Анын аялы Алтынай да азыр жумушта. Ал дарыгер. Ал азыр ооруканада. Алардын кызы мектепте окуйт. Уулу болсо азыр бала бакчада. Ал 5 жашта.



***Келиңиз сүйлөшөлү***

- Адыл кайда жашайт?
- Ал Бишкекте «Жал» кичирайонунда жашайт.
- Ал азыр үйдөбү?
- Жок, Адыл азыр жумушта.
- Ал кайда иштейт?
- Ал мектепте иштейт.
- Анын аялы дагы мектепте иштейби?
- Жок, Алтынай ооруканада иштейт. Ал дарыгер.
- Алардын кызы азыр сейилбактабы?
- Жок, ал азыр мектепте.
- Алардын уулу бала бакчадабы?
- Ооба, ал бала бакчада.
- А сиз азыр кайдасыз?
- Мен азыр үйдөмүн.

Бул № 12 мектеп. Ал борбордо жайгашкан. Бул жерде Адыл иштейт. Бул мектепте көп балдар окуйт. Мектепте чоң стадион, спорт аянтчасы, китепкана жана ашкана бар. Адыл азыр сабакта. Ал бешинчи кабинетте отурат. Бул жерде тарых сабагы болот. Дарсканада 15 окуучу отурат. Дарскана чоң, жарык жана кооз. Бул жерде ыңгайлуу парталар, отургучтар бар. Дарсканада эки чоң терезе бар. Терезеде пардалар илинген. Дубалда сүрөттөр бар.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Бул кайсы мектеп?
2. Ал кайда жайгашкан?
3. Бул мектепте ким иштейт?
4. Мектепте эмнелер бар?
5. Адыл азыр сабактабы?
6. Дарсканада канча окучу бар?
7. Дарсканада эмнелер бар?
8. Дарскана жарыкпы?



***Келиңиз сүйлөшөлү***

❖ - Саламатсызбы, Адыл агай.
- Саламатсыңарбы, балдар.
- Адыл агай биздин сабак кайда болот?
- Бешинчи дарсканада.

❖ - Саламатсызбы, Болот Шаршеевич.
- Саламатчылык, Бектур.
- Сиз билбейсизби, кеңешме кайда болот?
- Чоң залда, бешинчи кабатта.
- Кеңешме саат ондо башталабы?
- Ооба, саат ондо.

❖ - Салам, Каныкей.
- Салам, Данияр, кандайсың?
- Жакшы, өзүң кандайсың?
- Ырахмат, жаман эмес. Сен азыр кайда иштеп жатасың?
- Мен азыр бир компанияда иштеп жүрөм.
- Ал Бишкектеби?
- Ооба, анын башкы офиси Москва шаарында жайгашкан.
- Бул эл аралык компаниябы?
- Ооба, анын филиалдары Казакстанда, Тажикистанда дагы жайгашкан.

## *Көнүгүүлөр*

**1-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү улагыла.**

1. Бакыт банк… иштейт.
2. Шаар… театрлар бар.
3. Ал дарскана… отурат.
4. Атам азыр жумуш… .
5. Мен мектеп… иштейм.
6. Анын китептери текче… турат.

7. Кыргызстан… 1900дөй көл бар.

8. Сейилбак… адамдар сейилдеп жүрүшөт.

9. Аянт (площадь)… концерт болуп жатат.

10. Ал үчүнчү батир… жашайт.

**2-көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Ташкент шаары кайда? ____________________

2. Кыргызстан кайда жайгашкан? ____________________

3. Сиздин ата-энеңиз кайда иштейт? ____________________

4. Кыргызстан кайсы материкте жайгашкан? ____________________

5. «Евро» валютасы кайда колдонулат? ____________________

6. «Эрмитаж» кайсы шаарда жайгашкан? ____________________

7. «Ак кеме» мейманканасы кайда? ____________________

8. Азык түлүк кайда сатылат? ____________________

9. Кант шаары кайсы облуста жайгашкан? ____________________

10. Арстанбап жаңгак токою кайда? ____________________

**3-көнүгүү. Кашаанын ичиндеги сөздөрдү туура формада колдонгула.**

1. Асыл жаңы (фирма…) иштейт.

2. Бул дүкөн Ибраимов (көчөсү…) жайгашкан.

3. «Денсоолук» журналы (сен…)?

4. (Көчө…) машинелер көп.

5. (Үй…) ким бар?

6. Алар азыр (Токио…), иш сапарда.

7. Сенин китебиң менин (китеп баштыгым…).

8. (Ким…) суроо бар?

9. «Айчүрөк» дүкөнү (борбор…).

10. Асан азыр (дискотека…).

**4-көнүгүү. Берилген сөздөрдү үлгү боюнча уланткыла.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Мен | сабакта**мын** | жумуштамын | эшиктемин |
| Сен | сабакта**сың** | ______________ | ______________ |
| Сиз | сабакта**сыз** | ______________ | ______________ |
| Ал | сабакта | ______________ | ______________ |
| Биз | сабакта**быз** | ______________ | ______________ |
| Силер | сабакта**сыңар** | ______________ | ______________ |
| Сиздер | сабакта**сыздар** | ______________ | ______________ |
| Алар | сабакта | ______________ | ______________ |

**5-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которгула.**

1. Сергей, ты сейчас где?
2. Здравствуйте, Асан байке, вы сейчас на работе?
3. Мои дети в детском саду.
4. Мы сейчас в автобусе.
5. Мама, вы сейчас в парке?

# 6-сабак

## ТЕМА: Баяндоочтук мүчө

## (аффиксы сказуемости)

- **Мен дарыгермин.**
- **Сен мугалимсиң.**
- **Сиз студентсиз.**
- **Ал экономист.**
- **Мен 30 жаштамын.**
- **Сен канча жаштасың?**
- **Сиз 25 жаштасызбы?**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**Имена существительные (прилагательные, числительные, местоимения), когда выполняют функцию сказуемого в предложении, т.е. когда стоят в конце предложения присоединяют аффиксы сказуемости. Они обозначают определенное лицо.**

**Например: Мен студент*мин* – Я студент; Сен студент*сиң* – Ты студент.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Мен** | **________+мын…** | **Биз** | **________+быз…** |
| **Сен** | **________+сың…** | **Силер** | **_______+сыңар…** |
| **Сиз** | **________+сыз…** | **Сиздер** | **_______+сыздар…** |
| **Ал** | **________** | **Алар** | **_________** |



### *Келиңиз жаттайлы*

**Мен 20 жаштамын – мне 20 лет, сиз канча жаштасыз? – сколько вам лет? жаран – гражданин, тургун – житель, адис – специалист, улутуңуз ким? – кто вы по национальности, мен кыргызмын – я кыргыз, сатуучу – продавец, кызматкер – сотрудник, кесиптеш – коллега, адилеттүү – справедливый;**

Мен Канатмын. Мен Адылдын кесиптешимин. Мен 32 жаштамын. Мен үйлөнгөнмүн. Менин аялым азыр иштебейт, анткени уулум бир жашта. Ал уулум менен үйдө отурат. Биз Адыл менен бир мектепте иштейбиз. Мен мектепте психолог болуп иштейм. Менин жумушум кызыктуу. Биз азыр мектептебиз. Биздин мектеп шаардын борборунда жайгашкан. Адыл абдан жакшы адис. Ал өзүнүн сабагын абдан жакшы билет. Аны балдар жакшы көрөт. Биз жакшы досторбуз. Мен аны урматтайм.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Канат бул ким?
2. Ал кимдин кесиптеши?
3. Ал канча жашта?
4. Ал үйлөнгөнбү?
5. Канат ким болуп иштейт?
6. Анын аялы иштейби?
7. Адыл менен Канат бир мектепте иштейби?
8. Алар жакшы досторбу?



### *Келиңиз сүйлөшөлү*

❖ - Алло, саламатсызбы, бул мектеппи?
- Ооба бул он экинчи мектеп.
- Кечиресиз, Адыл ушул мектепте иштейби?
- Ооба, бул ким?
- Мен Тилек Акматовичмин, телевидениеден болом, Адылды чакырып коесузбу?
- Адыл азыр сабакта, беш мүнөттөн кийин чалыңыз.
- Ырахмат.

❖ - Саламатсызбы, сиз каржы бөлүмдүн катчысысызбы?

- Ооба, сизге ким керек?

- Сиз билбейсизби,  бөлүм башчысы барбы?

- Алтынай Сыргаковна азыр Каржы министрлигинде.

- Качан болот, билбейсизби?

- Бүгүн ал кеч келет, кандай суроонуз бар?

- Алтынай Сыргаковнага бир резюме калтырсам, ага берип коесузбу?

- Макул калтырсаңыз болот, берип коем.

- Ыракмат. Жакшы калыңыз.

- Жакшы барыңыз.

❖ - Саламатсызбы, сиздин аты-жөнүңүз ким?

- Саламатсызбы, мен Карымов Аскатмын.

- Сиз мурда кайда иштегенсиз?

- Мен мурда жеке фирмада эсепчи болуп иштегенмин.

- Канча жыл иштегенсиз?

- Алты жыл, азыр ал ишканадан өз арызым менен кеттим.

- Сиз канча жаштасыз?

- Отуз бештемин.

- Сиздин тажрыйбаңыз кандай?

- Менин иш тажрыйбам бай.

- Канча тил билесиз?

- Кыргыз тилинде эркин сүйлөйм, англисче жана орусча да жакшы сүйлөйм.



***Көнүгүүлөр***

**1-көнүгүү.  Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү улагыла.**

1. Мен Кыргызстандын жараны… .
2. Сен адилеттүү адам… .
3. Сиз сатуучу… .
4. Ал окуучу… .
5. Биз кыргыз… .

6. Силер Бишкектик… .

7. Сиз ушул шаардын тургуну… .

8. Алар жакшы адистер… .

**2-көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**

***Үлгү:*** *Сиз дарыгерсизби*? - 1. *Ооба, мен дарыгермин.*

2. *Жок, мен дарыгер эмесмин, окутуучумун.*

1. Сенин атаң бааргерби? - 1. Ооба, … … …
   2. Жок, … … …
2. Сен инженерсиңби? - 1. Ооба, … … …
   2. Жок, … … …
3. Сиз V курстун студентисизби? - 1. Ооба, … … …
   2. Жок, … … …
4. Сиз дарыгерсизби? - 1. Ооба, … … …
   2. Жок, … … …
5. Сен куруучусунбу? - 1. Ооба, … … …
   2. Жок, … … …
6. Силер спортчуларсыңарбы? 1. Ооба, … … …
   2. Жок, … … …
7. Сиз тартиптүү студентсизби? - 1. Ооба, … … …
   2. Жок, … … …
8. Сиз кыргызсызбы? - 1. Ооба, … … …
   2. Жок, … … …

**3-көнүгүү. Сүйлөмдөрдөгү бош жерлерди керектүү сөздөр менен толтургула.**

**Үлгү: Мен азыр үйдө эмесмин, ________________.**

**Мен азыр үйдө эмесмин, жумуштамын.**

1. Мен азыр сабакта эмесмин, ___________________________________ .

2. Сиз үйдөсүзбү же ___________________________________________?

3. Ата-энем азыр _______________________________________________ .

4. Биз төртүнчү _______________________, а бешинчи кабаттабыз.

5. Сен азыр _________________________________?

6. Мен Талас шаарында эмесмин, _________________________________.

7. Силер _______________________ же шаардасыңарбы?

8. Сиздер бул ишкананын ________________________________________.

9. Сен ____________________________________?


10. Биз Кыргызстандын ____________________________.


**4-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которгула.**

1. Мы студенты этого университета.
2. Вы мама Самата?
3. Я директор этой фирмы.
4. Ты очень хороший человек.
5. Я сосед Самиры Токоевны.
6. Вы водитель автобуса?
7. Они хорошие специалисты.

**5-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү бүтүргүлө.**

1. Мен 

2. Сен 

3. Сиз 

4. Алар



5. Биз





6. Менин эжем

# 7-сабак

## ТЕМА: Жалпы таандык мүчөлөр

## (притяжательные аффиксы)

- **Бул китеп меники.**
- **Тигил дептер сиздикиби?**
- **Тээтигил калемсап меники эмес, сеники.**
- **Бул үй Саматтыкы.**
- **Бул алма Ысык-Көлдүкү.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**В кыргызском языке существуют два способа обозначения принадлежности:**

**1) при помощи аффиксов принадлежности и местоимений в родительном падеже, к которым задается вопросы кимдин? эмненин? (чей? чего?) – Кимдин китеби? – менин китебим.**

**2) при помощи специальных притяжательных местоимений, которые отвечают на вопросы кимдики? эмненики? (чей?) – Китеп кимдики? – Китеп меники.**

**<u>Меники (мой) – Биздики (наш)</u>**

**<u>Сеники (твой) – Силердики (ваш)</u>**

**<u>Сиздики (Ваш) – Сиздердики (Ваш)</u>**

**<u>Аныкы (его, ее) – Алардыкы (их)</u>**

**Данные притяжательные местоимения обычно употребляются в конце предложения.**

**К существительным присоединяются следующие аффиксы, которые тоже выражают принадлежность:**

**-ныкы, -ники, -нуку, -нүкү (после гласной буквы)**

**-дыкы, -дики, -дуку, -дүкү (после звонкой согласной буквы)**

**-тыкы, -тики, -туку, түкү (после глухой согласной буквы)**

**Например: Бул китеп Асандыкыбы? – Это книга Асана?**

**Ооба, Асандыкы - Да, Асана.**

**Жок, Асандыкы эмес - Нет, не Асана.**



### *Келиңиз жаттайлы*


**Меники – мой, сеники – твой, сиздики – ваш, аныкы – его (её), биздики – наш, силердики – ваш, сиздердики – ваш, алардыкы – их, калемсап – ручка, уюлдук телефон – сотовый телефон, сөздүк – словарь, сүрөт – картина, фотография, жагоо – галстук, кат – письмо, белек – подарок,  күрүч – рис, буюм – вещь, текче – полка.**

Бул «Асанбай» кичирайону. Бул алтынчы үй. Бул үйдө Адилет Кадырович жашайт. Бул батир аныкы. Бул жерде анын аялы Каныкей жана кызы Айсулуу жашайт. Үйдүн короосу чоң жана жашыл. Анда отургучтар бар. Короодо ак машине турат. Бул машине Адилет байкеники. Ал күн сайын жумушка машинеси менен барат. Ал азыр үйдө, анткени бүгүн дем алыш. Адилет Кадырович адатта дем алышта аялы Каныкей менен театрга, киного же конокко барат. Бүгүн алар «Жал» кичирайонуна барат. Ал жерде алардын уулу Адыл жашайт. Алар конокко бара жатат. Айсулуу бүгүн достору менен киного барат. Бүгүн кинотеатрда кызыктуу фильм болот.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Алтынчы үйдө ким жашайт?
2. Бул батир кимдики?
3. Батирде дагы ким жашайт?
4. Алардын короосу кандай?
5. Короодогу ак машине кимдики?
6. Адилет байке бүгүн жумуштабы?
7. Адилет аялы менен кайда бара жатат?
8. Айсулуу бүгүн үйдө болобу?





### *Келиңиз сүйлөшөлү*

- Саламатсызбы, Адилет байке.
- Саламатсыңбы, Жапар.
- Адилет байке, бул машине кимдики экенин билесизби?
- Ал биздин жаны кошунаныкы.

- Ал кайсы батирде жашайт?

- Сегизинчи батирде, а бул машине сеникиби?

- Ооба, меники, мен азыр жумушка бара жатам. А сиз кайда бара жатасыз?

- Уулумдукуна конокко бара жатабыз.

- Адылдыкына бара жатасызбы?

- Ооба, ал «Жал» кичирайонунда жашайт.

- Адылга менден салам айтып коюңуз.

- Албетте, айтып коем.



***Көнүгүүлөр***

**1-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү көп чекиттин ордуна таандык ат атоочторду койгула.**

***Үлгү:*** Бул китеп …, меники эмес.

Бул китеп сиздики, меники эмес.

1. Бул китеп … эмес, ….
2. Тигил калемсап …?
3. Бул сүрөт ….
4. Бул үй … эмес, ….
5. Тиги сөздүк ….
6. Тээтигил гүл ….
7. Бул уюлдук телефон …?
8. Тигил машине ….
9. Бул дептер … эмес, ….
10. Тээтигил китепбаштык ….

**2-көнүгүү. Берилген сүйлөмдөрдү үлгү боюнча жасагыла.**

***Үлгү:*** *Бул **менин** үйүм.* *- Бул үй **меники**.*

1. Бул биздин короobуз. - … … …
2. Тигил сиздин калпагыңыз. - … … …
3. Бул сенин жагооң. - … … …
4. Бул менин сүрөтүм. - … … …

5. Тигил силердин бөлмөңөр. - … … …

6. Бул анын тапшырмасы. - … … …

7. Бул сиздердин журналыңыздар. - … … …

8. Тигил алардын ити. - … … …

9. Бул менин дептерим. - … … …

10. Бул сиздин катыңыз. - … … …

**3-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү көп чекиттин ордуна таандык мүчөлөрүн улагыла.**

1. Тигил китеп эжем….
2. Дубалдагы сүрөт ким…?
3. Бул белек апам…
4. Тигил сөздүк сиз…?
5. Биринчи бөлмө иним….
6. Короодогу машине байкем….
7. Бул кооз көйнөк досум….
8. Текчедеги кат Сергей….
9. Бул күрүч Өзгөн….
10. Үйдөгү буюмдар алар….

**4-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которгула.**

***Үлгү:*** *Это чей дом? –* *Бул **кимдин** үйү?*
*Бул үй **кимдики**?*

1. Это наша квартира. - 1. ________________
________________

2. Это ваш паспорт. - 2. ________________
________________

3. Та чья шляпа? - 3. ________________
________________

4. Это мой портфель. - 4. ________________
________________

5. Это наш стол. - 5. ________________
________________

6. Это наш шкаф. - 6. ________________
________________

7. Это моя тетрадь. - 7. ________________
________________

8. Это их улица. - 8. ________________
________________

9. Это его пальто. - 9. ________________
________________

10. Тот ваш дом. - 10. ________________
________________

**5-көнүгүү. Сүйлөмдөрдөгү бош жерлерди толтургула.**

*Үлгү : Бул саат ... эмес, сиздики.*

*Бул саат аныкы эмес, сиздики.*

1. Бул китеп … эмес, меники.
2. Бул буюмдар Самараныкы эмес, … .
3. Тигил батир … же Аскаттыкыбы?
4. Бул бут кийим … эмес, Италияныкы.
5. Дубалдагы сүрөт Чокморовдукубу же …?
6. Тээтигил машине чоң атамдыкыбы же … ?
7. Бул китепкана … эмес, факультеттики.

**6-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү которгула.**

1. Это книга моего брата.
2. Этот дом Максима.
3. Тот дом его брата.
4. Этот портфель Сергея.
5. Та тетрадь моей сестры.

**7-көнүгүү. Суроолордун туура жообун тапкыла.**

1. Тигил кооз көйнөк кимдики? (Кыргызстандыкы, эжемдики, мектептики).
2. Бул үй кимдики? (Бишкектики, малдыкы, меники).
3. Бул алма каяктыкы? (Ысык-Көлдүкү, сеники, китепканаными).
4. Бул калем кимдики? (куштуку, досумдуку, Канттыкы).
5. Бул эт эмненики? (гүлдүкү, койдуку, үйдүкү).

# 8-сабак

## ТЕМА: Илик жөндөмөсү

## (родительный падеж)

- **Бул Адылдын карындашы.**
- **Анын аты Айсулуу.**
- **Адылдын аялы дарыгер болуп иштейт.**
- **Сапар байкенин бир уулу жана бир кызы бар.**
- **Бул Адилет Кадыровичтин үй-бүлөсү.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**Илик жөндөмө (родительный падеж) обозначает принадлежность и отвечает на вопросы кимдин? эмненин? (чей? чего?). Слова в родительном падеже образуют словосочетания, где главное слово употребляется с аффиксами принадлежности 3 лица: үй*дүн* чатыр*ы(крыша дома);***

**Аффиксы родительного падежа:**

**-нын, -нин, -нун, -нүн (после гласных) - Анара*нын* дептер*и* – тетрадь Анары**

**-дын, -дин, -дун, -дүн (после звонких согласных) – адам*дын* мүнөз*ү* – характер человека**

**-тын, -тин, -тун, -түн (после глухих согласных) - саат*тын* жебе*си* – стрелка часов**



***Келиңиз жаттайлы***

**Аялдама – остановка, борбор – столица, центр, учак – самолет, ачкыч – ключи, жанында – рядом, возле, ортосунда – по середине, үстүндө - на, над, алдында – перед, астында – под, артында – за, ичинде – внутри, четинде – на окраине, с краю, тушунда – напротив, оң жагында – справа, сол жагында – слева.**

Бул Бишкектин бир кичирайону. Анын аталышы «Асанбай». Бул кичирайондо көп үйлөр бар. Бул алтынчы үй. Бул үйдүн ичинде лифт (асма араба) иштейт. Бул үйдүн жанында дагы көп үйлөр бар. Алтынчы үйдүн тушунда бир чоң имарат турат. Ал имараттын артында автоунаа токтотуучу жай бар. Анын сол жагында көп кабаттуу үй турат. Ал эми оң жагында бак бар. Алтынчы үйдүн артында балдар аянтчасы бар. Аянтчанын артында мектеп турат. Жолдун четинде күркөлөр жайгашкан. Күркөнүн жанында адамдар турат.

**Суроолорго жооп бериңиз.**

1. Сиз кайда жашайсыз?
2. Бул үйдүн жанында эмне бар?
3. Үйдүн артында бак барбы?
4. Үйдүн алдында балдар аянтчасы барбы?
5. Үйдүн сол жана оң жактарында эмнелер турат?
6. Үйдүн тушунда кандай имарат турат?
7. Үйдүн астында гараж барбы?
8. Үйдүн жанында гезит күркөсү барбы?



***Келиңиз сүйлөшөлү***

- Саламатсызбы.
- Саламатчылык.
- Мен сиздин жаңы кошунаңызмын, атым Данияр.
- Абдан кубанычтуумун, менин атым Адилет.
- Мен дагы таанышканыма кубанычтамын.
- Данияр, үй – бүлөң барбы?
- Ооба, менин аялым бар. Анын аты Бермет, ал азыр жумушта.
- Балдарың барбы, Данияр.
- Жок, биз жакында эле үйлөндүк.
- Силерге биздин кичирайон жактыбы?
- Ооба, абасы таза, тынч район экен. Адилет байке, бул үйдүн жанында автоунаа токтотуучу жай барбы?
- Ооба, бирок алысыраак. Тетигил имараттын артында.

- Ыракмат, бул үйдүн тушунда эмне турат?

- Ал мектеп. Мектептин артында стадион бар. Мен эртең менен ал жерде чуркайм.

- Үй жакшы экен. Үйдүн алдында балдар аянтчасы  бар экен. Короосу жашыл, мага абдан жакты. Үйдүн жанында дүкөн, күркөлөр, бала бакча барбы?

- Үйдүн жанында күркө бар, ал жерде гезит, журналдар сатылат. Дүкөн тетигил мектептин сол жагында. Бала бакча болсо тетигил кызыл имараттын артында.

- Ыракмат, Адилет байке, үйгө конокко келип туруңуз.

- Ыракмат, Данияр, силер дагы келгиле.



***Көнүгүүлөр***

**1-көнүгүү. Сүйлөмдөрдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү улагыла.**

1. Асан… китеби текчеде.
2. Мен күн сайын сейилбактан Айсулуу… чоң энесин көрөм.
3. Бул жерде автобус… аялдамасы барбы?
4. Мектеп… мүдүрү кайда?
5. Канат… аялы иштебейт.
6. Бишкек - Кыргызстан… борбору.
7. Бул үй… үчүнчү кабатында жашайбыз.
8. Айзада…китеби мына.
9. Адыл… жумушу кызыктуу.
10. Эшик… ачкычы кимде?

**2-көнүгүү. Берилген сөздөр менен илик жөндөмөсүндө сөз айкаштарын жасагыла.**

***Үлгү*:** *алманын даамы*

Адам, терезе, мектеп, чоң атам, кыз, мүнөз (характер), үй, окуучулар, бак, Кыргызстан, көл, китеп, борбор, бет (страница), көйнөк, суу, сапат (качество), тоо, буюм (вещь), келечек, кат, чыгарма (произведение), балдар, мазмун (содержание), автор, сүйлөм, аталыш (название), түс (цвет), котормо (перевод), шаар.

**3-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна илик жөндөмөсүнүн мүчөсүн улагыла.**

1. Бөлмө… ***ортосунда*** чоң тегерек үстөл турат.
2. Үй… ***артында*** бак бар.
3. Менин машинем жол… ***четинде.***

4. Сиздин китебиңиз үстөл… ***үстүндө*** жатат.

5. Керебет… **сол** жана ***оң жагында*** тумбочкалар турат.


6. Дүкөн… ***жанында*** дарыкана жайгашкан.


7. Университет… ***алдында*** студенттер турат.

8. Имарат… ***астында*** гараж бар.


9. Банк… ***ичинде*** адамдар көп.

**4-көнүгүү. Суроолорго сүрөт боюнча оң жана терс жоопторду бергиле.**


1.  аялдамасы бул жерден алыспы?

2.  көйнөгү коозбу?



3. Бул үйдө  үйбүлөсү жашайбы?

4. 

окуучулары музейге барышабы?

5.  үстүндө сүрөт илинип турабы?

6.Асандын  кымбатпы (дорогая)?

| |
|---|
| 7. Кыргызстандын  бийикпи? |
| 8. Анын  кызыктуубу? |
| 9. Фирманын  барбы? |
| 10. Айгүлдүн  чоңбу? |

**5-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которгула.**

1. Это комната моей сестры.
2. Кошка лежит под столом.
3. Автор этой картины – С. Чокморов.
4. Столица Кыргызстана Бишкек.
5. Мой папа работает директором фирмы.
6. Бабушка Айгуль живет в селе.
7. Друг Самата строитель.
8. Жена моего брата студентка.

**6-көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Сиздин үйүңүздүн алдында эмне турат?
2. Сиздин үйүңүздүн артында бак барбы?
3. Сиздин үйүңүздүн жанында эмне бар?
4. Сиздин үйүңүздүн сол жагында эмне бар?
5. Сиздин үйүңүздүн оң жагында эмне бар?
6. Сиздин үйүңүздүн тушунда эмне турат?
7. Сиздин үйүңүздүн ичинде эмне бар?

# 9-сабак

## ТЕМА: «Экен» деген бөлүкчөнүн колдонулушу

## (употребление частицы «экен»)

- **Бул ким <u>экенин</u> билесизби?**
- **Бул китеп кызыктуу <u>экенин</u> билесиңби?**
- **Бул китеп кызыктуу <u>экенин</u> билем.**
- **Адыл кайда <u>экенин</u> билбейсизби?**
- **Ахунбаев көчөсү кайда <u>экенин</u> билесизби?**



***Келиңиз үйрөнөлү***

| | |
|---|---|
| Бул ким **экенин** билесизби?<br>Бул китеп кимдики **экенин** билбейсизби?<br>Бул кайсы көчө **экенин** билесиңби? | Вы знаете, кто это?<br>Вы не знаете, чья эта книга?<br>Ты знаешь, какая эта улица? |
| Асан кайда жашайт, сиз билесизби?<br>Сиз билбейсизби, Мээрим кайда окуйт? | Вы знаете, где живет Асан?<br>Вы не знаете, где учится Мээрим? |



***Келиңиз жаттайлы***

**Кызыктуу – интересный, кооз – красивый (о предмете), сулуу – красивый, кимдики? – чей?, айтып коесузбу? – не скажете?, бил – знать, илимий – научный, мүнөз – характер, иш бөлмөсү – кабинет, ыңгайлуу – удобный, жылнаама – календарь, кеңсе буюмдар – канцелярские товары, илинип турат – висит, калкалама – жалюзи, бурчунда – в углу, өсүмдүк – растение.**

Жеңиш Асанович профессор. Ал «Жал» кичирайонунда жашайт. Жеңиш Асанович Илимдер Академиясында иштейт. Ал 50 жашта. Бул анын иш бөлмөсү. Ал кооз, жарык жана ыңгайлуу. Бул жерде бүт керектүү буюмдар бар: стол, отургучтар, китеп текчеси, шкаф. Жеңиш Асановичтин жазуу столунда компьютер, жылнаама, кагаздар, кеңсе буюмдар жана телефон турат. Дубалда саат илинип турат. Терезеси чоң, анда калкаламалар илинген. Эшиктин жанында кийим илгич турат. Бөлмөнүн бурчунда өсүмдүк турат. Жеңиш Асанович бул бөлмөдө көп иштейт.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Жеңиш Асанович ким?
2. Ал кайда жашайт?
3. Ал кайда иштейт?
4. Жеңиш Асановичтин иш бөлмөсү кандай?
5. Жазуу столунда эмне турат?
6. Дубалда сүрөт илингенби?
7. Терезеде парда илинип турабы?
8. Бурчта эмне турат?



***Келиңиз сүйлөшөлү***

❖ - Кечиресиз, экономика бөлүмү кайда экенин айтып коесузбу?

- Ал төртүнчү кабатта.

- А сиз Жеңиш Асановичтин бөлмөсү кайда экенин билбейсизби?

- Ал 409 бөлмөдө отурат.

- Ыракмат, бул жерде лифт иштейби?

- Ооба, иштейт.

❖ - Саламатсызбы, чоң кыз, Жеңиш Асанович барбы?

- Саламатсызбы, Жеңиш Асанович азыр жыйында.

- Жыйын саат канчада бүтөт, билбейсизби?

- Бир сааттан кийин, кандай суроонуз бар?

- Менин аты-жөнүм Назаров Нурбек Адышевич, мен КТУда иштейм. Илимий конференция боюнча бир нече суроом бар эле.

- Жакшы, мен сизди эртеңки саат онго жазып коем.

- Ыракмат, чоң кыз, саламатта калыңыз.

- Жакшы барыңыз.

❖ - Сиздин иш бөлмөнүз кандай?

- Менин иш бөлмөм иштөөгө ыңгайлуу, жарык жана чоң.

- Бөлмөдө канча стол, отургуч бар?

- Бөлмөдө эки чоң стол, беш-алты отургуч бар. Кээде мен иш бөлмөмдө беш мүнөттүк жыйын өткөрөмүн.

- Бөлмөңүздө китеп шкафы барбы?

- Ооба менин бөлмөмдө бүт керектүү буюмдар бар. Өзүмдүн персоналдык компьютерим, кеңсе буюмдар бар, китеп шкафында илимий журналдар, энциклопедиялар, сөздүктөр турат.

- Бөлмөңүздө телефон, факс барбы?

- Албетте, бар.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Сиз кайда иштейсиз?
2. Сиздин өзүңүздүн иш бөлмөңүз барбы?
3. Бөлмөңүз жарыкпы?
4. Бөлмөдө кайсы буюмдар турат?
5. Бөлмөңүздө терезеде пардалар илингенби?
6. Столдун үстүндө эмнелер бар?
7. Дубалда жылнаама, саат же сүрөттөр барбы?
8. Бөлмөдө өсүмдүктөр барбы?



***Көнүгүүлөр***

**1-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү улап жазгыла.**

1. Бул сүрөт кимдики экен…      билбейсизби?
2. Илимдер Академиясы кайда экен…      айтып коёсузбу?
3. Байкеңиз канча жашта экен…   айтып коёсузбу?
4. Тигил кыз ким экен…       билесизби?
5. Ал Салымбектин үйдө жок экен…    билбейт.
6. Бөлмөдө ким бар экен…    билбейсизби?
7. Бүгүн дүйшөмбү экен…    билесиңерби?
8. Анын мүнөзү жакшы  экен…   билем.

**2-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү которгула.**

1. Вы знаете, где мой портфель?

________________________________________

2. Адыл не знает, где его галстук.

________________________________________

3. Алтынай, вы знаете, где улица Исанова?

________________________________________

4. Сапар байке не знает, где его очки.

________________________________________

5. Извините, вы не знаете, где мэрия?

________________________________________

6. Айдай не знает, чей это дом?

________________________________________

7. Ты знаешь, кто это?

________________________________________

9. Мы знаем, что здесь есть библиотека.

________________________________________

10. Каныкей эже не знает, чья эта машина.

________________________________________

11. Вы знаете, кто дома?

________________________________________

**3-көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Бул бөлмө кандай экенин айтып бересизби?
2. Филармония кайда экенин билесизби?
3. Дүйнөдө эң чоң континент кайсы экенин билесизби?
4. «Ак кеме» деген чыгарма кимдики экенин билесизби?
5. Ысык-Көл кандай көл экенин билесизби?
6. Мирбек Атабеков ким экенин билесизби?
7. Париж кайсы мамлекеттин борбору экенин билесизби?
8. Кыргызстандын калкы канча адам экенин билесизби?

**4-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү которгула.**

1. Бул кайсы көчө экенин билбейсизби?
2. «Дордой-Плаза» дүкөнү кайсы көчөдө экенин билбейсиңби?
3. Биздин жетекчибиз кайсы шаарда экенин билбейбиз.
4. Анын үйү кайда экенин билбейт.
5. Тимур канча жашта экенин билбеймин.

**5-көнүгүү. «Экен» деген бөлүкчөнүн жардамы менен бир нече суроолорду түзгүлө.**

**Мисалы:**

1. ***Эйфель мунарасы кайда экенин билесизби?***
2. 
3. 
4. 
5. 
6. 
7. 
8. 

# 10 - сабак

## ТЕМА: Барыш жөндөмөсү

## (дательный падеж)

- **Алтынай <u>кайда</u> бара жатат?**
- **Алтынай дүкөн<u>гө</u> бара жатат.**
- **Адылдын уулу бала бакча<u>га</u> барат.**
- **Адыл жана Алтынай жайында өргүү<u>гө</u> чыгышат.**
- **Мен апам<u>а</u> жардам берем.**
- **Айдай апасы<u>на</u> жардам берет.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**Барыш жөндөмө (дательный падеж) обозначает направление действия и отвечает на вопросы кимге? (кому?), эмнеге? (чему?), кайда? (куда?).**

**Дательный падеж образуется при помощи аффиксов:**

**-га, -ге, -го, -гө (после гласных и звонких согласных) – тоо + *го,* той + *го*;**

**-ка, -ке, -ко, -кө (после глухих согласных) – бак + *ка*, мектеп + *ке*;**

**-а, -е, -о, -ө (после аффиксов принадлежности 1 или 2 лица ед.числа – апам + *а*;**

**-на, -не, -нө (после аффиксов принадлежности 3 лица) – апасы + *на*;**



***Келиңиз жаттайлы***

**Кайда? – куда?, суроо – вопрос, илгич – вешалка, кеңешме – совещание, эс алуу – отдых, майрам – праздник, жөнө – отправляться, сүз – плавать, шайыр – веселый, дүйшөмбү – понедельник, шейшемби – вторник, шаршемби – среда, бейшемби – четверг, жума – пятница, ишемби – суббота, жекшемби – воскресение, иш күнү – рабочий день, дем алыш күндөрү – выходные дни.**

Айдай Адыл менен Алтынайдын кызы. Ал 12 жашта. Айдай №12 мектепте окуйт. Анын бир иниси бар. Анын аты Бакыт. Бакыт беш жашта. Ал бала бакчага барат. Айдай абдан тартиптүү кыз. Ал дайыма жекшемби күнү эле кийинки жумага иш тартибин түзүп коет. Дүйшөмбү күнү Айдайдын алты сабагы бар. Ал мектепке саат жетиде жөнөйт. Шейшембиде Айдай сабактан кийин сүрөт тартуу ийримине барат. Шаршемби күнү ал мектептен кийин эч жакка барбайт, ал үйдө болот. Ал эми бейшембиде сабактан кийин Айдай бассейнге барат. Ал жакта эки саат сүзөт. Жума күнү Айдай компьютердик курстарга барат. Ал эми ишемби күнү ал дагы бассейнге барат. Жекшемби күнү Айдай сейилбакка достору менен барып эс алат.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Айдай канча жашта?
2. Айдай кайсы мектепке барат?
3. Ал кандай кыз?
4. Ал кайсы күндөрү бассейнге барат?
5. Айдай шейшемби күнү кайда барат?
6. Айдай дүйшөмбү күнү компьютердик курстарга барабы?
7. Айдай кайсы күнү сейилбакка барат?



***Келиңиз сүйлөшөлү***

❖ - Салам, Айдай, кандайсың?

- Салам, Акылай. Өзүң кандайсың?
- Ыракмат жакшы, сен азыр кайда бара жатасың?
- Бүгүн шейшемби, мен ийримге бара жатам.
- Абдан жакшы, мен да ийримге бара жатам. Чогуу баралы.
- Жакшы болот, Акылай, сен качан бассейнге барасың?
- Мен адатта шаршемби жана жума күндөрү барам, а сенчи?
- Мен бейшембиде жана ишембиде барам.
- Айдай, жүр жекшемби күнү киного барып келебиз.
- Эң жакшы, анда көрүшкөнчө.

❖ - Саламатсызбы, Анара эже.
- Саламатсыңбы, Сезим, кандайсың?
- Жакшы, өзүңүз кандайсыз, эже?
- Баары жакшы, кайда бара жатасың?
- Бейтапканага.
- Эмне болду?
- Тишим ооруп жатат, ошондуктан бейтапканага бара жатам.
- Түшүнүктүү.
- А сиз кайда бара жатасыз?
- Мен дүкөнгө бара жатам.
- Макул, анда Анара эже, жакшы барыңыз.
- Өзүң да саламатта бол, Сезим.

**Суроолорго жооп беригиле.**

1. Сиз бир жумада канча күн иштейсиз?
2. Сиз спорт менен машыгасызбы?
3. Сиз бассейнге барасызбы?
4. Сиз адатта кайсы күндөрү сейилбакка барасыз?
5. Сиз театрга, киного же музейге барасызбы?
6. Сиз досторуңуз менен кайсы күндөрү жолугасыз?
7. Сиз жумуштан кийин кайсы бир курстарга барасызбы?
8. Сиз жекшемби күндү кайда өткөрөсүз?

**Эсиңизге сактап алыңыз - Запомните**

***Жумушка бара жатам - Иду (еду) на работу***

***Университетке барам - Пойду в университет***

***Конокко келиңиз – Приходите в гости***

***Дүкөнгө барасызбы? - Вы пойдете в магазин?***

***Кеңешмеге келем - Приду на совещание***



## *Көнүгүүлөр*

**1-көнүгүү. Сүйлөмдөрдөгү белгиленген сөздөрдү барыш жөндөмөсүндө колдонгула.**

1. Жайында студенттер (эс алуу…) чыгышат.
2. Мен ишемби сайын (айыл…) барып турам.
3. Ал (досу…) дайыма кат жазып турат.
4. Мен азыр (үйүм…) бара жатам.
5. Сен бүгүн (дүкөн…) барасыңбы?
6. Студенттер (окутуучу…) суроо берип жатышат.
7. Күнүгө (спорт зал…) барамын.
8. Эртең (иш сапар…) кетемин.
9. Асыл (аялдама…) бара жатат.
10. Биз азыр (сынак…) даярданып жатабыз.

**2-көнүгүү. Сүйлөмдөрдөгү бош жерлерге керектүү сөздөрдү койгула.**

1. Биз азыр биринчи ________________________ түшөбүз.
2. Сүйлөмдү _______________________________ жазгыла.
3. Пальтонузду ______________________ илип коюңуз.
4. Мен ______________________________ караганда кыргызча жакшы сүйлөйм.
5. Биз сизди _________________________ чакырабыз.
6. Кийинки ______________ катышпайм, анткени шаарда болбойм.
7. __________________________________ чейин дагы эки ай бар.
8. Балдар ___________________________ чуркап бара жатышат.
9. Силер ______________________ ыр же бий номерин даярдайсыңар.
10. Бир айда бир жолу ______________________ барып турам.

***Колдонулуучу сөздөр:*** ***дептерге, кеңешмеге (совещание), кабатка, стадионго, конокко, кийимилгичке, майрамга, жазга, Бакытка, театрга.***

**3-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна керектүү мүчөлөрдү улагыла.**

1. Сиз… суроом бар.
2. Алматы шаары… чейин дагы үч саат калды.
3. Картөшкөнү тараза… тартып бериңиз (взвесьте).
4. Апаңыз… салам айтыңыз.

5. Эжем… караганда байкем жакшы ырдайт.
6. Жекшемби… чейин үч күн бар.
7. Силерди тоо… чакырабыз.
8. Саат беш… келиңиз.

**4-көнүгүү. Сөз айкаштары менен сүйлөм түзгүлө.**

| | |
|---|---|
| **өргүүгө чейин**<br>**дүкөнгө**<br>**сабакка**<br>**дем алышка чейин**<br>**кошунаңызга** | **азыр барбайм**<br>**эки күн калды**<br>**дагы бир жума бар**<br>**салам айтыңыз**<br>**кечикпейм** |

**5-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна мааниси жагынан туура келген сөздөрдү койгула.**

1. Биз эртең (университетке, киного, базарга) саат 9.30-да барабыз, анткени 1-сабак болбойт.
2. Менин тамагым ооруп турат, ошондуктан (мектепке, бейтапканага, дүкөнгө) бара жатам.
3. (Жайга, театрга, китепканага) чейин дагы эки ай калды.
4. Мен (китебиме, бөлмөмө, апама) гүлдесте белек кыламын.
5. Арзыгүл жакында өргүүгө чыгат, ал (жумушка, Ысык-Көлгө, музейге) эс алууга кетет.

**5-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү которгула.**

1. Вы куда идете? - Я иду в детский сад.
2. Адилет пойдет в школу? – Нет, он сегодня не пойдет, он болеет.
3. Вы сегодня пойдете в гости? - Да, сегодня вечером.
4. Я сейчас иду в кино со своей подругой, а ты пойдешь с нами? – Да, с удовольствием.
5. Мы в воскресенье поедем в горы, а вы поедете? – Нет, мы не поедем.
6. Самар что подарит другу? – Он своему другу подарит книгу.
7. До остановки далеко? - Нет, недалеко, 10-15 метров.
8. Ты когда пойдешь на работу? – Я сегодня не пойду на работу, у меня выходной.

# 11 - 12 - сабак

## ТЕМА: Этиштин учур чагы

## (настоящее время глагола)

- **Сиз кайда иштейсиз?**
- **Мен банкта иштейм.**
- **Сиз эмне кыласыз?**
- **Сиз адатта жумушка эмне менен барасыз?**
- **Мен жумушка машинем менен барамын.**
- **Мен күн сайын кечинде жаңылыктарды көрөм.**
- **Ал жыл сайын өргүүгө чыгат.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**Глаголом называется часть речи, которая обозначает действие или состояние предмета и отвечает на вопросы: эмне кылат? (что будет делать?), эмне кылып жатат? (что делает?), эмне кылды? (что сделал?).**

**Исходной формой глагола выступает форма 2 лица ед. числа повелительного наклонения (бар – иди, кел – приходи, отур – садись и т.д.).**

**В кыргызском языке существуют три времени – настоящее, будущее и прошедшее, каждое время имеет несколько форм.**

**Настоящее простое время обозначает действие, происходящее обычно, регулярно, образуется при помощи аффиксов *–а, -е, -о, -ө; -й,* которые присоединяются к основе глагола. Например: Мен бош убакытта китеп *окуйм* – Я в свободное время читаю книги.**

**Отрицательная форма образуется при помощи аффиксов -бай, -бей, -бой, -бөй - после гласных и звонких согласных, -пай, -пей, -пой, -пөй - после глухих согласных.**

**Например: Мен адатта телевизор көрбөйм - Я обычно не смотрю телевизор.**

**Сен иштебейсиңби? - Ты не работаешь?**

 ***Келиңиз жаттайлы***

**Дайыма – всегда, адатта – обычно, күн сайын – каждый день, жума сайын – каждую неделю, ай сайын – каждый месяц, жыл сайын – каждый год, бош убакытта – в свободное время, эртең менен – утром, түштө - в обед, кечинде – вечером, өргүү – отпуск, дем алышта – в выходной день, эс ал – отдыхать, оку – читать, көр – смотреть, чык – выходить, бар – ходить, кел – приходить, приезжать, кет – уходить, уезжать, сейилде – гулять, укта – спать, тамак ич – кушать, же – есть, кушать (хлеб, яблоки), ич – пить (чай, суп, борщ).**

Менин атым Данияр. Мен 28 жаштамын. Мен жарнама агенттигинде менеджер болуп иштейм. Мен үйлөнгөнмүн. Менин аялым Бермет. Ал 25 жашта. Аялым жеке фирмада мүдүр болуп иштейт. Биз «Асанбай» кичирайонунда алтынчы үйдө, сегизинчи батирде турабыз. Биздин кошуналарыбыз абдан жакшы адамдар. Мен күн сайын эртең менен саат жетиде турам, анткени менин жумушум  саат тогузда башталат. Мен адатта эртең менен куурулган жумуртка жейм жана бир чыны кофе ичем. Жумушка саат сегиз жарымда барам. Адатта мен сегиз саат иштейм. Саат беште мен үйгө келем. Биз саат жетиде кечки тамакты ичебиз.  Кечинде мен адатта жаңылыктарды көрөм. Саат он бирде же он экиде мен уктаганы жатам.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Данияр канча жашта?
2. Данияр кайда иштейт?
3. Ал адатта саат канчада турат?
4. Анын жумушу саат канчада башталат?
5. Саат канчада ал үйгө келет?
6. Данияр кечинде эмне кылат?
7. Ал телевизор көрөбү?
8. Саат канчада Данияр уктайт?

 ***Келиңиз сүйлөшөлү***

- Сиз кайда иштейсиз?

- Мен жарнама агенттигинде иштейм.

- Сиз жумушта эмне кыласыз?

- Мен ар кандай фирмалар менен иштейм.

- Сиз адатта саат канчада турасыз?

- Мен саат жетиде турам.

- Эртең менен сиз чай ичесизби же кофе ичесизби?

- Мен адатта бир чыны кофе ичем.

- Түштө сиз кайдан тамактанасыз?

- Мен адатта кафеден тамак ичем.

- Кечинде саат канчада үйгө келесиз?

- Саат беште үйгө келем.

- Сиз адатта качан өргүүгө чыгасыз?

- Мен адатта өргүүгө жайында чыгамын.

- Сиз жыл сайын Ысык-Көлгө барасызбы?

- Ооба, мен аялым менен жыл сайын Ысык-Көлдө эс аламын.

- Сиз иш сапарга барасызбы?

- Бир жылда эки же үч жолу ишсапарга барам.

- Сиз бош убакытта эмне кыласыз?

- Мен бош убакытта китеп окуйм, шахмат ойнойм, кээде сейилбакта аялым экөөбүз сейилдейбиз.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Сиз кайда иштейсиз?
2. Сиз адатта саат канчада турасыз?
3. Сиз эртең менен эмне тамак ичесиз?
4. Сиз жумушка эмне менен барасыз?
5. Жумушуңуз саат канчада башталат?
6. Сиз жумушта эмне кыласыз?
7. Саат канчада сиз үйгө келесиз?
8. Сиздин бош убактыңыз болобу?
9. Сиз иш сапарга барасызбы?
10. Сиз жыл сайын кайда эс аласыз?



***Көнүгүүлөр***

**1-көнүгүү. Берилген этиштерди учур чакта жактагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| ***Үлгү*:** | *Мен окуймун* | *Биз окуйбуз* |
| | *Сен окуйсуң* | *Силер окуйсуңар* |
| | *Сиз окуйсуз* | *Сиздер окуйсуздар* |
| | *Ал окуйт* | *Алар окушат* |

***иште, жаша, бол, жүр***.

**2-көнүгүү. Сүйлөмдөрдөгү бош жерлерди толтургула.**

1. Мен Кыргызстанда көп жылдан бери … .
2. Алар күн сайын кечинде сейилбакта … .
3. Сиз адатта саат канчада …?
4. Биз бул факультеттин экинчи курсунда … .
5. Силер кайсы ишканада …?
6. Сен бул тапшырманы … .
7. Ал дайыма мени менен … .
8. Сиздер бул адамды … ?.

***Колдонулуучу сөздөр*:** *аткарасың, сейилдешет, билесиздерби, саламдашат, жашаймын, турасыз, иштейсиңер, окуйбуз.*

**3-көнүгүү. Берилген сүйлөмдөрдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү улагыла.**

1. Мен бул университетте оку… .
2. Атам күн сайын телевизордон жаңылыктарды көр… .
3. Сиз кыргызча сүйлө…?
4. Сен адатта кандай музыканы ук…?
5. Силер ушул мекемеде иште… .
6. Биз өз өлкөбүздү сүй… .
7. Сиздер кайда бар…?
8. Балдар 7 жаштан мектепке бар… .
9. Көрсөтүү саат беште баштал… .
10. Мен ай сайын отчёт жаз… .

**4-көнүгүү. Берилген сөз айкаштары менен учур-келер чакта сүйлөм түзгүлө.**

Мен — адатта / күн сайын / дайыма

Сен — ай сайын / ар жекшембиде / жума сайын

Сиз — жыл сайын / адатта / дем алышта

Биз — саат сайын / эч качан / дайыма

**5-көнүгүү. Берилген этиштерден терс формасын жасагыла.**

***Үлгү*:** *окуймун – окубаймын*

*окуйсуң – окубайсың*

*окуйсуз – окубайсыз*

*окуйт – окубайт*

*окуйбуз – окубайбыз*

*окуйсуңар – окубайсыңар*

*окуйсуздар – окубайсыздар*

*окушат – окушпайт*

***Мен сураймын - сурабаймын, сүйлөймүн – сүйлөбөймүн*, барамын - барбаймын**

Сен ____________________

Сиз ____________________

Ал ____________________

Биз ____________________

Силер ____________________

Сиздер ____________________

Алар ____________________

**6-көнүгүү. Сүйлөмдөрдөгү кыргыз тилине которгула.**

1. Я не знаю этого человека. ____________________.
2. Он здесь не живёт. ____________________.
3. Вы не говорите по-кыргызски? ____________________.
4. Мы по субботам не учимся. ____________________.
5. Ты не в этом учреждении (мекеме) работаешь. ____________________.

6. Вы не поедете в командировку. ______________________________________.

7. Они после 18.00 не работают. ____________________________________________.

8. Вы не отдыхаете зимой в горах? ______________________________________.

**7-көнүгүү. Бош жерлерди толтургула.**

| | |
|---|---|
| Мен сүйлөшөмүн | сүйлөшпөймүн |
| Сен ____________ | ____________ |
| Сиз ____________ | сүйлөшпөйсүз |
| Ал сүйлөшөт | ____________ |
| Биз ____________ | сүйлөшпөйбүз |
| Силер сүйлөшөсүңөр | ____________ |
| Сиздер____________ | ____________ |
| Алар____________ | сүйлөшүшпөйт |

**8-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна учур-келер чактын мүчөсүн улап жазгыла.**

Мен Бишкек шаарында жаша… .

Сиз күн сайын жумушка бар… .

Анын ата-энеси айылда жаша… .

Биз дайыма китеп оку… .

Силер кайда иште…?

Ал мектепке кел… .

Сиздер саат канчада тамактан…?

Мен адатта эртең менен кофе ич… .

Биз кыргызча жакшы сүйлө… .

Сен жыл сайын Ысыккөлдө эс ал… .

**9-көнүгүү. Өзүңөрдүн күндөлүк жумуштарыңар жөнүндө айтып бергиле.**

# 13 - сабак

## ТЕМА: Сан атооч

## (имя числительное)

- **Айдай канча жашта?**
- **Айдай 12 жашта.**
- **Сиздин канча балаңыз бар?**
- **Менин үч балам бар.**
- **Сиз канчанчы кабатта жашайсыз?**
- **Биз экинчи кабатта жашайбыз.**
- **Кыргызстанда 80 (сексенден) ашык улут жашайт.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

| | |
|---|---|
| 1. Количественные: *бир, эки, он, элүү* и др. | Биздин үйүбүздө **төрт** бөлмө бар. |
| 2. Порядковые: *биринчи, экинчи, онунчу, элүүнчү* и др. | Биз **үчүнчү** кабатта жашайбыз. |
| 3. Собирательные: *бирөө, экөө, үчөө, төртөө, бешөө, алтоо, жетөө.* | Биз **экөөбүз** бул мекемеде көп жылдан бери иштеп жатабыз. |
| 4. Приблизительного подсчета: *жүздөй, жүзгө жакын, жүздөн ашык.* | Биздин мекемебизде **эки жүздөй** кызматкер иштейт. |

| | | |
|---|---|---|
| Бир – один<br>Эки – два<br>Үч – три<br>Төрт – четыре<br>Беш – пять<br>Алты – шесть | Он – десять<br>Жыйырма – двадцать<br>Отуз – тридцать<br>Кырк – сорок<br>Элүү – пятьдесять<br>Алтымыш – шестьдесять | 1995 –год – 1995-жыл (бир миң тогуз жүз токсон бешинчи жыл)<br>5 человек – 5 (беш) адам<br>5-ый человек – 5-адам (бешинчи адам) |

| | | |
|---|---|---|
| Жети – семь<br>Сегиз – восемь<br>Тогуз – девять<br>Он - десять | Жетимиш – семьдесять<br>Сексен – восемьдесять<br>Токсон – девяносто<br>Жүз – сто<br>Миң – тысяча | Около десяти – онго жакын; ондой;<br>Свыше десяти – ондон ашык; |



***Келиңиз жаттайлы***

**Канча? – сколько?, канчанчы? – который?, саат канча болду? – который час?, саат канчада? – в котором часу?, көргөзмө - выставка, шайлоо – выборы, орун – место, катар – ряд, экиден – по два, конок бөлмөсү – гостиная, уктоо бөлмөсү – спальня, ашкана – кухня, столовая, кенен – просторный, ачык-күрөң – светло-коричневый, эмерек – мебель, мында – здесь, күзгү – зеркало;**



Менин атым Жапар. Бул биздин үй. Үйүбүз он эки кабаттуу. Үйүбүздө лифт иштейт. Бул үйдө 500 ашык батир бар. Ар бир кабатта экиден батир орун алган. Биз үчүнчү кабатта бешинчи батирде жашайбыз. Биздин батирибиз чоң, жарык жана ыңгайлуу. Батирде төрт бөлмө бар. Бул конок бөлмөсү, эки уктоо бөлмөсү жана иш бөлмөсү. Батирдеги ашкана кенен жана жарык. Мында кооз ачык күрөң түстөгү ашкана эмереги бар. Кире бериш кенен, мында чоң күзгү жана кийим илгич турат. Менин бөлмөм абдан кооз жана ыңгайлуу. Бөлмөмдүн эмереги ак-кара түстө. Бөлмөмдө мага керектүү буюмдар турат. Мен бул бөлмөдө телевизор көрөм, музыка угам жана компьютерде иштейм.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Бул үй канча кабаттуу?
2. Үйдө канча батир бар?
3. Жапардын үй-бүлөсү канчанчы кабатта жашайт?
4. Жапардын батири канча бөлмөлүү?
5. Анын батиринде кайсы бөлмөлөр бар?
6. Ашкананын эмереги кандай түстө?
7. Кире берište эмне турат?
8. Жапардын бөлмөсүндө эмнелер бар?





***Келиңиз сүйлөшөлү***

❖ - Саламатсыңбы, Жапар.

- Саламатсызбы, Адилет байке.

- Кандай турасыңар, Жапар, балдарыңар кандай?

- Ыракмат, жакшы, балдарым мектепке барып жүрөт. Өзүңүздүн ден-соолугуңуз кандай?

- Жакшы, конушуңар кут болсун!

- Ыракмат, Адилет байке, Каныкей эже кандай жүрөт?

- Каныкей эжеңер иштеп жүрөт, а жаңы үйдө канча бөлмө бар экен?

-Үй беш бөлмөлүү. Бөлмөлөрү чоң жана жарык экен.

- Абдан жакшы турбайбы, короосу чоң бекен?

- Ооба, короодо бир нече түп алма, алмурут жана өрүк бар.

- Кошуналарыңар менен тааныштыңарбы?

- Ооба, эки кошунабыз менен таанышып алдык. Алар абдан жакшы адамдар экен.

- Үйүңөр биздин райондон алыспы?

- Анча алыс эмес, конокко келиңиздер.

❖ - Алло, саламатсызбы, мен жарыя боюнча чалып жатам.

- Угуп жатам.

- Бул батир кайсы райондо жайгашкан?

- Батир Манас көчөсүндө жайгашкан. Батир жаңы салынган үйдө жайгашкан.

- Канча кабаттуу үй?

- Үй тогуз кабаттуу. Бир аянтчада эки батир турат. Кире бериштеги эшик код менен ачылат.

- Батир канчанчы кабатта?

- Экинчи кабатта. Үйдүн астында машине токтотуучу жай бар.

- Батирде канча бөлмө бар?

- Батир үч бөлмөлүү.

- Батирди барып көрсө болобу?

- Албетте, качан келесиз?

- Жарым сааттан кийин.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Сиздин үйүңүз кайда турат?
2. Үйүңүздө канча бөлмө бар?
3. Бөлмөлөрү кандай?
4. Бөлмөлөрдө эмнелер бар?
5. Ашканаңыз кененби?
6. Дубалдары кандай түстө?
7. Бөлмөлөрдүн терезелери кайда карап турат?
8. Кире бериште кандай буюмдар турат?



## *Көнүгүүлөр*

**1-көнүгүү. Кашаанын ичиндеги сан атоочторду туура формада колдонгула.**

1. Имараттын (*бир*) кабатында сүрөт көргөзмөсү уюштурулуп жатат. 2. (*2007*) жылы Кыргызстандын тарыхында (*бир*) жолу парламенттик шайлоо партиялык тизме боюнча өттү. 3. Ал быйыл (*үч*) курска көчтү. 4. (*21*) март мусулмандар үчүн жаңы жыл катары майрамдалат. 5. Бул ыр кыргыз хит парадында (*эки*) орунду ээлейт. 6. Сиз (*сегиз*) кабатта жашайсызбы? 7. (*Беш*) катардагы (*алты*) жана (*жети*) орундарга отура бериңиздер. 8. (*Он*) үйдүн (*25*) батиринде жашайбыз.

**2-көнүгүү. Берилген жамдама сан атоочторду жөндөгүлө.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| А. | экөөбүз | үчөөңөр | алтоо |
| И. | ______ | ______ | ______ |
| Б. | ______ | ______ | ______ |
| Т. | ______ | ______ | ______ |
| Ж. | ______ | ______ | ______ |
| Ч. | ______ | ______ | ______ |

**3-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү улагыла.**

1. Бул китеп үчөөңөр… . 2. Тигил экөө… аттары ким? 3. Бешөөбүз… тапшырма берилет. 4. Төртөөңөр… деканатка чакырып жатат. 5. Анын агасы экөөңөр… улуу. 6. Тигил үчөө… билесизби? 7. Алтообуз… сөздүк жок.. 8. Экөөбүз… үйүбүз жакын. 9. Үчөөбүз… мугалим бир тапшырма берип жатат. 10. Бешөөңөр… президенттик стипендия берилет.

**4-көнүгүү. Бош жерлерди керектүү чамалама сан атоочтор менен толтуруп жазгыла.**

1. Акыркы маалыматтар боюнча Кыргызстанда _____________ адам жашайт.
2. Эртең саат _____________ жолугабыз.
3. Тойго _________________ киши келет.
4. Биздин өлкөдө _______________ көл бар.
5. «Манас» эпосу _______________ сап ырдан турат.
6. Дарсканада ___________________ студент отурат.
7. Бул фирмада ___________ кызматкер, ________ тейлөөчү персонал иштейт.
8. Чогулуш саат _________________ башталат.

**Колдонулуучу сөздөр:** *үч жүздөй, он бирде, беш миллиондон ашык, эки миңге жакын, жыйырмача, он экиге жакын, 500550-дөн ашык, эки жүздөн ашык, жыйырмага жакын.*

**5-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которгула.**

1. Собрание продлится до пяти часов.

______________________________________________

2. Они живут в трехкомнатной квартире.

______________________________________________

3. Я  освобожусь в шесть часов.

______________________________________________

4. Вы живёте на двенадцатом этаже?

______________________________________________

5. В Бишкеке проживают более 1 млн. человек.

______________________________________________

6. В этом доме сколько квартир?

______________________________________________

7. Этот дом построен в 2008 году.

______________________________________________

8. В городе восемь театров.

______________________________________________

**6-көнүгүү. Кашаанын ичиндеги сан атоочторго тиешелүү мүчөлөрдү улагыла.**

1. Бул (беш) батир. 2. Бүгүн (сегиз) март. 3. Бөлмөдө (он беш) адам бар. 4. Ал (төрт) кичирайондо жашайт.  5. Кыргызстанда (отуз тогуз) район бар. 6. Саат (беш) сабак бүтөт. 7. Бул дүкөндүн (эки) кабатында эмерек сатылат. 8. Мен (жыйырма беш) кабатта жашайм. 9. Асан (жыйырма). 10. Кызматкерлердин (үч) тең сыйлык алды.

# 14-сабак

## ТЕМА: Нагыз-учур чак

## (настоящее сложное время)

- **Сиз азыр эмне кылып жатасыз?**
- **Мен азыр гезит окуп жатам.**
- **Сенин атаң азыр эмне кылып жатат?**
- **Ал азыр кат жазып жатат.**
- **Айдай музыка угуп жатат.**
- **Биз кыргызча сүйлөп жатабыз.**
- **Мен сизди түшүнбөй жатам.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**Настоящее сложное время обозначает действие, происходящее в данный момент и состоит из двух глаголов:основного смыслового глагола, образованного при помощи аффиксов –ып, -ип, уп, үп, -п; и вспомогательного глагола, обладающего грамматическим значением в форме настоящего простого времени. В роли вспомогательных глаголов выступают жат, отур, тур, жүр.**

**Например: Мен китеп *окуп жатам* - Я читаю книгу.**

**Мен китеп *окуп отурамын* – Я сижу и читаю книгу.**

**Мен терезени *карап турам* - Я стою и смотрю в окно.**

**Отрицательная форма образуется при помощи аффикса –бай с его фонетическими вариантами, который присоединяется к основе смыслового глагола.**

**Например: Мен сизди түшүнбөй жатам – Я Вас не понимаю.**

**Мен бул жумада иштебей жатам - Я на этой неделе не работаю.**



### *Келиңиз жаттайлы*

**Угуп жатам – слушаю, түшүнүп жатам – понимаю, иштеп жатам – работаю, бара жатам – иду, еду (от нас), келе жатам – иду, еду (к нам), көрсөтүү – передача, ырда – петь, бийле – танцевать, сынак – экзамен, машык – заниматься (спортом), ойно – играть, көр – смотреть, шаш – торопиться, тапшыр – сдавать.**

Бул Айсулуу. Биз аны билебиз. Ал Адилет менен Каныкейдин кызы. Ал студент. Анын байкеси бар. Ал мугалим болуп иштейт. Айсулуу азыр музыка угуп отурат. Ал музыканы жакшы көрөт. Ошондой эле Айсулуу жапон тилин үйрөнүп жатат. Ал жакында Токиого окууга кетет. Анын атасы азыр жумушта. Ал отчет жазып жатат. Апасы Каныкей эже азыр конференцияда. Ал баяндама окуп жатат. Анын байкеси Адыл азыр үйүндө. Ал азыр телевизор көрүп жатат. Анын аялы азыр дүкөндөн азык-түлүк сатып алып жатат. Алардын кызы мектепте сабак окуп жатат. Алардын уулу азыр короодо балдар менен ойноп жүрөт.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Айсулуу азыр эмне кылып жатат?
2. Ал азыр кайсы тилди үйрөнүп жатат?
3. Ал эмне үчүн азыр жапон тилин үйрөнүп жатат?
4. Анын атасы азыр кат жазып жатабы?
5. Анын апасы азыр сабак өтүп жатабы?
6. Адыл азыр эмне кылып жатат?
7. Адылдын кызы короодо сейилдеп жүрөбү?
8. Адылдын уулу азыр уктап жатабы?



### *Келиңиз сүйлөшөлү*

- Саламатсыңбы, Айсулуу.
- Саламатсызбы, Жеңиш байке.
- Айсулуу сенин атаң кайда?
- Ал үйдө Самар байке менен шахмат ойноп жатат.
- Шахмат ойноп жатабы? Макул анда.
- Жеңиш байке, сиз кайда бара жатасыз?
- Мен сейилбакка бара жатам.

- Оо, кандай жагымдуу жолугушуу!
- Саламатсызбы, Актан байке, мен да сизди көргөнүмө кубанычтамын.
- Кандайсың, Самат, иштериң, ден-соолугуң кандай?
- Жакшы, өзүңүз кандай турасыз, баары жакшыбы?
- Кудайга шүгүр, баары жакшы. Кайда шашып бара жатасың?
- Жолугушууга бара жатам.
- Сен азыр эмне менен алектенип жатасың?
- Азыр мен кандидаттык диссертациямды жазып жатам.
- Азаматсың, Самат, качан жактайсың?
- Буюрса, жазында. Өзүңүз эмне иш кылып жатасыз?
- Бир чет элдик долбоор менен иштеп жатам.

Адыл мугалим. Ал сабак берип жатат. Айзат ырчы. Ал ырдап жатат. Мен куруучумун. Мен үй куруп жатамын. Менин атам айдоочу. Ал машине айдап бара жатат. Алтынай дарыгер. Ал балдарды дарылап жатат. Бул Жеңиш байке. Ал бакка бара жатат. Тигил биздин жаны кошуна Данияр. Ал аялы менен келе жатат. Апам баяндама окуп жатат. Сатуучу нан сатып жатат. Бийчи бийлеп жатат. Бул диктор. Ал жаңылыктарды айтып жатат. Бул Айдай. Ал короодо кыздар менен ойноп жатат. Бул менин иним. Ал азыр уктап жатат. Биз эсепчибиз. Биз акча санап жатабыз. Азамат жакында Англияга барат. Ал англис тилин үйрөнүп жатат.

**Суроолорго жооп бергиле**.

1. Адыл азыр эмне кылып жатат?
2. Айзат азыр эмне кылып жатат?
3. Менин атам азыр үй куруп жатабы?
4. Алтынай азыр дарылап жатабы?
5. Жеңиш байке кайда бара жатат?
6. Сатуучу эмне кылып жатат?
7. Диктор эмне кылып жатат?
8. Ким азыр англис тилин үйрөнүп жатат?



## *Көнүгүүлөр*

**1-көнүгүү. Бош орундарды толтургула.**

| | + | - |
|---|---|---|
| Мен | иштеп жатамын | ________________ |
| Сен | ________________ | иштебей жатасың |
| Сиз | ________________ | ________________ |
| Ал | иштеп жатат | ________________ |
| Биз | ________________ | ________________ |
| Силер | ________________ | ________________ |
| Сиздер | ________________ | иштебей жатасыздар |
| Алар | иштеп жатышат | ________________ |

**2-көнүгүү. Сүйлөмдөрдөгү көп чекиттин ордуна керектүү этиштерди жазгыла.**

1. Биз азыр музыка … .
2. Сиз кайда …?
3. Азыр бул өлкөдө олимпиада … .
4. Мен кызыктуу фильмди … .
5. Сахнада (на сцене) белгилүү бийчи … .
6. Сен спорт менен …?
7. Силер кайсы тилде …?
8. Студенттер азыр сынак … .
9. Сиз азыр үйгө …?
10. Балдар короодо … .

***Колдонулуучу сөздөр***: *сүйлөп жатасыңар, угуп жатабыз, келе жатасызбы, машыгып жатасыңбы, көрүп жатам, тапшырып жатышат, бара жатасыз, болуп жатат, ойноп жатышат, бийлеп жатат.*

**3-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү этиштерди нагыз-учур чакта колдонгула.**

1. Сен азыр эмне кыл ______________________?
2. Мен анын сүрөттөрүн көр ____________________________.
3. Катуурак сүйлөңүз, мен укпа _________________________.
4. Биз азыр Токмоктон кел ________________________.

5. Силер эмне шаш _________________________?

6. Анын үй-бүлөсү азыр Лондондо жаша _________________________.

7. Сиздер кайсы радиону ук ______________________________.

8. Алар азыр интервью бер _________________________.

**4-көнүгүү. Төмөнкү суроолорго туура жопторду тандагыла.**

| | |
|---|---|
| 1. Сиз кайдан келе жатасыз? | 1. Жок, алар азыр эс алууда. |
| 2. Студенттер азыр окуп жатышабы? | 2. Китепканада отурам. |
| 3. Диктор эмнелерди айтып жатат? | 3. Ооба, уктап жатат. |
| 4. Азыр жаан жаап жатабы? | 4. Шайлоо участокторунда. |
| 5. Сиз азыр кайда отурасыз? | 5. Сабактан. |
| 6. Балаңыз уктап жатабы? | 6. Ооба, жаап жатат. |
| 7. Шайлоо кайда жүрүп жатат? | 7. Нан, сүт сатып алып жатам. |
| 8. Сиз эмне сатып алып жатасыз? | 8. Ал жаңылыктарды айтып жатат. |

**5-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которгула.**


1. Чем вы сейчас занимаетесь? _________________________
2. Я готовлюсь к экзаменам. _________________________
3. Что ты пьёшь? _________________________
4. Я пью чай. _________________________
5. Вы сейчас едете домой? _________________________
6. Да, мы едем домой. _________________________
7. С кем он разговаривает? _________________________
8. Он разговаривает с президентом. _________________________
9. Дети сейчас играют во дворе? _________________________
10. Нет, они идут домой. _________________________

**6- көнүгүү. Көп чекиттин ордуна нагыз-учур чактын мүчөлөрүн улап жазгыла.**

1. Биз азыркы мезгилде кыргыз тилин үйрөн….
2. Мен азыр кыргызча сүйлө….
3. Сенин досуң азыр кайда бар…?
4. Сиз азыркы учурда ким болуп иште…?
5. Силер азыр китеп оку….
6. Менин апам азыр тамак жаса….
7. Алар түшкү тамакты ич….

8. Сиздин эжеңиз бакта сейилде….
9. Мен азыр жумушка бар….
10. Сен азыр эмне кыл…?
11. Сиз азыркы мезгилде музыка ук….
12. Анын ата-энеси азыркы мезгилде үйгө кел….
13. Биз телевизордон спектакль көр….

**7-көнүгүү. Сүрөттөр боюнча сүйлөм түзгүлө.**



Кыздар _____________, а бала ________________.



Кыздар жана балдар _________________________.



Бул чоң жигит ________________________________**.**



Бул үй-бүлө ________________________________.

**8-көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Сиз азыр эмне кылып жатасыз?
2. Сиздин ата-энеңиз азыр эмне кылып жатышат?
3. Сиз бул айда кайсы китепти окуп жатасыз?
4. Сиздин досторуңуз бул жылы эмне иш кылып жатышат?
5. Бишкекте эмне курулуп жатат?
6. Сиз бул жумадагы жаңылыктарды көрүп жатасызбы?
7. Кыргызстанда азыр кандай жаңылыктар болуп жатат?
8. Дүйнөдө азыркы мезгилде кандай жаңылыктар болуп жатат?

**9-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү которгула.**

1. Мы сейчас переводим текст.
2. Я сейчас читаю интересную статью.
3. Что вы на этой неделе читаете?
4. Они сейчас едут домой.
5. О чем вы пишете?

# 15-16 – сабак

## ТЕМА: Табыш жөндөмөсү

## (винительный падеж)

- **Мен эмне сатып алам?**
- **Мен алма, бадыраң сатып алам.**
- **Сиз кимди көрүп турасыз?**
- **Мен биздин кошунаны көрүп турам.**
- **Сиз Адылды тааныйсызбы?**
- **Ооба, мен Адылды билем.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**Табыш жөндөмө (винительный падеж) обозначает объект действия и отвечает на вопросы кимди? (кого?), эмнени? (что?).**

**Винительный падеж имеет следующие аффиксы:**

**-ны, -ни, -ну, -нү (после гласных) - суу + ну, тоо + ну;**

**-ды, -ди, -ду, -дү (после звонких согласных) – адам +ды, чай + ды;**

**-ты, -ти, -ту, тү (после глухих согласных) - китеп + ти, сабак + ты;**

**-н (после аффиксов принадлежности 3 лица) - атасы + н, сабагы + н;**

**Винительный падеж грамматически может не оформляться в следующих случаях:**

**1. если обозначает не конкретный предмет – мен гезит окуп жатам – я читаю газету, мен кофе ичпейм – я не пью кофе.**

**2. если предмет употребляется в единственном числе - нан сатып алам – куплю хлеб, сүт аласызбы? – возьмете молоко?**

**3. если слово в сочетании с глаголом образует один сложный глагол, т.е. глагол образован аналитическим путем – жооп беремин (отвечаю), суроо беремин (задаю вопрос), анализ жүргүзөмүн (анализирую).**



***Келиңиз жаттайлы***

**Кимди? – кого?, эмнени? – что? көрүп турам – вижу, асман – небо, дарак – дерево, жакшы көр – любить, ич – пить, же – есть, күрмө - пиджак, дары – лекарство, жаңылыктар – новости, сыйла – уважать, сагын – скучать, сүт – молоко, эт – мясо, сылык – вежливый, татынакай – симпатичная, шайыр – веселая, тырышчаак – усердная, кайрадан – снова, ишенем – верю;**




Бул «Береке» деген дүкөн. Ал Москва көчөсүндө жайгашкан. Бул дүкөнгө адамдар көп келет, анткени мында баары бар. Дүкөн чоң, анын ичи жарык жана таза. Мында нан азыктары, сүт азыктары, колбаса азыктары, кондитер бөлүмү, эт бөлүмү жана башка бөлүмдөрү бар. Биздин кошуналарыбыз адатта бул дүкөндөн азык-түлүк сатып алышат. Бул дүкөн эртең менен саат жетиде ачылып, кечки саат тогузда жабылат. Бул дүкөндө сылык сатуучулар иштейт. Алардын бири бул Адинай деген татынакай кыз. Ал биздин кошунабыз. Адинайды бардык кошуналар тааныйт. Ал кичи пейил, шайыр, абдан жакшы кыз. Адинай он сегиз жашта. Ал былтыр Кыргыз техникалык университеттин технологиялык факультетине тапшырып, өтпөй калган болчу. Азыр ал бул дүкөндө иштеп жатат. Эмки жылы Адинай бул окуу жайына кайрадан тапшырат, ошондуктан ал азыр даярданып жүрөт. Ал абдан тырышчаак кыз. Ал албетте максатына жетет деп ишенем.

**Суроолорго жооп бергиле**

1. «Береке» дүкөнү кайда жайгашкан?
2. Бул дүкөндүн ичи кандай?
3. Анда кандай бөлүмдөр бар?

4. Дүкөндүн иштөө мөөнөтү кандай?
5. Бул дүкөндө ким иштейт?
6. Адинай канча жашта?
7. Ал кандай кыз?
8. Адинай эмки жылы кайсы окуу жайына тапшырат?



***Келиңиз сүйлөшөлү***

1. - Кечиресиз жакын жерде азык-түлүк дүкөнү барбы?

- Ооба, тетигил тогуз кабаттуу үйдүн артында дүкөн бар.

- Ушул көчө менен түз барайынбы?

- Түз бара берсеңиз, бир кабаттуу кызыл имаратты көрөсүз, ошол дүкөн.

- Ырахмат.

- Эч нерсе эмес.

2. - Саламатсызбы, силерде койдун эти барбы?

- Ооба, канча кило аласыз?

- Мага эки кило тартып бериңизчи.

- Мына, алыңыз, акчасын кассага төлөңүз.

- Ырахмат.

3. - Саламатсыңбы, Адинай, кандайсың?

- Ырахмат, Санжар байке. Өзүңүз кандайсыз?

- Жакшы, мага бир-эки кило момпосуй тартып бересиңби?

- Абдан жакшы, кайсы момпосуйдан тартып берейин?

- Шоколаддан бир кило, мармеладдан бир кило.

- Мына, байке, алыңыз.

- Ырахмат, кызым, жакшы кал.

- Жакшы барыңыз.


4.  - Мен дүкөндөн бул күрмөнү сатып алдым.



- Абдан жакшы күрмө экен.
- Ооба, мага да жагат, ал жерден мен дагы көп кооз буюмдарды көрдүм.
- Мага белекке жакшы сувенир керек эле, ал дүкөндө сувенирлер бар бекен?
- Ал жерде сувенирлер да бар экен.
- Мен анда эртең бул дүкөнгө барамын.
- Сөзсүз бар, ал жерде кооз буюмдар көп, баасы да кымбат эмес.




### *Келиңиз жаттайлы*

**Жемиш – фрукт, жашылча – овощ, мөмө - ягода, плод, алма – яблоко, алмурут – груша, дарбыз – арбуз, коон – дыня, алча – черешня, чие – вишня, өрүк – урюк, кара өрүк – слива, жүзүм – виноград, шабдалы – персик, ашкабак – тыква, күн карама – подсолнух, жүгөрү – кукуруза, бадыраң – огурец, пияз – лук, сабиз – морковь, картөшкө - картошка, туруп – редька, чамгыр – редиска, кызылча – свекла, калемпир – перец, сарымсак – чеснок, ашкөк – зелень, жаңгак – орех, жер жаңгак – арахис, карагат – смородина, кулпунай – клубника, чычырканак – облепиха, бүлдүркөн – ежевика, козу карын – грибы, буурчак – горох, төө буурчак – фасоль.**



## *Көнүгүүлөр*

**1-көнүгүү. Берилген сөздөргө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн улагыла.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| асман… | дептер… | адам… | көл… |
| тоо… | терезе… | суу… | короо… |
| дарак… | китеп… | кат… | сүрөт… |
| атасы… | кошунасы… | үстөлү… | эжеси… |
| шаарым… | апам… | эжем… | көзүм… |

**2-көнүгүү. Кашаанын ичиндеги сөздөрдү табыш жөндөмөсүндө колдонуп жазгыла.**

1. Мен (*ата-энем…*) сыйлайм.
2. Тигил (*күрмө…*) берип коюңузчу.
3. Сиз (*чай…*) сүт менен ичесизби?
4. Куруучулар жаңы (*мектеп…*) куруп жатышат.
5. Сен кайсы (*фильм…*) көрүп жатасың?
6. Биз (*сүрөттөр…*) көрүп жатабыз.
7. Ал (Адыл…) билет.
8. Кичинекей Бакыт (балмуздак…) жакшы көрөт.
9. Ал (*чоң энеси…*) сагынып жатат.
10. Сиздер кыргыз тилиндеги (*жаңылыктар…*) көрөсүздөрбү?

**3-көнүгүү. Суроолорго сүрөт боюнча жооп бергиле.**

*1. Сиз эмнени көрүп турасыз?*

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
|  |  |  |  |  |

*2. Сиз кимди көрүп турасыз?*

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
|  |  |  |  |  |

*3. Сиз дүкөндөн кайсы буюмдарды сатып аласыз?*

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
|  |  |  |  |  |  |

| | | | |
|---|---|---|---|
|  |  |  |  |

**4-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү кайсы сөздөргө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн сөзсүз түрдө улап жазыш керек.**

1. Биз ушул күркөдөн гезит… сатып алабыз.
   Ал дайыма кыргыз тилиндеги гезиттер… окуйт.
2. Анын атасы автобус… айдайт.
   Белек №6 автобус… айдап жүрөт.
3. Мен дайыма ушул дүкөндөн нан… жана сүт… сатып алам.
   Мен апам жасаган нан… жакшы көрөм.
4. Сиз бош убактыңызда китеп… окуйсузбу?
   Сиз кандай китептер… окуйсуз?

5. Элнура музыка… угуп жатат.

Алар радиодогу музыка… угуп жатышат.

**5-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү түзгүлө.**



**Бул жүзүм. Ал таттуу. Жүзүмдөн компот жасайбыз.**



**Бул ______________________________________________.**




**Бул ______________________________________________**



**Бул ______________________________________________**



**Бул ______________________________________________**



**Бул** ______________________________________________




**Бул** ______________________________________________



**Бул** ______________________________________________

**6-көнүгүү. Сүрөттө кайсы жашылча жемиштер тартылган.**



**7-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которгула.**

1. Мы любим Кыргызстан. ______________________
2. Я сейчас делаю уроки. ______________________
3. Обычно он не кушает мед. ______________________
4. В настоящее время я изучаю кыргызский язык. ______________________
5. Ты в свободное время смотришь телевизор? ______________________
6. Вы пьёте зеленый чай? ______________________
7. Я вижу Айбека. ______________________
8. Я читаю книгу Ч.Айтматова. ______________________

**8-көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Сиз азыр кайсы китепти окуп жатасыз?
2. Сиз азыр кимди көрүп турасыз?
3. Сиз адатта эртең менен эмне ичесиз?
4. Сиз жаныбарларды жакшы көрөсүзбү?
5. Сиз адатта туулган күнүңүзгө кимдерди чакырасыз?
6. Сиз күн сайын нан, сүт, каймак сатып аласызбы?
7. Сиз балык этин жакшы көрөсүзбү?
8. Сиз кайсы жашылча-жемиштерди жебейсиз?

# 17 - сабак

## Т ЕМА: Сын атооч

- **Бул <u>кооз</u> бакча.**
- **Бул <u>абдан сулуу</u> кыз.**
- **Бул <u>кандай</u> бөлмө?**
- **Бул <u>жарык</u> бөлмө.**
- **Бул бөлмө тигил бөлмөдөн <u>чоңураак.</u>**



***Келиңиз үйрөнөлү***

*Имя прилагательное (**сын атооч**) обозначает признак, качество, свойство предмета и отвечает на вопросы **кандай? кайсы**? Имена прилагательные в кыргызском языке в отличие от имен прилагательных русского языка не изменяются по падежам, числам. Они примыкают к словам.*

*Например: <u>кызыктуу</u> китеп – интересн<u>ая</u> книга*

*<u>кызыктуу</u> фильм – интересн<u>ый</u> фильм*

*<u>кызыктуу</u> китептер – интересн<u>ые</u> книги*

*В кыргызском языке прилагательные делятся на две группы:*

*1. **Качественные** – жакшы адам (хороший человек), кызыл гүл (красный цветок), адептүү кыз (воспитанная девочка), тоголок дарбыз (круглый арбуз);*

*2. **Относительные** – шаардык китепкана (городская библиотека), жайкы эс алуу (летний отдых);*

*Качественные прилагательные имеют степени сравнения:*

1. *Сравнительная степень образуется от основы прилагательного присоединением аффиксов **-ыраак, -ирээк, -ураак, -үрөөк**; Н., жашыл – жашыл**ыраак**, ак – аг**ыраак**; **-раак, -рээк, -раак, -рөөк**; Н.. сулуу – сулуу**раак**, кара – кара**раак**, сүйрү – сүйрү**рөөк**;*
2. *Превосходная степень образуется при помощи усилительных частиц: **аябай, абдан, өтө** (очень), **эң** (самый); Н., **абдан** жакшы, **аябай** чоң, **эң** бийик;*



### *Келиңиз жаттайлы*

**Кооз – красивый (кооз китеп, бак, шаар), сулуу – красивый (сулуу аял, кыз, жигит), абдан – очень, аябай – очень, эң – самый, даамдуу – вкусный, таттуу – сладкий, бийик – высокий, жапыз – низкий, чоң – большой, кичине – маленький, узун – длинный, кыска – короткий, татаал – сложный, жеңил – легкий, муздак – холодный, ысык – горячий, жаркий, жылуу – теплый, ак – белый, кара – черный, сары – желтый, күрөң – коричневый, боз – серый, кызыл – красный, жашыл – зеленый, көк – синий, күлгүн – розовый, кызгылт-сары – оранжевый;**

Бул Адилет. Ал менин жакшы досум. Адилет «Курулуш» компаниясында экономист болуп иштейт. Ал бул компаниядагы эң мыкты адистердин бири. Ал сулуу жигит. Анын бою узун. Чачы кыска, кара. Көздөрү чоң жана күрөң. Кашы кара. Мурунy чоң эмес. Анын мүнөзү жакшы. Ал дайыма шайыр жүрөт. Адилет акылдуу, токтоо жана адептүү жигит. Ал жумушунда чоң урматка ээ. Адилет кесиптештерине дайыма пайдалуу кеңеш берет. Адилет экөөбүз ар башка жерде иштейбиз, антсе да тез-тез жолукканга аракет кылабыз. Биз бош убакытта чогуу киного, театрга же тоого барабыз. Адилет жакында Санкт-Петербургга стажировкага кетет. Адилет ал жакта бир ай болот.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Адилет кайда иштейт?
2. Адилет ким болуп иштейт?
3. Ал сулуу жигитпи?
4. Анын чачтары, көздөрү, каштары кандай?
5. Анын бою кыскабы же узунбу?
6. Адилеттин мүнөзү кандай?
7. Адилет досу менен бир компанияда иштейби?
8. Адилет менен анын досу бош убакытта эмне кылышат?
9. Ал жакында кайда кетет?
10. Ал канча айдан кийин кайра Бишкекке келет?



***Келиңиз сүйлөшөлү***

❖ - Салам, Адилет, кандайсың?

- Салам, Эркин, менде баары жайында, өзүң кандай турасың?
- Ырахмат, жакшы, бул сенин машинеңби?
- Ооба, жакында эле алдым.
- Абдан кооз экен. Кымбатпы?
- Ооба, бул машине кымбат. Жүр, офиске кир, сүйлөшөлү.
- Мейли, сен азыр бошсуңбу?
- Ооба, азыр жумушум жок. Мына, бул менин кабинетим.
- Оо, кабинетиң чоң экен.
- Кабинетим жарык, кооз жана абдан ыңгайлуу. Чай же кофе ичесиңби?
- Кофе ичем.
- Азыр алып келишет.

❖ - Саламатсызбы, Арсен байке.

- Саламатсызбы, Жамиля, кандайсыз?
- Ырахмат, жакшы, өзүңүздүн ден-соолугуңуз кандай, Саадат эже иштеп жүрөбү?
- Ден-соолук жакшы, Саадат эжең иштеп жүрөт.
- Арсен байке, таанышып алыңыз, бул менин досум, аты Самат.
- Абдан кубанычтуумун, сиз Жамиля менен чогуу иштейсизби?
- Жок мен ооруканада иштейм. Мен балдардын дарыгеримин.

❖ - Сенин досторуң көппү?

- Ооба, менин досторум көп.
- Эң жакын досуң барбы?
- Менин эки эң жакын досум бар, бири – Мирбек, экинчиси – Сергей.
- Алар сени менен чогуу окуйбу?
- Жок, Мирбек жеке ишканада кеңешчи болуп иштейт, Сергей болсо башка университетте окуйт. Анын болочок кесиби – архитектор.
- Силер канча жылдан бери достошуп жүрөсүңөр?
- Биз мектептен бери достошуп жүрөбүз.

- Силер бош убактыңарды кандай өткөрөсүңөр?

- Биз үчөөбүз бир музыкалык топто ойнойбуз.

- Силер музыкага кызыгасыңарбы?

- Ооба.



***Көнүгүүлөр***

**1 - көнүгүү. Кыргыз тилине которгула.**

красивое платье ______________________.
сладкий торт ______________________.
большой дом ______________________.
трудная задача ______________________.
голубое небо ______________________.
холодная вода ______________________.
интересная книга ______________________.
новая квартира ______________________.
жаркий день ______________________.
красный цветок ______________________.
хорошее кино ______________________.
круглый стол ______________________.

**2-көнүгүү. Белгиленген сын атоочтордун салыштырма даражасын жасагыла.**

1. Менин бөлмөм бул бөлмөгө караганда **чоң** __________. 2. Совет көчөсү Киев көчөсүнөн **узун** __________. 3. Бүгүн күн **суук** __________. 4. Кайсы көйнөк **кооз** __________, кызылыбы же көгүбү? 5. Биринчи тапшырма **татаал** __________ экен. 6. Тигил лимон **чоң** __________. 7. Менин чачым **кыска** __________. 8. Бул бут кийим **кымбат** __________ окшойт. 9. Менимче, Бактыгүл Сайрага караганда **сулуу** __________. 10. Чындыгында, бул китеп **кызыктуу** __________.

**4-көнүгүү. Берилген сын атоочтордон салыштырма, күчөтмө даражаларын жасагыла.**

*Үлгү*: *кичине → кичинерээк → абдан кичине*

кыска → __________

кызыл → __________

жапыз → __________

жылуу → __________

назик → __________


даамдуу → __________

кара → __________

муздак → __________

чоң → __________

**5- көнүгүү. Бул буюмдар, азык-түлүктөр кандай? Сын атоочтордун жардамы менен аларды сүрөттөп бергиле.**




















# 18- сабак

## ТЕМА: Чыгыш жөндөмөсү

## (исходный падеж)

- **Бул ваза эмнеден жасалган?**
- **Бул ваза хрусталдан жасалган.**
- **Сиз кимден кат алдыңыз?**
- **Мен досумдан кат алдым.**
- **Сиз кайдан болосуз?**
- **Мен Кыргызстандан боломун.**
- **Асан Адылдан эки жаш улуу.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**Чыгыш жөндөмө (исходный падеж) обозначает место, откуда исходит действие и отвечает на вопросы кимден? (от кого?), эмнеден? (из чего? от чего?), кайдан? (откуда?).**

**Исходный падеж образуется следующими аффиксами:**

**-дан, -ден, -дон, -дөн (после гласных и звонких согласных) - тоо + *дон*, үй + *дөн;***

**-тан, -тен, -тон, -төн (после глухих согласных) - мектеп + *тен,* бак + *тан*;**

**-нан, нен, -нөн (после аффиксов принадлежности 3 лица - досу + *нан*, үйү + *нөн*;**



***Келиңиз жаттайлы***

**Кимден? – от кого?, эмнеден? – от чего? из чего?, кайдан? – откуда?, жасалган – сделан, кийин – после, тартып – начиная с, бери – с, деңгээл – уровень, куят – впадает, агып чыкпайт – не вытекает, шор – соленый, тоңбойт – не замерзает, мааниси – значение, жагымдуу – благоприятный, чыңа – укреплять;**



Ысык-Көл – Кыргызстандагы кооз көлдөрдүн бири. Аны Кыргыз деңизи деп коюшат. Ысык-Көл Тескей жана Күнгөй Ала-Тоолорунун ортосунда жайгашкан. Ал деңиз деңгээлинен 1606 метр бийиктикте жатат. Ысык-Көл Кыргызстандагы эң чоң жана терең көл. Ысык-Көлгө сексенден ашык суу куят, бирок бир дагы дарыя агып чыкпайт. Көлдүн айланасы бийик тоолор менен курчалган. Көлдүн суусу шор, балким ошол себептен ал кышкы аязда да тоңбойт. Анын айланасы кооз, абасы таза, суусу адамга жагымдуу. Ошондуктан Ысык-Көлдүн айланасынын курорттук мааниси чоң. Анын курортторунда жана эс алуу үйлөрүндө жыл сайын миңдеген адамдар эс алышып, ден-соолугун чыңашат.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Ысык-Көл кайда жайгашкан?
2. Ал деңиз деңгээлинен канча метр бийиктикте жатат?
3. Көлгө канча дарыя куят?
4. Көлдүн суусу кандай?
5. Эмне үчүн Ысык-Көлдү кыргыз деңизи деп коюшат?

Ысык-Көл – Кыргызстандын бермети. Ал Кыргызстанда жайгашкан кооз көлдөрдүн бири. Ысык-Көлдүн эң терең жери – 702 метр, ал эми эң жазы жери – 60 км. Ысык-Көл Орто Азияда көлөмү боюнча биринчи орунда турат, бетинин аянты боюнча Арал деңизинен кийин экинчи орунда турат. Ысык-Көлдө форель, чабак, сазан, маринка сыяктуу балыктар бар. Көлдүн жээгинде көптөгөн курорттор, санаторийлер, эс алуу үйлөрү жайгашкан.



***Келиңиз сүйлөшөлү***



❖ - Ысык-Көл Кыргызстандагы эң кооз тоо көлдөрүнүн бири экенин билесиңби?

- Ооба, мен бул жөнүндө окуганмын.

- Аны кыргыз деңизи деп коюшат, анткени анын тереңдиги – 702 метр.

- Сен туура айтасың, ал Орто Азиядагы эң терең көлдөрдүн бири, а көлөмү боюнча ал биринчи орунда турат.

- Анын көлөмү 1738 $км^3$.

- Ысык-Көл Кыргызстандын эң кооз жеринде жайгашкан.

- Чынында көлдүн айланасы кооз, абасы адамга жагымдуу.

- Ооба, ошондуктан анын курорттук мааниси зор.

- Бул жерде көптөгөн курорттор, санаторийлер, эс алуу үйлөрү жайгашкан.

- Ысык-Көлгө жыл сайын ар кандай өлкөлөрдөн эс алуучулар келип турат.

- Ысык-Көл биздин сыймыгыбыз.

- Туура айтасың.

❖ - Кыргызстанда канча көл бар?

- Кыргызстанда эки миңге жакын көл бар. Эң чоң көлдөр – бул Ысык-Көл, Сары-Челек, Соң-Көл, Чатыр-Көл.

- Ысык-Көл кайда жайгашкан?

- Ал Түндүк Тянь-Шанда Тескей жана Күнгөй Ала-Тоолорунун ортосунда жайгашкан.

- Ысык-Көл деңиз деңгээлинен канча метр бийиктикте жатат?

- Ал 1606 метр бийиктикте.

- Көлгө канча дарыя келип кошулат?

- Ага сексенден ашык дарыя куят.

- Ысык-Көлдүн суусу кандай?

- Көлдүн суусу шор.

- Ысык-Көлдө кандай балыктар бар?

- Анда форель, сазан, маринка сыяктуу балыктар бар.

- Ысык-Көл кышында тоңобу?

- Кышында көл тоңбойт.

- Ысык-Көлдүн курорттук мааниси чоңбу?

- Албетте, чоң, анын тегерегинде көптөгөн курорттор, санаторийлер, эс алуу үйлөрү жайгашкан. Мында жыл сайын миңдеген эс алуучулар келип эс алышат.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Ысык-Көл канча метр бийиктикте жатат?
2. Анын эң терең жери канча метр?
3. Ал көлөмү боюнча Орто Азиядагы көлдөрдүн арасында канчанчы орунда турат?
4. Ысык-Көлдүн эң жазы жери канча километр?
5. Ысык-Көл кышында тоңобу?
6. Анын тегерегинде эмнелер орун алган?
7. Көлдө кандай балыктар жашайт?
8. Ысык-Көлдүн тазалыгын сактап калыш үчүн эмне кылыш керек?

**Тапшырма: Төмөнкү темалар боюнча аңгемелешиңиз.**

1. Кыргызстандын көлдөрү.
2. Ысык-Көл – бул Кыргызстандын бермети.
3. Менин Ысык-Көлдөгү эс алуум.



***Көнүгүүлөр***

**1- көнүгүү. Көп чекиттин ордуна чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн улагыла.**

1. Алар Казакстан… келишти.
2. Мен азыр радио… ыр угуп жатам.
3. Сиз жумуш… саат канчада келесиз?
4. Досум… дайыма кат алып турам.
5. Атам апам… үч жашка улуу (старше).
6. Китеп… көп маалымат аламын.
7. Сиз бул аялдама… түшөсүзбү?
8. Жемиштерди адатта базар… сатып алам.

**2- көнүгүү. Берилген сөз айкаштарын катыштырып сүйлөм түзгүлө.**

сабактан
жаздан — кийин (после)
эки жылдан

саат үчтөн
2008-жылдан — тартып (с)
кыштан

**3- көнүгүү. Сүйлөмдөрдөгү бош жерлерге тиешелүү сөздөрдү колдонуп жазгыла.**


1. Бул _______________ кийин үйгө кетем.
2. Сиз ________ кат алдыңыз?
3. Мен эмки ________ түшөмүн.
4. Силер ____________ кийин эс алууга чыгасыңар.
5. Бөлмөдө __________ башка (кроме) эч ким жок.
6. Бул китепти _______ аласыңбы?


***Колдонулуучу сөздөр***: *китепканадан, сабактан, менден, аялдамадан, кимден, эки жумадан.*

**4- көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдү чыгыш жөндөмөсүндө колдонгула.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| убакыт**…** | кат**…** | студент**…** | конок**…** |
| күркө**…** | тоо**…** | суу**…** | сурoo**…** |
| дептер**…** | сарай**…** | дүкөн**…** | көл**…** |
| жумушу**…** | бөлмөсү**…** | досу**…** | эжеси**…** |

**5-көнүгүү. Сүрөттөр боюнча сүйлөм түзгүлө.**

| |
|---|
| 1. Мен  чыгып бара жатам. |
| 2. Күзүндө  жалбырактар түшөт. |

| |
|---|
| 3.  көп маалымат аламын. |
| 4. Сиз мени  карап турасызбы? |
| 5. Биз аны күн сайын  көрөбүз. |

**6 - көнүгүү. Сүйлөмдөрдөгү бош жерлерге тиешелүү сөздөрдү койгула.**

1. Менин апам күн сайын _____ жаңылыктарды угат. (радиодон, гезиттен, интернеттен)
2. Мага дүкөндүн_____ токтотуп коесузбу? (үстүнөн, жанынан, ичинен)
3. Атам күн сайын _____ саат алтыда келет. (өргүүдөн, аялдамадан, жумуштан)
4. Мен бул күрмөнү «Айчүрөк» _____ сатып алдым. (кафесинен, дүкөнүнөн, мектебинен)
5. Биз жыл сайын _____ компот жасайбыз. (сарымсактан, бадырандан, шабдаалыдан)
6. Сиз аны кечээ _____ көргөн жоксузбу? (театрдан, радиодон, китептен)
7. Мен _____ токулган көйнөк сатып алдым. (кездемеден, жүндөн, жиптен)
8. Бир ______ кийин мен университетти бүтөм. (мектептен, аялдамадан, жылдан)

**7- көнүгүү. Сүйлмдөрдү кторгула.**

1. Этот стол сделан из пластика.
2. Через месяц мы едем на море.
3. Куда вы пойдете после работы?
4. Из дерева делают бумагу.
5. Вы будете выходить через остановку?
6. Я люблю варенье из клубники.
7. Вы когда возвращаетесь из отпуска.
8. Завтра мой отец выступает по телевидению.

- **бир жылдан кийин - через год**
- **эки жумадан кийин - через две недели**
- **бир сааттан кийин - через час**
- **саат экиден кийин - после двух часов**

# 19 – сабак

## ТЕМА: Жактама ат атоочтордун жөндөлүшү

## (склонение личных местоимений)

- **Бул <u>менин</u> иш бөлмөм.**
- **<u>Сизде</u> суроо барбы?**
- **Ал <u>сени</u> менен таанышат.**
- **Биз <u>аны</u> билбейбиз.**
- **<u>Мага</u> бул шаар жагат.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

| Атооч | **Мен** | **сен** | **ал** |
|---|---|---|---|
| Илик | менин | сенин | анын |
| Барыш | мага | сага | ага |
| Табыш | мени | сени | аны |
| Жатыш | менде | сенде | анда |
| Чыгыш | менден | сенден | андан |

| Атооч | **Биз** | **силер** | **сиз** | **сиздер** | **алар** |
|---|---|---|---|---|---|
| Илик | биздин | силердин | сиздин | сиздердин | алардын |
| Барыш | бизге | силерге | сизге | сиздерге | аларга |
| Табыш | бизди | силерди | сизди | сиздерди | аларды |
| Жатыш | бизде | силерде | сизде | сиздерде | аларда |
| Чыгыш | бизден | силерден | сизден | сиздерден | алардан |



***Келиңиз жаттайлы***

**Мен – я, менин – мой, мага – мне, мени – меня, менде – у меня, менден – от меня, мени менен – со мной, сени менен – с тобой, аны менен – с ним (с ней), кеңеш – совет, тааны – быть знакомым, окшош – похож, бакыт – счастье, сунуш – предложение, таарын – обижаться, башка – другой, кроме,**

**ишеничтүү – надежный, урматта – уважать, чогуу – вместе, кесиби – профессия, белгилүү – известный;**

Менин атым Улан. А бул Санжар. Ал менин эң жакшы досум. Ал Кыргыз медициналык академиясынын студенти. Санжар азыр алтынчы курста окуп жатат. Ал академиянын эң жакшы студенттеринин бири. Мен аны менен он беш жылдан бери достошуп жүрөм. Ал абдан ишеничтүү дос. Мен аны урматтайм. Ал мага дайыма жакшы кеңештерин берип турат, анткени ал көптү билген акылдуу жигит. Биз бош убакытта чогуу киного же сейилбакка барабыз. Санжар өзүнүн кесибин абдан жакшы көрөт. Ал болочок хирург. Санжар эмки жылы ординатураны Москвадан окуйт. Буюрса, ал бир нече жылдан кийин Кыргызстандын белгилүү көз хирургу болот деп ишенемин.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Санжар кайда окуйт?
2. Ал жакшы окуйбу?
3. Ал кандай жигит?
4. Улан менен Санжар канча жыл достошуп жүрөт?
5. Улан досу менен бош убакытта эмне кылат?
6. Санжар балдар дарыгериби?
7. Ал качан Москвага окууга кетет?
8. Ал ишеничтүү доспу?



***Келиңиз сүйлөшөлү***

❖ - Алло, саламатсызбы, Алиман эже, Улан үйдөбү?

- Саламатсыңбы, Санжар, ооба үйдө, азыр чакырам.
- Салам, Санжар.
- Кандайсың, Улан, эмне кылып жатасың?
- Телевизор көрүп отурам?
- Сен эртең бошсуңбу, жүр киного барып келели.
- Жакшы болот. Фильм саат канчада башталат?
- Кечки сеанска барабыз, фильм саат беште башталат.
- Болуптур, эртеңкиге чейин.
- Көрүшкөнчө.

❖ - Сиздин досторуңуз барбы?

- Ооба, менин эң жакын эки досум бар.

- Алар иштейби?

- Ооба, бир досум жеке ишкер, экинчи досум спортчу.

- Сиз алар менен канча жыл таанышсыз?

- Биз 20 жылдан бери достошуп жүрөбүз.

- Алар Бишкекте турабы?

- Бир досум Бишкекте жашайт, ал эми экинчи досум Пекинде.

- Ал Пекинде канча жылдан бери жашайт?

- Ооба, ал Пекинде беш жылдан бери иштеп жүрөт.

- Сиз аны менен телефондон сүйлөшүп турасызбы?

- Албетте, биз сүйлөшүп турабыз.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Сиздин досуңуз барбы?
2. Анын аты ким?
3. Ал кайда жашайт?
4. Анын үй-бүлөсү барбы?
5. Ал ким болуп иштейт?
6. Сиз аны менен канча жыл достошуп жүрөсүз?
7. Ал бош убакытта эмне кылат?
8. Сиз үчүн чыныгы дос деген эмне?



***Көнүгүүлөр***

**1-көнүгүү. Берилген ат атоочторду жөндөгүлө.**

| А. | мен | сен | ал | биз | алар |
|---|---|---|---|---|---|
| И. | … | … | … | … | … |
| Б. | … | … | … | … | … |
| Т. | … | … | … | … | … |
| Ж. | … | … | … | … | … |
| Ч. | … | … | … | … | … |

**2-көнүгүү. Кашаанын ичиндеги жактама ат атоочторду туура формада колдонгула.**

1. (Мен) оюмча, бул аябай пайдалуу кеңеш.
2. Сиз (ал) эмне деп айтасыз?
3. Биз (алар) тааныбайбыз.
4. Мен (сен) жакшы көрөм.
5. Ата-энем (мен) бакыт каалайт.
6. Эжем (сен) окшош.
7. Мен (ал) билемин.
8. Азамат (сен) салам айтып жатат.
9. (Ал) сунушу менен биз макулбуз.
10. Мен (ал) беш жаш кичүүмүн.

**3-көнүгүү. Берилген сөз айкаштары менен сүйлөм түзгүлө.**

Сени менен, менден жаш, алардын жумушу, сага окшош эмес, мени тааныбайт, андан улуу, бизди чакырат, анын досу.

**4-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна тиешелүү жактама ат атоочторду койгула.**

1. Эртең мен … менен жолугушамын. 2. Бул белек … . 3. Сиз … таарынып жатасызбы? 4. Бул жерди … башка адам билбейт. 5. Алар … күтүп турушсун, азыр келем. 6. Баласы … аябай окшош экен. 7. Менде … суроо бар. 8. Биз … үйүн билбейбиз. 9. Сиз … менен макулсузбу? 10. Бүгүн … бир да бош убакыт жок.

**Колдонулуучу сөздөр:** *мени, аны, андан, анда, сизге, мага, анын, сага*, *сени, ага*.

**5-көнүгүү. Берилген сүйлөмдөрдү которгула.**

1. Кажется, мы с вами не знакомы? Вы работаете в нашем учреждении?
2. Они каждый месяц от него получают письмо.
3. Завтра у меня не будет свободного времени.
4. Медер старше его на два года.
5. Их приглашают на вечер.
6. Вам какие цвета нравятся?
7. Ему не понравился этот фильм.
8. Нам выдают заработную плату.

# 20 - сабак

## ТЕМА: Айкын келер чак

## (Будущее определенное время)

- **Эртең айдын канчасы?**
- **Эртең  марттын жыйырма бири.**
- **Азыр кайсы жыл мезгили?**
- **Азыр жаз мезгили.**
- **Бүгүн аба-ырайы кандай?**
- **Бүгүн күн ачык, аба-ырайы жылуу.**
- **Эртең жаан жаайт.**
- **Эмдиги жылы жайында мен Ысык-Көлгө барамын.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**Будущее время глагола по своему значению и формам образования делится на три группы:**

***1. Будущее определенное время (эмне кылат?)***

***2. Будущее неопределенное (сомнительное) время (эмне кылар?)***

***3. Будущее сложное время (эмне кылганы жатат?)***

**Будущее определенное время обозначает действие, которое обязательно произойдет в будущем и образуется при помощи аффиксов –а, -е, -о, ө, -й;**

**Например: эртең бар +*а* +мын – пойду завтра, кийин жаса +*й* + мын – сделаю позже.**

**Отрицательная форма образуется путем присоединения к основе глагола аффикса –ба с его фонетическими вариантами – келемин – келбейимин, жазамын – жазбаймын.**

*ключевые слова:*

***эртең – завтра***

***бүрсүгүнү – послезавтра***

***эмки жумада – на следующей неделе***

***эмки айда – в следующем месяце***

***эмки жылы – в следующем году***

***бир сааттан кийин – через час***

***эмки дүйшөмбүдө - в следующий понедельник***



*Келиңиз жаттайлы*


**Жыл – год, ай – месяц, күн – день, жыл мезгили – время года, аба-ырайы – погода, ысык – жарко, жылуу – тепло, суук – холодно, салкын – прохладно, бүркөк – пасмурно, ачык – ясно, аяздуу – морозно, шамалдуу – ветрено, кыш – зима, кышында – зимой, жаз – весна, жазында – весной, жай – лето, жайында – летом, күз – осень, күзүндө - осенью, кар – снег, жаан, жамгыр – дождь, жаа – идти (кар жаайт – идет снег), күн тиет – светит солнце, шамал – ветер, сок – дуть, булут – облако, эри – таять, тоң – замерзать, тайгак – гололед, муз – лед;**



**Бул кыш мезгили. Кышында кар жаайт.**

**Аба-ырайы суук, жолдор тайгак болот.**

**Суулар тоңот.**




**Бул жаз мезгили.**


**Жазында айлана жашылданат.**

**Аба-ырайы жылуу болот. Кар эрийт.**

**Гүлдөр, бак-дарактар гүлдөйт.**



**Бул жай мезгили. Жайында күн ысык, аба үп болот. Адамдар жайында эс алууга чыгышат.**



**Бул күз мезгили. Күзүндө аба-ырайы суук боло баштайт. Тез-тез жамгыр жаайт. Мектептерде, университеттерде окуу башталат.**

Бир жылда төрт мезгил бар: кыш, жаз, жай, күз. Ар бир мезгил өзүнчө кооз. Кышында айлана аппак карга бөлөнөт. Бул мезгилде аба суук болуп, суулар тоңот. Күн кыска, түн узак болот. Кыш мезгилинде адамдар тоого барып, лыжи, чана тебет, балдар кар топ ойношот.

Кыштан кийин жаз келет. Жазында жаратылыш өзгөчө кооз: айлана жашыл, бак-дарактар, гүлдөр гүлдөйт. Аба-ырайы жылуу болуп, кар эрийт. Жазында байчечекей гүлдөйт. Күн узарып, түн кыскарат. Жаз майрамдарга бай. Адамдардын маанайы жакшы.

Жаздан кийин жай келет. Жайында күн бийик көтөрүлүп, жерге тик тиет. Жай мезгилинде аба ысык болот. Бул мезгилде жер-жемиштер бышат. Жай мезгилин эс алуу мезгили деп коюшат, анткени бул мезгилде окуу жайларда эс алуу башталат, адамдар өргүүгө чыгышат.

Күз мезгили ысык жайдан кийин келет. Күзүндө күндүн шооласы кыйгач тиет, аба салкын болот. Өсүмдүктөр саргаят, чөптөр куурайт. Күн бүркөк болуп, жамгыр жаайт. Бул мезгилде жер-жемиштерди жыйнап алышат. Күн кыскара баштайт. Кеч күздө кар түшөт.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Кышында аба-ырайы кандай болот?
2. Кышында адамдар эмне кылат?
3. Жазында жаратылыш кандай болот?
4. Жазында кандай майрамдар болот?
5. Эмне үчүн жазында адамдардын маанайы жакшы?
6. Жайында күн кандай тиет?
7. Жайында адамдар эмне кылат?
8. Күзүндө аба-ырайы кандай болот?
9. Күзүндө айлана кандай болуп калат?
10. Сизге кайсы жыл мезгили өзгөчө жагат?

## Нооруз майрамы

Жазында марттын жыйырма биринде Нооруз майрамы майрамдалат. Нооруз – бул мусулман калкы үчүн жаңы жыл майрамы. Нооруз деген сөз фарсы тилинен которгондо «жаңы күн» деген маанини түшүндүрөт. Нооруз жаздын, жаштыктын, эмгектин майрамы. Бул күнү адамдар татынакай кийинишип, бири-бирин куттукташат. Баардык адамдардын көңүлү куунак, жайдары болот. Бул майрамдын салттуу тамагы сүмөлөк болот. Аны түн бою даярдашат. Нооруз күнү адамдар конокко барышат, конок тосушат. Ар бир үйдө арча түтөтүшөт.

Жыйырма биринчи мартта Нооруз майрамы болот.

Нооруз – бул мусулмандардын жаңы-жылы.

Ноорузда адамдар кооз кийимдерин кийишет, конокко барышат, конок чакырышат.

Ноорузга атайын сүмөлөк же чоң көжө жасашат.

Нооруз – бул шаңдуу майрам.



***Келиңиз сүйлөшөлү***

- - Саламатсызбы, Адилет Кадырович, майрамыңыз менен!

- Саламатсызбы, Максат, сизди да майрамыңыз менен!

- Кандайсыз, Адилет Кадырович, үй-бүлөңүз кандай?

- Ырахмат, баары аман-эсен, өзүң кандай турасың?

- Баары жакшы, иштеп жүрөм. Сиз кайда бара жатасыз?

- Уулубуз Адылдын үйүнө бара жатабыз.

- Адыл азыр кайда жашап жатат.

- Ал азыр үй-бүлөсү менен «Жал» кичирайонунда жашайт, ал бизди конокко чакырган.

- Адылга салам айтып коюңуз, Адилет Кадырович дагы бир жолу майрамыңыз менен, сизге ден-соолук, ийгилик каалайм.

- Ырахмат, сага да бүт жакшы нерселерди каалайм.

- Жакшы барыңыз.

- Саламатта бол, аялыңды да майрамы менен куттуктап кой.

❖ - Келиңиздер, жыл мезгилдери тууралуу сүйлөшөлү, кимге кайсы жыл мезгили жагат, эмне үчүн?

- Мага кыш жагат, кышында менин сүйүктүү майрамым Жаңы-Жыл болот.

- Кышында суук, мага суук мезгил жакпайт, мен жылуулукту жакшы көрөм.

- Ооба, Асель, кышында күн суук, кар жаайт, жолдор тайгак болот, бирок жаратылыш абдан кооз көрүнөт, жерде аппак кар жатат, адата мен кышында тоого барып, лыжи тебем.

- Айганыш, сага кайсы жыл мезгили жагат?

- Мага жаз жагат. Жазында айлана абдан кооз, бак-дарактар бүрдөп, гүлдөр гүлдөйт.

- Ооба, жазында жаратылыш өзгөчө кооз.

- Мага да жаз жагат, анткени жазында баары кооз, майрамдар көп.

- А мен күздү жактырам, себеби күзүндө аба салкын, жаан жаайт, мен жаанды жакшы көрөм.

- Жай да жакшы мезгил, анткени жайында жер-жемиштер бышат, бизде эс алуу болот, мен адатта Ысык-Көлгө барып, сууга түшкөндү жакшы көрөм.

- Жайында аба үп болот, мен ысык аба-ырайыны жактырбайм.

- Ар бир жыл мезгили өзүнчө кооз деген сөз менен макулсуңарбы?

- Сиз туура айтасыз, бардык мезгил өз убагында болуп турса, абдан жакшы, кыш кары менен, жаз кооз гүлдөрү менен, жай эс алуу мезгили менен, күз жер-жемиши менен мага жагат.

**Тапшырма: Төмөнкү темалар боюнча талкуу жүргүзгүлө**.

1. Ар бир жыл мезгили өзүнчө кооз.
2. Ар бир жыл мезгилинин жаратылышта өзүнүн орду бар.
3. Жаз – жаңылыктын башаты.
4. Күз – бул токчулуктун мезгили.
5. Жай - өргүү мезгили.
6. Жаңы-Жыл – жаңы үмүттүн майрамы.



***Көнүгүүлөр***

**1 - көнүгүү. Берилген этиштерди айкын келер чакта жактагыла.**

| | |
|---|---|
| Мен кел ___________ | келбе _____________ |
| Сен көр ___________ | көрбө _____________ |
| Сиз айт ___________ | айтпа _____________ |
| Ал ишен __________ | ишенбе ___________ |
| Биз эс ал __________ | эс алба ___________ |
| Силер жаз__________ | жазба _____________ |
| Сиздер сура _______ | сураба_____________ |
| Алар кет __________ | кетпе _____________ |

**2 - көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү этиштерге айкын келер чактын мүчөсүн улагыла.**

1. Эртең Бишкекте жаан жаа**…** .
2. Биз эки күндөн кийин кел**…** .
3. Силер бар**…** .
4. Сиз бүгүн аны менен жолук**…** .
5. Эжем жакында күйөөгө чык**…** .
6. Бүрсүгүнү алар конок чакыр**…** .
7. Эмки жылы байкем университетти бүт**…** ?
8. Мен сизге кечинде телефон чал**…** .

**3-көнүгүү. Суроолорго оң жана терс формада жооп бергиле.**

**Үлгү:** Сиз эртең дүкөнгө барасызбы?

Ооба, барам.

Жок, барбайм.

1. Силер эмки жумада театрга барасыңарбы?

   Ооба, ____________.

   Жок, ____________.

2. Сиз эртең конокко келесизби?

   Ооба, ____________.

   Жок, ____________.

3. Сиздин ата-энеңиз жайында өргүүгө (в отпуск) чыгабы?

   Ооба, ____________.

   Жок, ____________.

4. Сен келечекте котормочу (переводчик) болосуңбу?

   Ооба, ____________.

   Жок, ____________.

5. Сенин досуң эмки айда Японияга кетеби?

   Ооба, ____________.

   Жок, ____________.

**4-көнүгүү. Бош жерлерге этиштерди туура формада колдонуп жазгыла.**

1. Бир жылдан кийин ал мектепти ________________ .
2. Эртең мен сизди ушул жерден ____________.
3. Силер менден кийин ______________ .
4. Алар эмки жылы Сочиге ______________.
5. Жекшемби күнү биз сизди театрга ______________ .
6. Сиз бир жылдан кийин эс алууга ________________ .
7. Сиздер кийинки айда отчёт ______________ .

***Этиштер***: ***күт (ждать)***, ***бүт (закончить)***, ***чакыр***, ***тапшыр (сдавать)***, ***кет***, ***чык***, ***бар.***

**5-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которгула.**

1. Хорошо, я поеду с вами завтра. ____________________
2. Ты напишешь письмо? ____________________
3. Вы завтра уезжаете? ____________________
4. Моя мама завтра не работает. ____________________
5. Мы поедем в горы. ____________________
6. Вы не забудете о встрече? ____________________
7. Вы когда приедете? ____________________
8. Они завтра не будут работать. ____________________

**6 - көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Сиз эртең эмне кыласыз?
2. Сиз эмки жайда Ысык-Көлгө барасызбы?
3. Сиз эмки жумада эмне сатып аласыз?
4. Сиз качан иш сапарга барасыз?
5. Сиз эмки айда кандай жумуштарды аткарасыз?

**7 - көнүгүү. Өзүңүздүн эртеңки күнүңүз жөнүндө айтып бериңиз.**

**Жума күндөрү:** **Биринчи күн - Дүйшөмбү**

**Экинчи күн - Шейшемби**

**Үчүнчү күн – Шаршемби**

**Төртүнчү күн – Бейшемби**

**Бешинчи күн – Жума**

**Алтынчы күн – Ишемби**

**Дем алыш күн - Жекшемби**

**Биринчи күнү - Дүйшөмбүдө**

# 21– сабак

## ТЕМА:

## ТЕМА: Арсар келер чак

## (будущее неопределенное время)

- **Сиздин кесибиңиз эмне?**
- **Менин кесибим катчы.**
- **Сиз жумушта эмне кыласыз?**
- **Мен жумушта кагаздар менен иштейм.**
- **Мен эмки айда иш сапарга кетермин.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**Будущее неопределенное (сомнительное) время (арсар келер чак) обозначает действие, которое возможно совершится в будущем, но в этом нет полной уверенности и образуется при помощи аффиксов –ар, -ер, ор, -өр, -р;**

**Например: Эртең бар +** ***ар*** **+ мын - Может быть, завтра пойду.**

**Отрицательная форма образуется путем присоединения к основе глагола аффиксов –бас, -бес, -бос, -бөс (после гласных и звонких согласных), -пас, -пес, -пос, -пөс (после глухих согласных).**

**Например: Мен, балким, жаз +бас + мын - Возможно, я не буду писать.**

| | |
|---|---|
| **Мен** жазармын – я, может быть, напишу | жазбасмын - я, может быть, не напишу |
| **Сен** жазарсың - ты, может быть, напишешь | жазбассың - ты, может быть, не напишешь |
| **Сиз** жазарсыз - вы, может быть, напишете | жазбассыз - вы, может быть, не напишете |
| **Ал** жазар - он, может быть, напишет | жазбас - он, может быть, не напишет |
| **Биз** жазарбыз - мы, может быть, напишем | жазбаспыз - мы, может быть, не напишем |
| **Силер** жазарсыңар - вы, может быть, напишете | жазбассыңар - вы, может быть, не напишете |
| **Сиздер** жазарсыздар - вы, может быть, напишете | жазбассыздар - вы, может быть, не напишете |
| **Алар** жазышар - они, может быть, напишут | жазышпас - они, может быть, не напишут |



### *Келиңиз жаттайлы*

**Кесип – профессия, жоопкерчиликтүү – ответственная, керектүү – необходимая, татаал – сложная, жөнөкөй – простая, талап кыл – требовать, эске ал – учитывать, катчы – секретарь, иш кагаздар – деловые бумаги (документы), катта – регистрировать, кол кой – подписывать, даярда – готовить, кабыл ал – принимать, унутуп кал – забыть, чал – звонить, кечик – опаздывать, күт – ждать, жолугуш – встречаться, катыш – принимать участие, сал – положить, ишкер – предприниматель, кеңешчи – советник, сүйлөш – разговаривать, келишим – договор, текшер – проверять, шарт – условие, айлык акы – заработная плата;**

Мен кичинекей бир фирмада иштейм. Кесибим боюнча катчымын. Биздин фирмабыз турмуш тиричилик техникасы менен иштейт. Биз шаардагы дүкөндөр менен соода келишимдерин түзүп, аларга чет өлкөдөн келген техниканы жеткирип беребиз. Мени менен чогуу бул фирмада сегиз адам иштейт. Алар: биздин мүдүрүбүз Максат Ишенович. Ал абдан тажрыйбалуу адис. Мээрим Авазовна деген аял биздин экономистибиз. Мээрим эже тыкан, жоопкерчиликтүү адис. Ал эми укукчу болуп Сагын Атабекович иштейт. Ал укуктук кеңештерди берет. Эсепчи болуп Аида Эсеновна иштейт, ал жаш, бирок тажрыйбалуу адис. Жарнама менеджери - Акыл Асылбекович, анын милдети биздеги товарларды жарнамалоо. Кеңешчи - Бакыт Мелисович, анын тажрыйбасы бай. Биздин айдоочу Мирбек. Ал шайыр жаш жигит. Ар барибиздин өз милдеттерибиз бар. Мен күн сайын жумушка эртең менен саат сегизде келем. Келер замат иш кагаздарын иретке келтирем. Дүйшөмбү сайын биздин мүдүрүбүз кабинетинде беш мүнөттүк жыйын өткөрөт. Ар бир жыйындын протоколун түзөм, келген кагаздарды каттайм жана аларды дареги боюнча жөнөтөм. Бизде күн сайын ар кандай жолугушуулар болуп турат. Мен жумушумда так, жоопкерчиликтүү болушум керек.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Бул кичинекей фирмада канча кызматкер иштейт?
2. Бул фирма эмне менен алектенет?
3. Фирманын мүдүрү ким?
4. Катчы күн сайын саат канчада жумушка келет?
5. Жумушка келгенден кийин ал эмне кылат?
6. Катчынын милдети кандай?
7. Катчынын жумушу оорбу же жеңилби?



***Келиңиз сүйлөшөлү***

❖ - Саламатсызбы, Асия.

- Саламатсызбы, Максат Ишенович.

- Асия, бүгүн саат экиде Москвадан иш сапар менен биздин партнерлорубуз учуп келет, аларды «Манас» аэропортунан тосуп алыш керек.

- Сиздин жардамчыңыз Алмаз байке барып тосуп келет, ал азыр жолдо келе жатат.

- Жакшы, аларга мейманканадан орун алып койдуңузбу?

- Ооба, кечээ «Достук» мейманканасынан эки бөлмө заказ берип койгом.

- Эң жакшы, саат үчкө мага жарнама менеджери менен кеңешчи келип кетсин.

- Аларга азыр телефон чалып айтып коём, дагы кандай тапшырмаларыңыз бар?

- Жаңы гезиттер келдиби?

- Алар сиздин үстөлүңүздүн үстүндө жатат.

- Ырахмат, Асия, мага бир чыны кофе жасап бериңизчи.

- Макул, азыр даяр болот.

❖ - Угуп жатам.

- Саламатсызбы, Максат Ишеновичти мүмкүнбү?

- Кечиресиз, бул ким экен?

- Мен «Беко» дүкөнүнүн администратору болом. Аты-жөнүм Асанов Бектур Бейшенович.

- Саламатсызбы, Бектур Бейшенович, Максат Ишенович азыр кеңешмеде. Кандай суроо боюнча чалып жатасыз?

- Мен жумуш боюнча чалып жатам. Кеңешме саат канчада бүтөт?

- Кеңешме бир сааттан кийин бүтөт, бирок андан кийин Максат Ишенович каржы министрлигине кетет, андан саат төрткө кайра жумушка келет.

- Анда, мен төрткө келем, чоң ырахмат.

- Саламатта болуңуз.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Сиздин кесибиңиз эмне?
2. Сиздин ишканаңызда канча адам иштейт?
3. Сиздин милдетиңиз эмне?

4. Сизге өзүңүздүн жумушуңуз жагабы?
5. Сиздин кесибиңиз адамдан кандай сапаттарды талап кылат?
6. «Ар бир кесип ардактуу» деген сөз менен макулсузбу?



***Көнүгүүлөр***

**1-көнүгүү. Кашаанын ичиндеги этиштерди арсар келер чакта колдонгула.**

**Үлгү**: Мен эртең театрга (бар___) - Мен эртең театрга барармын.

1. Эртең, балким, ал (*кел*_________).
2. Сиз бул адамды (*тааны*_____________).
3. Биз үй (*сатып ал*_____________).
4. Эмки жумада мен, балким, иш сапарга (*кет*________).
5. Сен (оку________).
6. Силер, балким ишембиде да (*иште*________________).
7. Алар бизди (*унутуп кал*_______).
8. Сиздер эртең аны (*көр*_________).
9. Иним азыр сабактан (*кел*_____________).
10. Мен сизге эртең (*чал*_________).

**2-көнүгүү. Төмөнкү этиштерди арсар келер чакта жактагыла.**

| + **(оң форма)** | - **(терс форма)** |
|---|---|
| Мен түшүн**өр**мүн | күт**пөс**мүн |
| Сен сура ________ | ук ________ |
| Сиз кечик ________ | кел ________ |
| Ал сал ________ | ал ________ |
| Биз айт ________ | сүйлө ________ |
| Силер токто ________ | жуу _______ |
| Алар даярда ________ | бер ________ |

**3-көнүгүү. Сүйлөмдөрдөгү бош жерлерге мааниси жагынан туура келген арсар келер чактагы этиштерди жазгыла.**

1. Бир аз күтө туруңуз, Самар байкем азыр ___________.
2. Балким, эртең күн суук _______.
3. Биз жарым саатка ____________.
4. Ал калп (обман) _______.
5. Ал эртең сиз менен ___________.
6. Балким, мен дагы силер менен тоого ________.
7. Бир жылдан кийин алар чет өлкөгө окууга ________.
8. Биз да бул конкурска _________.

***Колдонулуучу сөздөр:*** *катышарбыз, жолугушар, келер, айтпас, кетишер, болор, барармын, кечигербиз.*

**4-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү бүтүргүлө.**

Мен эртең ____________________________________________________.

Мен, балким, эмки айда ________________________________________________.

Биздин үй-бүлө эмки жылы ____________________________________________.

Мен беш жылдан кийин ________________________________________________.

Кыргызстан 10 жылдан кийин __________________________________________.

**5-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү которгула.**

1. Я, может быть, позвоню вам через день и дам ответ.
2. Ты, возможно, не узнаешь его, он сильно изменился.
3. Мы, вероятно, на следующей неделе отправимся в путешествие.
4. Он, наверное, опоздает на десять минут.
5. Мы через год, может быть, встретимся здесь же.
6. Может быть, к тому времени все изменится.
7. Ты, возможно, через несколько лет станешь директором нашей фирмы.
8. Вы, может быть, и забудете об этом происшествии.

**6-көнүгүү. Сүйлөмдөрдөгү бош жерлерге мааниси жагынан туура келген арсар келер чактагы этиштерди жазгыла.**

1. Алар мени бир нече жылдан кийин ________ (келишер, унутуп калышар, өзгөрүп кетишер).
2. Сиз, балким, бул жумушту менден так _______(аткарарсыз, берерсиз, кечигерсиз).
3. Балким, биз бир аз убакыттан кийин бул окуяны _______(көрбөспүз, которбоспуз, эстебеспиз).
4. Сен, балким, биз менен тоого _______ (айтарсың, чыгарсың, басарсың).
5. Мен, мүмкүн, ага быйыл __________ (турмушка чыгармын, чакырармын, тосуп алармын).
6. Кыргызстанды калкы он-жыйырма жылдан кийин он миллиондон ______(жетер, ашар, болор).
7. Мен сиздин жакшылыгыңызды эч качан _______(унутпасмын, кетпесмин, кайтып келбесмин).
8. Ал жакшы жумушка ______ (табар, кетер, орношор).

**7-көнүгүү. Төмөнкү темалар боюнча кыскача аңгеме түзгүлө.**

1. Мен он жылдан кийин.
2. Бишкек он беш жылдан кийин.
3. Кыргызстан жыйырма жылдан кийин.

# 22 – сабак

## ТЕМА: Татаал келер чак

## (будущее сложное время)

- **Адилет жакында Санкт-Петербургга кет<u>кени жатат</u>.**
- **Ал аспирантурага тапшыр<u>ганы жатат</u>.**
- **Эртең биздикине коноктор кел<u>гени жатат</u>.**
- **Сен эртең түшкө чейин <u>эмне кылганы жатасың</u>?**
- **Мен китепканага бар<u>ганы жатам</u>.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**Будущее сложное время обозначает действие, начальный этап которого может наблюдаться в момент речи и образуется при помощи аффиксов –ганы, -гени, -гону, -гөнү; -каны, -кени, -кону, -көнү, которые присоединяются к основе смыслового глагола, затем следует вспомогательный глагол *жат* с личными окончаниями.**

**Например: эртең бар + *ганы* жатамын - завтра собираюсь пойти**

| | |
|---|---|
| Мен окуганы жатамын | (Я собираюсь прочитать) |
| Сен окуганы жатасың | (Ты собираешься прочитать) |
| Сиз окуганы жатасыз | (Вы собираетесь прочитать) |
| Ал окуганы жатат | (Он (она) собирается прочитать) |
| Биз окуганы жатабыз | (Мы собираемся прочитать) |
| Силер окуганы жатасыңар | (Вы собираетесь прочитать) |
| Сиздер окуганы жатасыздар | (Вы собираетесь прочитать) |
| Алар окуганы жатышат | (Они собираются прочитать) |

**Мен жакында университетке тапшырганы жатам**

**Скоро я собираюсь поступать в университет.**

**Сен качан кеткени жатасың?**

**Когда ты собираешься уезжать.**

**Биз эмки жекшембиде тоого барганы жатабыз.**

**Мы в следующее воскресенье собираемся поехать в горы.**



***Келиңиз жаттайлы***

**Китепкана – библиотека, керектүү – необходимая, изде – искать, тап – находить, чыгарма – произведение, ыр – стихотворение, кара сөз – проза, ыр түрүндө - в стихах, жатта – учить наизусть, өздүк китепкана – личная библиотека, чогулт – собирать, көркөм адабият – художественная литература, илимий – научная, саясат жөнүндө – о политике, искусство боюнча – по искусству, тарыхый – исторический, жакшы көргөн, сүйүктүү – любимый;**



Менин байкем Адилет 22 жашта. Ал былтыр Кыргыз Улуттук Университетин артыкчылык диплому менен аяктады. Анын адистиги журналист. Ал окуп жүргөн мезгилде университеттин «Жаштык жарлыгы» деген студенттик гезитинин редакторунун жардамчысы болуп иштеген. Байкем китептерди окуганды жакшы көрөт. Анын өздүк китепканасында беш жүздөн ашык китептери бар. Алардын арасында көркөм адабият, тарыхый китептер, белгилүү инсандар жөнүндө китептер, искусство боюнча китептер бар. Ал ошондой эле ыр жазат. Адилет абдан чыгармачыл адам.

Адилет байкем жакында аспирантурага тапшырганы жатат. Ал Санкт-Петербургга кетет. Эмки жумада ал учакка билет сатып алганы жатат. Адилет эми бул шаарда үч жыл окуганы жатат. Ал телевидениеде өзүнүн автордук көрсөтүүсүн ачканы жатат. Бул көрсөтүү жаштарга арналат. Адилет үйгө жайкы эс алууда келет. Мен аны чыдамсыздык менен күтөм, анткени байкем менин жакшы кеңешчим жана досум. Адилет өз ой-максатына жетет деп ишенем, анткени ал абдан тырышчаак жана жоопкерчиликтүү жаш жигит.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Адилет кайсы окуу жайын аяктаган?
2. Анын кесиби эмне?
3. Адилеттин китепканасында кандай китептер бар?
4. Ал жакында кайда кеткени жатат?
5. Ал эмне үчүн Санкт-Петербургга барганы жатат?
6. Адилет телевидениеде иштегени жатабы?
7. Ал аспирантурада канча жыл окуйт?



### *Келиңиз сүйлөшөлү*

- Алло, Адилет, кандайсың? Ден-соолугуң, иштериң кандай?

- Баары жакшы, Замир, өзүң кандайсың?

- Менде да баары жайында. Сени жакында Санкт-Петербургга кетет деп уктум, ошол чынбы?

- Ооба, аспирантурага тапшырганы жатам. Сен өзүң кандай окуп жүрөсүң?

- Жакшы, азыр кандидаттык минимумдарды тапшырып жүрөм. Качан кеткени жатасың?

- Эмки айда. Илимий иштериң кандай жүрүп жатат?

- Азыр материал топтоп жүрөм. Жакында ишимди жаза баштайм.

- Жолукпайлыбы, шашпай сүйлөшөбүз.

- Каршы эмесмин,  эмки жумада жолугалы.

- Абдан жакшы болот. Анда көрүшкөнчө.

- Көрүшкөнгө чейин.



- Сиз китеп окуганды жакшы көрөсүзбү?

- Ооба, мен бош убакытта китеп окуйм.

- Сизге кандай китептер жагат?

- Мага тарыхый китептер жагат. Ошондой эле мен детективдерди окуганды жакшы көрөм.

- Сиздин өздүк китепканаңыз барбы?

- Ооба, бар.

- Китепканаңызда канча китеп бар?

- Китепканамда үч жүзгө жакын китебим бар.

- Сиз китептериңизди кантип чогулткансыз?

- Мен китептеримди көп жылдан бери чогултуп жүрөм. Адатта мен аларды сатып алам. Досторум, туугандарым да мага көбүнчө белекке китеп беришет.

- Сиздин китепкanaңызда кайсы тилдерде китептериңиз бар?

- Орус, кыргыз жана англис тилиндеги китептер бар.

- Китепкanaңызда энциклопедиялар, сөздүктөр барбы?

- Бир нече котормо сөздүктөр, энциклопедиялар, түшүндүрмө сөздүктөр бар.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Сиздин китепкanaңызда канча китеп бар?
2. Сизге кандай китептер жагат?
3. Сиздин китепкanaңызда кыргызча китептер барбы?
4. Сиз китептерди адатта кайдан сатып аласыз?
5. Китепкanaңызды канча жыл чогулткансыз?
6. Сиздин жакшы көргөн жазуучуңуз же акыныңыз барбы?
7. Сиз «Китеп – билим булагы» деген макалды кандай түшүнөсүз?



***Көнүгүүлөр***

**1-көнүгүү. Төмөнкү этиштерди жактагыла.**

| | |
|---|---|
| Мен кел… | Биз кел… |
| Сен оку… | Силер оку… |
| Сиз айт… | Сиздер айт… |
| Ал сатып ал… | Алар сатып ал… |

**2-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү этиштерди татаал келер чакта колдонуп жазгыла.**

1. Мен эмки жылы ушул университетке тапшыр… .
2. Апам азыр дүкөнгө бар… .
3. Сен эртең ким менен жолугуш… ?
4. Биз эмки жекшембиде тоого чык… .
5. Алтынай тамак жаса… .

6. Сиз эртең эмне кыл… ?
7. Менин досум машине сатып ал… .
8. Адилет илимий иш жаз… .
9. Алар жакында саякатка чет өлкөгө кет… .
10. Биз бул батирди сат… .

**3-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна керектүү мүчөлөрдү улап жазгыла**.

1. Асылдын уулу быйыл мектепке барганы жат… . 2. Биз дем алыш күнү конок чакырганы жат… . 3. Сен кайсы китепти сатып алганы жат… ? 4. Менин досум иш сапарга бир жумадан кийин кеткени жат… . 5. Силер кайсы үйдү сатып алганы жат…? 6. Мен сизге чындыкты айтканы жат… . 7. Алар Москвадан эмки шаршембиде учуп келгени жат… . 8. Биз жаңы имаратты курганы жат… . 9. Мен азыр тамак жегени жат… . 10. Сиз бул долбоор менен иштегени жат…?

**4-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү которгула**.

1. Я собираюсь рассказать вам об этом.
2. Они собираются посадить здесь цветы.
3. Вы когда собираетесь приехать?
4. Мой сын собирается поступить в техникум.
5. Мы летом собираемся поехать на Ысык – Куль.
6. Ты когда собираешься продать свою квартиру?
7. Мы собираемся отметить этот праздник.
8. Вы собираетесь отправить ему письмо?

**5-көнүгүү. Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.**

1. Сиз эртең түшкө чейин эмне кылганы жатасыз?
2. Сиз качан иш сапарга кеткени жатасыз?
3. Сиздин балаңыз качан мектепке барганы жатат?
4. Сиз качан өргүүгө чыкканы жатасыз?
5. Сиз өргүүдө кайда эс алганы жатасыз?
6. Сиз эртең дүкөндөрдү кыдырганы жатасызбы?
7. Сиз дем алышта эмне кылганы жатасыз?
8. Сиз быйыл эмне сатып алганы жатасыз?

**6- көнүгүү. Сүйлөмдөрдү которгула. Этиштердин учур жана келер чагын туура колдонгула.**

1. Они сейчас едут на озеро. И возможно там пробудут несколько дней. Возвращаются они только в субботу.
2. Я сейчас перевожу статью на русский язык. Возможно, через час закончу перевод. Затем я позвоню вам, будьте на связи.
3. Кого вы ждете? Я жду своего друга. Он опаздывает. Возможно, он придет через несколько минут. Я ему сейчас позвоню.
4. Мы знаем друг друга очень хорошо. Он работает в нашем учреждении уже десять лет. Возможно, в следующем году он переведется на другую работу. В следующем месяце он идет на собеседование.
5. Я сейчас отвечаю на вопрос экзаменатора. Возможно, он мне задаст несколько дополнительных вопросов. Я думаю, что отвечу на все его вопросы, так как очень хорошо подготовился по этому предмету.
6. Как долго вы работаете на этой должности? Уже несколько месяцев я руковожу этим отделом. Возможно, скоро я стану директором этой организации.

# 23 - сабак

## ТЕМА: Айкын өткөн чак

## (прошедшее определенное время)

- **Сиз кечээ эмне кылдыңыз?**
- **Мен кечээ жолугушууга бардым.**
- **Мен кечээ иштеген жокмун.**
- **Мен былтыр эс алууга август айында чыктым.**
- **Эс алуум абдан жакшы өттү.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

**Прошедшее время глагола в кыргызском языке имеет четыре формы:**

**1. Прошедшее определенное время (эмне кылды?)**

**2. Прошедшее неопределенное время (эмне кылган?)**

**3. Прошедшее неожиданное время (эмне кылыптыр?)**

**4. Прошедшее многократное время (эмне кылчу?)**

**Прошедшее определенное время (айкын өткөн чак) обозначает действие, совершенное в прошлом в определенный момент и образуется путем присоединения к основе глагола аффиксов –ды, -ди, -ду, -дү; -ты, -ти, -ту, -тү, затем следуют личные окончания глагола.**

**Например: Мен кечээ театрга бардым.**

**Отрицательная форма образуется при помощи аффикса –ба с его фонетическими вариантами – Мен кечээ театрга барбадым (барган жокмун).**

| | |
|---|---|
| **Мен** жаздым – я написал | жазбадым – не написал |
| **Сен** жаздың – ты написал | жазбадың - не написал |
| **Сиз** жаздыңыз- вы написали | жазбадыңыз - не написали |
| **Ал** жазды – он написал | жазбады - не написал |
| **Биз** жаздык – мы написали | жазбадык - не написали |
| **Силер** жаздыңар – вы написали | жазбадыңар - не написали |
| **Сиздер** жаздыңыздар – вы написали | жазбадыңыздар - не написали |
| **Алар** жазышты – они написали | жазышпады - не написали |



## *Келиңиз жаттайлы*

***Жуун – умываться, тамактан – кушать, жөнө - отправляться, созул – длиться, кайра – снова, чарча – уставать, жетекте – руководить, өргүү – отпуск, суута түш – купаться, күнгө күй – загорать, андан кийин – после этого, кээде – иногда, чыңа – укреплять;***

### Эс алуу



Жеңиш Асанович Илимдер Академиясында иштейт. Ал күн сайын эртең менен саат жетиде турат. Саат сегизге чейин жуунат, тамактанат. Андан кийин саат сегиз жарымда үйдөн чыгып, гаражга жөнөйт. Ал жерден машинесине отуруп жумушка барат. Анын жумушу саат тогуздан кечки бешке чейин болот. Анын түшкү тамагы саат он экиден бирге чейин созулат. Бул мезгилде ал ашканага барып тамак ичет. Андан кийин ал кайра кабинетине келип иштейт. Анын жумушу көп, ошондуктан ал чарчайт. Жеңиш Асановичтин бош убакыты аз, анткени ал бул академияда экономика институтун жетектейт. Адатта Жеңиш Асанович жайында өргүүгө чыгат. Ал аялы менен Илимдер Академиясынын эс алуу үйүнө барат. Бул эс алуу үйүндө алар 14 күн эс алышат. Адатта алар эс алуу үйүндө эртең менен саат сегизде туруп, жуунуп, андан кийин саат тогузга ашканага барышат. Эртең мененки тамактан кийин алар бир аз сейилдеп басышат. Кийин алар ар кандай медициналык процедураларын алышат. Алар түштө саат бирде тамактанышат. Андан кийин бир аз бөлмөдө эс алышат. Саат үчтө алар көлдүн жээгине барышат. Эки-үч саат сууга түшүп, күнгө күйүшөт. Андан кийин алар бөлмөгө барып, кечки тамакка даярданышат. Адатта кечки тамак саат жетиде башталат. Кечинде алар кино көрүшөт, кээде сейилдешет, кээде бөлмөдө эс алышат. Жеңиш Асанович жыл сайын ушул эс алуу үйүндө эс алып, ден-соолугун чыңап кетет.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Жеңиш Асановичтин жумуш күнү саат канчада башталат?
2. Ал ким болуп иштейт?
3. Ал адатта качан өргүүгө чыгат?
4. Жеңиш Асанович аялы менен кайсы эс алуу үйүндө эс алат?
5. Алар канча күн эс алышат?
6. Эс алуу үйүндө эртең мененки тамак саат канчада берилет?
7. Алар эртең мененки тамактан кийин эмне кылышат?

8. Алардын түштөн кийинки убакыты кандай өтөт?
9. Кечки тамакка саат канчада барышат?
10. Алар адатта кечинде эмне кылышат?



### *Келиңиз сүйлөшөлү*

❖ - Саламатсыздарбы.

- Саламатсыздарбы, биз жолдомо боюнча келдик.
- Кош келиңиздер! Паспортуңуздарды берип коёсуздарбы?
- Мына, алыңыз.
- Сиздердин бөлмөңүздөрдүн номуру 15. Мына бөлмөнүн ачкычы, бөлмө экинчи кабатта.
- Ырахмат. Бул жерде түшкү тамак саат канчада берилет?
- Саат бирде. Биздин эс алуу үйүбүздө бүт шарттар бар: китепкана, чач тарач, медпункт, бассейн, спорт зал, массаж бөлмөсү, кинотеатр, чоң ашкана
- Бөлмөлөрдө кандай шарттар түзүлгөн?
- Ар бир бөлмөдө ыңгайлуу керебеттер, үстөл бир нече отургучтары менен, жумшак диван эки креслосу менен, телевизор, муздаткыч, кийим шкафы, чоң күзгү, өзүнчө ванна жана даарат бөлмөлөрү бар.
- Маалыматыңызга чоң ырахмат.
- Эч нерсе эмес, эс алууңуздар жакшы өтсүн.

❖ - Сиз адатта кайсы жыл мезгилинде өргүүгө чыгасыз?

- Менин өргүүм жайында болот.
- Сиз кайда барып эс аласыз?
- Мен үй-бүлөм менен Ысык-Көлгө барып эс алам. Кээде жайлоого барабыз.
- Силер Ысык-Көлгө жолдомо менен барасыңарбы?
- Ооба, менин ишканамда бизге жолдомо берилет. Биздин өзүбүздүн эс алуу үйүбүз бар.
- Бул эс алуу үйү кайда жайгашкан?
- Ал Чолпон-Атада турат.
- Адатта канча күн эс аласыңар?
- Адатта бизге жолдомо 12 күнгө берилет.
- Силерге бул эс алуу үйүндө эс алуу жагабы?

- Ооба, жагат, анткени ал жерде жакшы шарттар түзүлгөн. Биз жарык жана кооз ашканада тамак ичебиз. Бөлмөлөрү жарык жана кенен. Эс алуу үйүнүн тегереги абдан кооз жана жашыл, балдар үчүн атайын аянтчасы бар.

- Эс алуу үйү көлдөн алыс эмеспи?

- Жок, көлгө жакын турат.

- Силер кечки убакытты кандай өткөрөсүңөр?

- Кечинде биз сейилдейбиз, кинотеатрга барабыз, караоке менен ырдайбыз, кээде бөлмөдө телевизор көрүп отурабыз.

- Былтыр силер ушул эс алуу үйүндө эс алдыңарбы?

- Ооба, эмки жылы да ошол жерде эс алганы жатабыз.

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Сиз былтыр кайсы айда өргүүгө чыктыңыз?
2. Сиз былтыр Ысык-Көлгө бардыңызбы?
3. Сиз кайсы пансионатта эс алдыңыз?
4. Сиз ал жакка жолдомо менен бардыңызбы?
5. Канча күн эс алдыңыз?
6. Сиз ким менен эс алдыңыз?
7. Сизге эс алууңуз жактыбы?
8. Сиз ал жерде эмне кылдыңыз?



***Көнүгүүлөр***

**1-көнүгүү. Жогоруда берилген тексттин мазмунун этиштин өткөн чагын колдонуп айтып бергиле.**

**Мисалы:** Жеңиш Асанович былтыр абдан көп жумуштарды жасады. Ал чынында абдан чарчады. Ал былтыр Ысык-Көлгө аялы менен барып эс алып келди. (улантыңыз………………...).

**2-көнүгүү. Берилген этиштерди жактагыла.**

| + | – |
|---|---|
| Мен белгиле ____________ | сураба ____________ |
| Сен ____________ | ____________ |
| Сиз ____________ | ____________ |
| Ал ____________ | ____________ |

Биз ____________________ ____________________

Силер ____________________ ____________________

Сиздер____________________ ____________________

Алар ____________________ ____________________

**3-көнүгүү. Белгиленген этиштерге айкын өткөн чактын мүчөсүн улагыла.**

1. Кечээ катуу шамал (сильный ветер) **бол____________**.
2. Сиз былтыр кайсы пансионатта **эс ал________**?
3. Мен бүгүн аябай эрте (рано)**тур______**.
4. Алар тапшырманы тез эле (быстро) **аткар_________**.
5. Биз азыр эле (только что) **кел________**.
6. Силер үй тапшырмасын **жаса________**?
7. Сиздер жаңылыктарды **ук____________**.
8. Сен кат **жаз____________**?
9. Апам чогулуш **өткөр (проводить)__________**.
10. Мен кечээ журналисттерге интервью **бер_________**.

**4-көнүгүү. Төмөнкү этиштерден суроолуу жана терс формаларын жасагыла.**

***Үлгү***: *барды – бардыбы? – барбады – барган жок*

Жаздым, уктады, келдик, алдыңыз.

**5-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү этиштерди айкын өткөн чакта колдонуп жазгыла.**

1. Мен эртең конокко **барамын**. – Мен кечээ конокко **бардым**.
2. Мен бир жылдан кийин университетти бүтөмүн. -
3. Ата-энем эмки жылы курортко барып эс алып келишет. –
4. Сен эртең эмне кыласың? –
5. Сиз эмки дем алышта тоого барасызбы? -
6. Менин балдарым эмки жайда лагерге барат. -
7. Мен эртең сүйлөшүүлөрдү өткөрөмүн. –
8. Кийинки айда биз өргүүгө чыгабыз. –
9. Алар эки күндөн кийин Алматыдан учуп келишет. –
10. Мен сизге эртең чалам. -

**6-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү бош жерлерди мааниси жагынан туура келген этиштер менен толуктагыла.**

1. Кечээ шамал болуп, жамгыр (барды, жаады, сокту).
2. Былтыр алар жаңы үйгө (сатып алышты, курушту, көчүп киришти).
3. Өткөн жумада биз киного (көргөн жокпуз, алган жокпуз, барган жокпуз).
4. Өткөн жекшембиде телевизордон кызыктуу көрсөтүү (жүрдү, болду, көрдү).
5. Мен жаңы эле жумуштан (келдим, бардым, бүттүм).
6. Ал кечээ сабакка (болгон жок, келген жок, кеткен жок).
7. Сен эмне ага бул тууралуу (бердиңби, кечиктиңби, айттыңбы)?
8. Былтыр кыш абдан суук (башталды, кирди, болду).

**7-көнүгүү. Белгиленген этиштерди терс формада колдонуп жазгыла.**

1. Асия былтыр окууга тапшырды.
2. Мен кечээ телевизор көрдүм.
3. Сиз өргүүгө өткөн айда чыктыңызбы?
4. Мен тамак бышырдым.
5. Биз өткөн жумада конференция өткөрдүк.

**8-көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Сиз кечээ эртең менен эмне кылдыңыз?
2. Сиз кечээ жумушка кечигип бардыңызбы?
3. Сиз кечээ түшкө чейин эмне кылдыңыз?
4. Сиз кечээ көп иштедиңизби?
5. Сиз кечээ түштөн кийин эмне кылдыңыз?
6. Сиз кечээ дүкөнгө бардыңызбы?
7. Сиз кечээ кечинде саат канчада үйгө келдиңиз?
8. Сиз кечээ конокко бардыңызбы?
9. Сиз кечээ телевизордон кайсы көрсөтүүлөрдү көрдүңүз?
10. Сиз кечээ саат канчада уктадыңыз?

# 24 – сабак

## ТЕМА: Үчүнчү жактын таандык мүчөсү уланган сөздөрдүн жөндөлүшү

## (Склонение слов с аффиксами принадлежности третьего лица)

- **Мен Бишкек <u>шаарына</u> бара жатам.**
- **Мен Бишкек <u>шаарын</u> жакшы көрөмүн.**
- **Бул делегация Казакстан <u>Республикасынан</u> келди.**
- **Бул дүкөн Байтик баатыр <u>көчөсүндө</u> жайгашкан.**
- **Кыргызстан деңиз <u>деңгээлинен</u> 1500 метр бийик жатат.**



***Келиңиз үйрөнөлү***

Существительные с аффиксами принадлежности при склонении имеют ряд особенностей. Так существительные с аффиксом принадлежности 3-го лица ед. и мн. ч., а также существительные с общим притяжательным аффиксом **-ныкы** с вариантами при склонении имеют особенности в дательном, винительном, местном и исходном падежах.

- в дательном падеже вместо **-га…, -ка**… соответственно **-на, -не, -на, нө;**
- в винительном падеже вместо **–ны…, -ды…, -ты**… соответственно **- н;**
- в местном падеже вместо **–да…, -та**… соответственно **-нда, нде, нда, ндө;**
- в исходном падеже вместо **–дан…, -тан**… соответственно **–нан, -нен, -нан, -нөн**



***Келиңиз жаттайлы***

**Маалымат – информация, эгемендүү – независимый, суверенный, чектеш – граничить, аймак – территория, чарчы – квадратный, деңиз деңгээли – уровень моря, кескин – резко, резкий, курам – состав, камты – охватывать, калк – население, расмий – официальный, бөлүн – делиться, чек ара – граница, жалпы – общий, узундугу – длина, түндүк – север, түштүк – юг, батыш – запад, чыгыш – восток.**




## Кыргызстан – менин Мекеним

Мен Кыргызстандын жаранымын. Кыргызстан – бул эгемендүү көз карандысыз мамлекет. Ал дүйнөдөгү эң чоң континентте – Евразияда жайгашкан. Кыргыз Республикасы Казакстан, Өзбекистан, Тажикистан, Кытай мамлекеттери менен чектешет. Кыргызстандын аймагы – 199,9 миң чарчы километр, анын 90% тоолуу, деңиз деңгээлинен 1500 метр бийик жатат. Анын чек арасынын узундугу 4508 км.

Кыргызстандын климаты кургак жана кескин континенталдуу. Анткени биздин өлкө деңиз деңгээлинен жогору жайгашып, океан менен деңиздерден алыс турат.

Кыргыз Республикасы жети административдик-аймактык бирдикке бөлүнөт: Чүй, Ош, Жалал-Абад, Талас, Ысык-Көл, Нарын, Баткен облустары. Ар бир облус өзүнө райондорду жана облуска кирген шаарларды камтыйт. Жалпысынан Кыргызстанда 22 шаар, 7 облус, 39 район, 430 айыл кеңештери бар.

Кыргызстанда 5 млн. ашык адам жашайт. Калкы көп улуттуу. Мында 80-ден ашык улуттун өкүлдөрү жашайт.

**Суроолорго жооп бергиле**

1. Кыргызстан кайда жайгашкан?
2. Ал кандай мамлекет?
3. Кыргыз Республикасы кайсы мамлекеттер менен чектешет?

4. Анын жалпы аянты канча километрди түзөт?
5. Кыргызстандын аймагынын канча пайызы тоолуу?
6. Кыргызстандын климаты кандай?
7. Кыргызстан канча облуска бөлүнөт?
8. Кыргызстанда канча адам жашайт?





### *Келиңиз сүйлөшөлү*

❖ - Саламатсызбы, сиз кайсы өлкөдөн болосуз?

- Саламатчылык, мен Кыргызстандан болом.

- Мен Кыргызстан жөнүндө укканмын, бирок бир да жолу анда болгон эмесмин.

- Келип конок болуп кетиңиз, бул абдан кооз жер.

- Чакырууңузга чоң ырахмат, мүмкүнчүлүк болсо, сөзсүз барам.

- Кыргызстан бул жаш мамлекет, аймагы анча чоң эмес, анын 90% тоолор түзөт.

- Демек, ал тоолуу өлкө. Менин угушумча аны экинчи Швейцария деп аташат.

- Ооба, чынында ошондой, Кыргызстандын тоолору өзгөчө кооз.

- Анын калкы канча?

- Кыргызстанда беш миллиондон ашык адам жашайт.

- Анын борбору кайсы шаар?

- Кыргызстандын борбору Бишкек, ал түндүк бөлүгүндө жайгашкан. Бул кичинекей, бирок абдан кооз жана жашыл шаар.

- Ысык-Көл тууралуу да угуп жүрөбүз. Жайында туристтер көп болобу?

- Ооба, Ысык-Көлгө жайында ар кайсы өлкөлөрдөн эс алуучулар келет. Бул көл Кыргызстандагы эң чоң жана терең көл. Мында ыңгайлуу, жайлуу эс алуу үйлөрү, санаторийлер, курорттор бар.

- Чынында да аябай кызыктуу экен.

- Конокко келиңиз, биз сизди тосуп алабыз.



❖ - Келиңиздер Кыргызстандын шаарлары жөнүндө маек куралы.

- Абдан жакшы болот. Менин билишимче Кыргызстанда 22 шаар бар.

- Ооба ошондой, ал эми Кыргызстандын эң башкы шаары – бул *Бишкек*. Ал түндүктөн орун алган. Анын аянты 12, 7 миң гектар. Анда 1 млн. ашык адам жашайт.

- Кыргызстандын шаарларынын ичинен эң байыркы шаар болуп *Ош* эсептелет. Ал түштүктө жайгашкан. Анын борборунда ыйык Сулайман тоосу орун алган.

- *Каракол* шаары Ысык-Көл облусунун илимий, өнөр-жай, маданий борбору. Шаарда орто мектептер, ооруканалар, китепканалар, бир драма театры, кинотеатрлар бар.

- *Талас* шаары болсо, Талас облусунда жайгашкан. Ал 1877-жылы негизделген. Анда Манастын күмбөзү бар.

- Ал эми *Нарын* шаары 1939-жылдан баштап облустун борбору болуп калган. Ал деңиз деңгээлинен 2037 метр бийиктикте жайгашкан.

- Булардан башка дагы көп чоң жана кичинекей шаарлар бар. Ар бир шаардын өзүнчө өзгөчөлүгү бар.



## *Көнүгүүлөр*

**1- көнүгүү. Көп чекиттин ордуна керектүү мүчөлөрдү улап жазгыла.**

1. Мен Бишкек шаары… жашайм.
2. Москва шаары... Бишкек шаары… чейин учак менен 4-5 сааттык жол.
3. Сен «Айчүрөк» дүкөнү… барасыңбы?
4. Сиздин атаңыз Илимдер Академиясы… иштейби?
5. Биз анын ата-энеси… жакшы тааныйбыз.
6. Силер бул китепти «Нур» дүкөнү… алдыңарбы?
7. Мен анын үйү… билбейм.
8. Сен кыргыз тили… сүйлөйсүңбү?
9. Сиз анын үйү… барасызбы?
10. Анын үй-бүлөсү… төрт киши бар.

**2- көнүгүү. Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.**

1. Чүй *облусунда* канча шаар бар?
2. Кыргызстан деңиз *деңгээлинен* канча метр бийик жатат?
3. Кыргыз *Республикасынын* борбору кайсы шаар?
4. Бишкектин *борборунда* кайсы белгилүү имараттар бар?
5. Бишкек *шаарында* театрлар көппү?
6. Сиз Бишкек *шаарын* жакшы көрөсүзбү?
7. Кыргызстандын кайсы *облусунда* Сары-Челек көлү жайгашкан?

**3- көнүгүү. Сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которгула.**

1. 90% территории Кыргызстана занимают горы.
2. Известный курорт Кыргызстана Жети-Огуз находится в Ысык-Кульской области.
3. В Кыргызской Республике семь областей.
4. Мы этим летом собираемся съездить в курорт Жалал-Абад.
5. Сары-Челек – самое чистое и красивое озеро Кыргызстана.

**4- көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдү жөндөгүлө.**

| | | |
|---|---|---|
| А. | анын Мекени | Совет көчөсү |
| И. | ____________ | ____________ |
| Б. | ____________ | ____________ |
| Т. | ____________ | ____________ |

Ж. ___________ ___________

Ч. ___________ ___________

**5- көнүгүү. Берилген сүйлөмдөрдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү улагыла.**

1. Ал азыр өз иш бөлмөсү… . 2. Сиз азыр кимдин чыгармасы… окуп жатасыз? 3. Менин атам эртең чоң атамдыкы… барганы жатат. 4. Бул маалыматты «Кыргыз Туусу» гезити… алдым. 5. Саламат өзүнүн кесиптештери… бул жөнүндө айткан жок. 6. Биздин ишканабыз Чүй проспекти… жайгашкан. 7. Кечиресиз, Дордой базары… кайсы унаа барат? 8. Ал досу… туулган күнү менен куттуктады. 9. Эльмира сабагы… кечигип жатат. 10. Мен анын аты… билбейм. 11. Оюндун аягы… чейин аз убакыт калды. 12. Анын иш сапары… мөөнөтү эртең бүтөт. 13. Байкем адатта жекшембиде телевизордон «Жетиген» көрсөтүүсү… көрөт. 14. Акылбек жумушу… саат беште чыгат. 15. Ал бүгүн сабагы… кийин китепканага барат.

**6 - көнүгүү. Кашаанын ичиндеги берилген сөздөрдөн туура формасын таап жазгыла.**

1. Илбирс тоонун жогорку (бийиктиктеринде, бийиктиктерине, бийиктиктеринен) жашайт. 2. Тексттин (мазмунуна, мазмунунун, мазмунун) айтып бергиле. 3. Бүгүн биз кыргыз драма (театрын, театрында, театрына) барабыз. 4. Жаңгактын (мөмөсүнүн, мөмөсүндө, мөмөсүнө) 68 пайызга жакын май бар. 5. Кыргыз жергесинин (коөздугун, коөздугуна, коөздугунун) айтып берүүгө сөз жетпейт. 6. Анын (баяндамасына, баяндамасынын, баяндамасын) темасы абдан кызыктуу экен. 7. Улуу Жибек (жолунун, жолуна, жолун) басып өтүүгө үч жыл сарпталган. 8. Биз Жети-Өгүз (курортун, курортуна, курортунда) эс алып келдик. 9. Алардын (бешөөсүнө, бешөөсүнүн, бешөөсүнөн) тең байге ыйгарылды. 10. Эртең билим (күнүн, күнүнө, күнүндө) арналган салтанат чоң залда өтөт.

**7 - көнүгүү. Сүйлөмдөрдү которгула.**

1. Вы не знаете, как проехать до Орто-Сайского рынка?

___________________________________________________________________

2. Город Бишкек столица нашего государства.

___________________________________________________________________

3. Соблюдайте чистоту нашего города.

___________________________________________________________________

4. Завтра наша группа поедет в Григорьевское ущелье.

___________________________________________________________________

5. Озеро Ысык-Куль расположено в северо-восточной части республики.

______________________________________________________________

6. Основу экономики этой страны составляет промышленность.

______________________________________________________________

7. Манеры во многом отражают внутреннюю культуру человека.

______________________________________________________________

8. В Кыргызстане проживают представители около 80 национальностей.

______________________________________________________________

**8 - көнүгүү. Берилген сөз айкаштары менен сүйлөмдөрдү түзгүлө.**

1. Башчынын кабинети____________________________________________
2. Иштин максаты________________________________________________
3. Мекеменин жетекчиси__________________________________________
4. Балдар ооруканасы____________________________________________
5. Салтанаттын башталышы________________________________________
6. Китептин автору______________________________________________
7. Мектептин мүдүрү_____________________________________________
8. Шаардын көчөлөрү_____________________________________________

**9- көнүгүү. Мамычалардагы берилген сөз айкаштарын бириктирип сүйлөм түзгүлө.**

| | |
|---|---|
| 1. Ал бүгүн досу**на** | 1. төрт эсе чоң. |
| 2. Мен бул баяндаманын корутундусу**н** | 2. байге ыйгарды. |
| 3. Атамдын жумушу**нан** | 3. эмгек сиңирген артист. |
| 4. Чыгарманын идеясы**н** | 4. кат жөнөткөнү жатат. |
| 5. Ал кыргыз искусствосу**на** | 5. бурулушуңуз керек. |
| 6. Кыргыз эли**нин** тунгуч | 6. ачып көрсөтөт. |
| 7. «Манас» эпосу ирандардын «Шах-Намеси**нен**» | 7. кайрылуу жасады. |
| 8. Сиз азыр Тыныстанов көчөсү**нө** | 8. жазып бүтө элекмин. |
| 9. Бүгүн президент телевидениеден кыргыз эли**не** | 9. алыс эмес жерде басмакана бар. |
| 10. Калыс оюндун жеңүүчүсү**нө** | 10. операсы «Айчүрөк» болгон. |

## ГРАММАТИКАЛЫК МАТЕРИАЛ

### Үндөштүк законунун таблицасы

### Таблица закона сингармонизма

| | | | |
|---|---|---|---|
| шаар+га | ***а*** | ***ы*** | - шаар + ***ым*** + ***а*** |
| мамлекет+ке | ***е*** | ***и*** | - мамлекет + ***им*** + ***е*** |
| конок+ко | ***о*** | ***у*** | - коног + ***ум*** + ***а*** |
| көлөм+гө | ***ө*** | ***Ү*** | - көлөм + ***үм*** + ***ө*** |

*Өзгөчөлүктөр*: у → ***а*** суу + ***га***

суу + ***лар***

суу + ***да***

суу + ***дан***

**Жактама ат атоочтор - Личные местоимения**

| | |
|---|---|
| Мен – Биз | Менин – Биздин |
| Сен – Силер | Сенин – Силердин |
| Сиз – Сиздер | Сиздин – Сиздердин |
| Ал – Алар | Анын - Алардын |

### Таандык мүчөлөр

### Аффиксы принадлежности

| Жактама ат тоочтор | Зат атоочтор | Таандык мүчөлөрдүн варианттары |
|---|---|---|
| Менин | чарба***м***, ат***ым*** | -м, -ым, -им, -ум, -үм; |
| Сенин | чарба***ң***, ат***ың*** | -ң, -ың, -иң, -уң, -үң; |
| Сиздин | чарба***ңыз***, ат***ыңыз*** | -ңыз, -ңиз, -ңуз, -ңүз; -ыңыз, -иңиз, -уңуз, -үңүз; |
| Анын | чарба***сы***, ат***ы*** | -сы, -си, -су, -сү; -ы, -и, -у, -ү; |
| Биздин | чарба***быз***, ат***ыбыз*** | -быз, -биз, -буз, -бүз, -ыбыз; -ибиз, -убуз, -үбүз; |
| Силердин | чарба***ңар***, ат***ыңар*** | -ңар, -ңер, -ңор, -ңөр; -ыңар, -иңер, -уңар, -үңөр |
| Сиздердин | чарба***ңыздар***, ат***ыңыздар*** | -ңыздар, -ңиздер, -ңуздар, -ңүздөр; -ыңыздар, -иңиздер, -уңуздар, үңүздөр; |
| Алардын | чарба***сы***, ат***ы*** | -сы, -си, -су, -сү; -ы, -и, -у, -ү; |

**Зат атоочтордун жөндөлүшү - Склонение существительных**

| негизи / жөндөмө | талаа | тал | кат |
|---|---|---|---|
| Атооч | талаа | тал | кат |
| Илик | талаа*нын* | тал*дын* | кат*тын* |
| Барыш | талаа*га* | тал*га* | кат*ка* |
| Табыш | талаа*ны* | тал*ды* | кат*ты* |
| Жатыш | талаа*да* | тал*да* | кат*та* |
| Чыгыш | талаа*дан* | тал*дан* | кат*тан* |

| негизи / жөндөмө | Мекен***им*** | Мекен***иң*** | Мекен***и*** |
|---|---|---|---|
| Атооч | Мекеним | Мекениң | Мекени |
| Илик | Мекеним+дин | Мекениң+дин | Мекени+нин |
| Барыш | Мекеним+е | Мекениң+е | Мекени+не |
| Табыш | Мекеним+ди | Мекениң+ди | Мекени+н |
| Жатыш | Мекеним+де | Мекениң+де | Мекени+нде |
| Чыгыш | Мекеним+ден | Мекениң+ден | Мекени+нен |

**Жактама ат атоочтордун жөндөлүшү - Склонение личных местоимений**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Атооч | **мен** | **сен** | **ал** |
| Илик | менин | сенин | анын |
| Барыш | мага | сага | ага |
| Табыш | мени | сени | аны |
| Жатыш | менде | сенде | анда |
| Чыгыш | менден | сенден | андан |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Атооч | **биз** | **силер** | **сиз** | **сиздер** | **алар** |
| Илик | биздин | силердин | сиздин | сиздердин | алардын |
| Барыш | бизге | силерге | сизге | сиздерге | аларга |
| Табыш | бизди | силерди | сизди | сиздерди | аларды |
| Жатыш | бизде | силерде | сизде | сиздерде | аларда |
| Чыгыш | бизден | силерден | сизден | сиздерден | алардан |

**Этиштердин жакталышы**

**Спряжение глаголов**

**Учур чак – Настоящее время**

| | |
|---|---|
| **Мен** жазамын – я пишу, напишу | жазбаймын - я не пишу, не напишу |
| **Сен** жазасың – ты пишешь, напишешь | жазбайсың - ты не пишешь, не напишешь |
| **Сиз** жазасыз – вы пишете, напишете | жазбайсыз - вы не пишите, не напишите |
| **Ал** жазат – он пишет, напишет | жазбайт – он не пишет, не напишет |
| **Биз** жазабыз – мы пишем, напишем | жазбайбыз – мы не пишем, не напишем |
| **Силер** жазасыңар – вы пишете, напишете | жазбайсыңар – вы не пишете, не напишете |
| **Сиздер** жазасыздар – вы пишете, напишете | жазбайсыздар – вы не пишете, не напишете |
| **Алар** жазышат – они пишут, напишут | жазышпайт – они не пишут, не напишут |

**Арсар келер чак – Будущее неопределенное время**

| | |
|---|---|
| **Мен** жазармын – я, может быть, напишу | жазбасмын - я, может быть, не напишу |
| **Сен** жазарсың - ты, может быть, напишешь | жазбассың - ты, может быть, не напишешь |
| **Сиз** жазарсыз - вы, может быть, напишете | жазбассыз - вы, может быть, не напишете |
| **Ал** жазар - он, может быть, напишет | жазбас - он, может быть, не напишет |
| **Биз** жазарбыз - мы, может быть, напишем | жазбаспыз - мы, может быть, не напишем |
| **Силер** жазарсыңар - вы, может быть, напишете | жазбассыңар - вы, может быть, не напишете |
| **Сиздер** жазарсыздар - вы, может быть, напишете | жазбассыздар - вы, может быть, не напишете |
| **Алар** жазышар - они, может быть, напишут | жазышпас - они, может быть, не напишут |

## Нагыз учур чак – Настоящее сложное время

| |
|---|
| **Мен** жазып жатамын – я пишу сейчас |
| **Сен** жазып жатасың – ты пишешь сейчас |
| **Сиз** жазып жатасыз – вы пишете сейчас |
| **Ал** жазып жатат – он пишет сейчас |
| **Биз** жазып жатабыз – мы пишем сейчас |
| **Силер** жазып жатасыңар – вы пишете сейчас |
| **Сиздер** жазып жатасыздар – вы пишете сейчас |
| **Алар** жазып жатышат – они пишут сейчас |

## Айкын өткөн чак - Определенное прошедшее время

| | |
|---|---|
| **Мен** жаздым – я написал | жазбадым – не написал |
| **Сен** жаздың – ты написал | жазбадың - не написал |
| **Сиз** жаздыңыз- вы написали | жазбадыңыз - не написали |
| **Ал** жазды – он написал | жазбады - не написал |
| **Биз** жаздык – мы написали | жазбадык - не написали |
| **Силер** жаздыңар – вы написали | жазбадыңар - не написали |
| **Сиздер** жаздыңыздар – вы написали | жазбадыңыздар - не написали |
| **Алар** жазышты – они написали | жазышпады - не написали |

## Жалпы өткөн чак - Неопределенное прошедшее время

| | |
|---|---|
| **Мен** жазганмын – я писал | Жазган эмесмин – я не писал |
| **Сен** жазгансың – ты писал | Жазган эмессиң - ты не писал |
| **Сиз** жазгансыз- вы писали | Жазган эмессиз - вы не писали |
| **Ал** жазган – он писал | Жазган эмес - он (она) не писал |
| **Биз** жазганбыз – мы писали | Жазган эмеспиз - мы не писали |
| **Силер** жазгансыңар – вы писали | Жазган эмессиңер - вы не писали |
| **Сиздер** жазгансыздар – вы писали | Жазган эмессиздер - вы не писали |
| **Алар** жазышкан – они писали | Жазышкан эмес - они не писали |

## Пайдаланылган адабияттар:


1. Абдулдаев Э. ж.б. Кыргыз тили. Педагогикалык окуу жайларынын студенттери үчүн. - Ф., 1986.
2. Азыркы кыргыз тили: Фонетика, Лексикология, Лексикография, Фразеология, Морфология, Синтаксис, Текстаануу, Лингпоэтика. - Б.: 2009.
3. Биялиев К.А. Кыргызский язык: Справочный материал / КРСУ. - Бишкек, 2000.
4. Биялиев К.А. Кыргыз тили: Жогорку окуу жайларындагы башка улуттардын студенттери үчүн окуу китеби. - Бишкек: КРСУ, 2002.
5. Дербишева З., Досоева С., Мажитова З. Тил көпүрө. Мугалимдер китеби - Б., 2005.
6. Деркембаева Б., Черикова Н., Жумалиева Р. Тилим - менин дилим. Тил үйрөнүүчүлөр үчүн окуу куралы. - «Бийиктик» - Б.: 2010.
7. Жапаров А. Азыркы кыргыз тили. Синтаксис. - Ф., 1978.
8. Сарылбекова З.С. Кыргыз тилин кырдаалдык негизде окутуу (Морфология, синтаксис). Жаңы типтеги мектептердин мугалимдери үчүн кошумча окуу куралы. - Бишкек, 2007.
9. Тургамбаева А.С., Усекова А.А. Кыргыз тили: Жогорку окуу жайларындагы баштоочу топтордун студенттери үчүн окуу китеби, 1-бөлүк. Бишкек, 2004.
10. Тургамбаева А.С., Усекова А.А. Кыргыз тили: Жогорку окуу жайларындагы баштоочу топтордун студенттери үчүн окуу китеби, 1-бөлүк. Бишкек, 2007.


Ошондой эле «Обон», «Супер инфо», «Вечерний Бишкек» деген гезиттерден жана интернеттен материалдар алынган.